Май - Июнь 2008 №3 (14),
ISSN 1694-5719


Билим булагы

# АК БАШАТ

Руханий, маданий жана адабий журнал

«Акыл сыяктуу мүлк, адеп сыяктуу мурас, илим сыяктуу шарапат болбос»
Азирети Али.

## КУРАН - АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН УЛУУ МУЖИЗАСЫ



## ЖАРАКА



## ДУБАГА МУКТАЖБЫЗ



АК БАШАТ
Руханий, маданий жана адабий журнал



АК БАШАТ
Руханий, маданий жана адабий журнал

# Ассаламу алейкум ардактуу окурмандар!

Табият уйкудан ойгонуп, жаратылыш түркүн түскө боёлуп, жадыраган жаз күнүндө кайрадан сиздер менен жолугушканыбызга абдан кубанычтабыз. Бул сандан тарта сиздер Ак Башаттын жаңы жасалгасына жана сапаттык бийиктигине күбө болосуздар..

Ак Башат журналы бул санын анык мусулман адамдын кишилик сапатына жана илим-билимге арнады. Тактап айтканда Исламдын нукура ахлагы тууралуу кеңири маалымат бергенге аракет кылдык.

Баарыбызга маалым болгондой дүйнөдө көп мезгилдерден бери мусулмандар тууралуу жаманатты, терс ой-пикирлер жаралып, мунун натыйжасында башкалардын бизге болгон ою, мамилеси өзгөрдү. Маселен, Ислам дини деген сөз айтылса, дүйнөдөгү көпчүлүктүн акылына «эреже-мыйзамы катуу, түтүнүлүшү кыйынга турган дин» келип, ал эми, мусулман дегенде «узун көйнөк кийип, селде оронгон жүдөмүш адамдын элеси» тартылат. Бул айгак түшүнүктүн жаралышына өзүбүз да күнөөлүү болуп жүрбөйлү? Албетте, күнөөлүүбүз. Маселен, айрым боордошторубуз өзүнүн диний билими, маалыматы жетишсиз болгону аз келгенсип, эл аралап жаңылыш маалыматтарды таратышат. Натыйжада мен мусулманмын дегендердин ортосунда ажырым, жарака пайда болду. Сырттан сын көз менен карап тургандарда «токсон жерден үзүлүп кетүүдөй турган дин экен» деген түшүнүк жаралды.

Биздин максатыбыз – билими тайкы, жүрүм-туруму начар пенделерге карап Исламга баа берген мекендештерибиздин түшүнүгүн туура нукка буруу. Исламды жакшылап таанугусу келгендерге анын негизги булагы саналган Куран менен сүннөттү кылдат изилдеп чыгууну сунуш кылабыз.

Ислам дининин негизги булагы, таянычы Ыйык Куран. Куранда айтылган ахлактык илим Батыштын мээсине кадалган кейиптен такыр башкача. Куран сүйүүгө, биримдикке, ынтымакка, мээримдүүлүккө, кичипейилдикке, толеранттуулукка, кайрымдуулукка, адилеттүүлүккө жана албетте, тынчтыкка чакырат. Ушу аталган жана аталбаган изгиликти жан дүйнөсүнө сиңирип, жүзүнө ашырган мусулман ашкере сылык-сыпаа, ырааккы, ишенимдүү, ийкемдүү жана жоопкерчиликтүү адамга айланат. Айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн сый-урматына, сүйүүсүнө арзыйт.

Дүйнөдө Исламчалык мыкты адеп-ахлакка маани берген бир да дин, бир да система жок экендиги кашкайган чындык. Буга Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам): «Ислам – бул изги ахлак» деген накыл сөзү далил.

«Ахлагы мыкты пенде момун мусулмандардын эң ыймандуусу жана жакшысы», «Ахлагы мыктылар мен үчүн абдан сүйкүмдүү жана булар кыяматта мага эң жакын турушат» деген хадистер, ахлактуулуктун эки дүйнөлүк маанисин даана чагылдырып турат.

Адилеттүүлүк, ибадатка бектик, кечиримдүүлүк, кичипейилдик, ата-энеге сый-урмат кылуу, моюн сунуу, сүйүү, биртуугандык, тынчтык, ишенимдүүлүк, тактык, биримдик, жакшылык, кайрымдуулук, ар-намыс, ариет, жоомарттык, берешендик, ынтымак, жылмайыңкы жүз, жагымдуу сөз, таза жүрөк өңдүү изги ахлакка чакырган жана заалымдык, адилетсиздик, текеберлик, кызганчаактык, бирөөнүн артынан сөз агытуу, бузукулук, зыкымдык, өзүмчүлдүк, кекчилдик, кара ниеттик, ысрапкорчулук, кутумдук сыяктуу жаман жоруктарга тыю салган көптөгөн аяттын бар экендиги Курандын адеп-ахлакка канчалык деңгээлде маани бергендигин айгинелеп турат.

Кадырлуу окурмандар!

Куран эң алгач «Оку!» деген аят менен келе баштаган. Андыктан, бул сандагы экинчи негизги теманы илимге багыштадык. Ислам дининин илимге көз карашы, илимге чакырыгы тууралуу макалаларды окуй аласыздар.

Ырым-жырымга жык толгон жашоо таризи бизди эч качан туура дарекке «сыратал мустакимге» алып барбайт. Ошондуктан, дүйнөлүк илим-билимди да, диний билимди да күчтүн жетишинче алуу зарыл.

Урматуу мекендештер!

Үстүбүздөгү май айы майрамдарга бай. Атап айтсак, 1-май эмгекчилердин эл аралык майрамы, 5-май конституциянын кабыл алынган күнү, 9-май Улуу Жеңиш майрамы.

Андыктан, баарыңыздарды аталган майрамдар менен чын дилден куттуктайбыз! Ылайым оорубаңыздар, жалаң гана жакшылыктын, биримдиктин кучагында Алланын алдындагы милдеттерибизди өтөп жүрө берели!

Терең урматтоо менен Акылбек Халбеков.



www.akbashat.kg

АК БАШАТ
Руханий, маданий жана адабий журнал
Май - Июнь 2008 №3 (14),

Журнал ээси:
"Bashak" ЖЧК

**Редакциялык жамаат:**

**Башкы редактор:**
Акылбек Халбеков
**Жооптуу редактор:**
Абдуррахим Молдогазиев
**Дизайнер:**
Руслан Аруунов
**Редакциялык кеңеш:**
Кенжебек Чыйбылов
Шамшидин Маматкулов
Бакыт Жунусалиев

Журнал КР Адилет министрлигинде катталган.
Каттоо күбөлүгү №1125.
Журналга келген кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Журналга жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Журнал редакциянын компьютердик борборунда даярдалды.

"Из-Басма" басмаканасында басылды
Бишкек шаары,
Шабдан Баатыр көчөсү 4-б

тел: (312) 531125, 533312
www.akbashat.kg, akbashat@yahoo.com,
akbashat@islam.kg



Урматтуу окурмандар!
Ак Башатта аят, хадистер жана Алла Тааланын ыйык ысымдары болгондуктан, журналды ыплас жерлерге таштабаңыздар!

# Мазмуну

**Хидает Айдар**
Арашан гуманитардык институтунун телология факультетинин деканы,
тафсир илимдеринин доктору, профессор
**АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУ ТЕЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**....3
**Неждет Тосун**
Тасаввуф илимдеринин доктору
ТАРБИЯЛЫК МААНИДЕГИ ИКАЯЛАР....5
**Шамшидин Маматкулов**
ХАЛИФА ХАРУН РАШИД....6
**Ак Башат казынасынан**
ИДРИС ПАЙГАМБАР....9
**Ак Башат казынасынан**
АЛ-КУДДУС....9
**Фархат Юсупов**
КУРАН - АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН УЛУУ МУЖИЗАСЫ....10
**Кенжебек Чыйбылов**
ИСЛАМ ДИНИНИН ИЛИМГЕ БЕРГЕН МААНИСИ....12
**Нуруллах Абулкасым**
ДУБАГА МУКТАЖБЫЗ....14
**Надырбек Алымбеков.**
МЭЭРИМИНДИ МЕНДЕЙДЕН АЯБАЧЫ....15
**Мураталиев Сабыр**
ИМАМ АЛ-МАТУРИДИНИН «ТААВИИЛАТУЛ-КУРАН» АТТУУ ЭМГЕГИ....16
**Назира Садыева**
БАТЫШТА МУСУЛМАН АЯЛЗАТЫНА ОҢ КАРАГАНДАР ДА БАРБЫ?....18
БИЗГЕ АЙТЫЛГАН НАСААТТАР....19
**Улуттук казынадан**
КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ (1785-1855)....20
**Абдуррахман Хачкалы**
Фикх илимдеринин доктору
МАРКУМ ЖАНА ЖАНАЗА НАМАЗЫ....22
**Осман Нури Топбаш**
АМАНАТКА БЕК БОЛУУ....24
**Бакытбек Коңурбаев**
СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ....26
**Насыпбек Асанбаев**
СОЛ ЖАГЫМ СЫЗДАЙТ, АПА!....27
**Акылбек Баатыр уулу**
СЫЙКЫРЧЫЛЫК....28
**Данияр Мурадилов**
ЖИН ААЛАМЫ....30
**Акматова А.А.**
Арашан гуманитардык институтунун теология факультетинин доценти
УЛУТТУК САЛТ- РУХАНИЙ БАЙЛЫК....32
БИР СУРОО....34
**Асан Саипов**
Имам БУХАРИ....36
**Айдоган Калабалык**
АЗЕРБАЙДЖАН....38
**Акылбек Халбеков**
ЖАРАКА....40
**Токонов Кубанычбек**
ЧЫЛЫМ ЧЕГҮҮ КӨЙГӨЙҮ....42
**Эркинбек Кудабаев**
ТАМЕКИ БЕРЧИ....43
**Бакыт Жунусалиев**
АДАМДАР ДҮЙНӨСҮ....44
КАБАРЛАР....46
СААМАЛЫК....47

# АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУ ТЕЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



**Хидает Айдар**
Арашан гуманитардык институтунун Телология факультетинин деканы, Тафсир илимдеринин доктору, профессор

Кыргызстандагы ири университеттердин бири болгон Ош Мамлекеттик университетинин карамагындагы Арашан гуманитардык институтунун теология факультети Аламүдүн районундагы Арашан айылында жайгашкан. Аталган айыл Бишкек шаарынан 15 чакырым узакта, тоо этегиндеги өтө кооз табияттын кучагынан орун алган. Биздин факультет 2000-2001- окуу жылынан бери кыргыз жаштарына руханий жактан тарбия берип келет.

Үч кабаттуу имаратта көптөгөн окуу класстар, мугалимдер бөлмөсү, көп сандагы китептерди камтыган китепкана, бир компьютердик класс жана конференц залы бар.

Ошондой эле студенттер менен кынтыксыз баарлашып кете ала турган жана алардын дагы да мыкты деңгээлге жетиши үчүн жандилден кызмат кылып келе жаткан ынтымактуу жамаатыбыз бар. Окутуучулар жамааты тийиштүү багыттар боюнча бийик жетишкендиктерди багынткан жаш мугалимдерден турат.

Мугалимдердин арасында Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин ортосундагы билим берүү жаатында түзүлгөн келишимдин негизинде Түркиядан келген диний билимдердин адистери бар. Булар Түркиядагы ЖОЖдордон теология багыты боюнча докторлук наамды алышкан билимдүү адамдар болуп саналат.

Башка университеттерде окутулган мамлекеттик стандарттагы гуманитардык сабактар жана табият таануу сабактары менен бирге кесиптик сабактар бизде да окутулат. Факультетибизде билим берүү негизинен кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт. Кыргыз студенттерге түрк тили сабагы «ТӨМЕР» аттуу түрк тилин үйрөтүү боюнча чоң ийгиликке жетишкен уюмунан келген түрк мугалимдер тарабынан, арап тили Египеттик арап окутуучу менен арап өлкөлөрүндө окуп келген кыргыз окутуучулары тарабынан, англис тили чет тили факультетин бүтүрүп, чет өлкөлөрдөн тажрыйба топтоп келген окутуучу тарабынан, ал эми орус тили орус улутундагы окутуучу тарабынан окутулат. Сабактан тышкаркы бош убактарда студенттер үчүн аталган тилдер боюнча атайын курстар ачылган. Тилдер жана башка сабактар темаларга жараша заманбап технологиянын жардамы менен жемиштүү өтүлүп келүүдө.

Факультетибиздин алгы максаты – кыргыз элинин каада-салт, үрп-адатына, элине, мекенине жана адам баласына кызмат кылуудан эч жазбаган, улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат кылган аракетчил дин аалымдарын тарбиялоо. Теологиялык билим берүү дегенде Ислам дини баш болгон башка диндер жана ишенимдер, булардын тарыхтары, ишеним негиздери жана иш-аракеттери сыяктуу жагдайлар акылга келет. Биз бул окуу жайда бардык диний маселелерди, теологиялык билимдерди мыкты өздөштүргөн инсандарды өстүрүүнү максат кылып келебиз. Кыргызстанда жашаган элдердин дээрлик көпчүлүгү мусулман болгондуктан студенттерге



АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУНУН ТЕЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ
Биздин факультет 2000-2001- окуу жылынан бери кыргыз жаштарына руханий жактан тарбия берип келет.

Ислам илимдерин билимдерди жетиштүү түрдө үйрөтүүгө басым жасалган.

Дүйнөдө бүгүнкү күндө динди курал катары колдонуп нечендеген террорлорду уюштурган үлкөн топтор бар экендиги жалпыга маалым. Биз ыйманы бар адамдардын андай топторго курал болуп беришинин негизги себебин караңгылык деп билебиз. Биз студенттерибизге ушундай маселелерди түшүндүрүү, дин Исламды нукура булактарга таянуунун негизинде үйрөтүүнүн арты менен жогоруда айтылган чоң башаламандыктын алдын алууну көздөйбүз. Биздин факультетти бүтүргөндөр өлкөнүн дин иштер башкармалыгынын жолдомосу аркылуу эл менен тыгыз иштей алышат.

Ошондой эле, окууну каалаган жаштардын кыргыз элинин каада-салт жана үрп-адаттарын, улуттук баалуулуктарын, таалим-тарбиялык эрежесин билиши биз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Студенттерибиздин бул жерден алган билиминин жетеги менен өз өлкөсүнө мекенчил, өлкө мыйзамына сыйчыл, ата-энесине жана улууларга урмат кылган, айлана-чөйрөсүнө сүйүү бапестеген дүйнө таанымы кенен инсан болушун каалайбыз. Ошондуктан, ар кандай аша чапкандыктан алыс, динди эч убакта саясий пайда үчүн колдонбогон, заманбап техниканы колдоно билген аң-сезимдүү студенттерди тарбиялоо максатында окуу иштерин жүргүзүп жатабыз.

Жыйырма биринчи кылымдын талабына ылайык диний билимдерди окутуу сыяктуу эле информатика сабагына да маани берилүүдө. Информатика сабагын бул тармакта тажрыйбалуу окутуучу өтөт. Лабораториябыздагы компьютерлердин баары белгиленген программанын негизинде иштейт. Интернеттик байланыш студенттерибиз үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдүн бири болуп саналат. Студенттер интернет жана атайын даярдалган программалар аркылуу билимин өркүндөтүп, дүйнөлүк кабарлардан маалымат ала алышат. Айрыкча студенттер үчүн конференц залга түрдүү каналдардан тарткан телевизор жана DVD коюлган.

Кыскасын айта турган болсок, факультетибизде окуган ар бир студент бул жердеги эреже-мыйзамдарга баш ийип, талыкпай окуса, жетик инсан болуп чыгаарында шек жок. Биздин студенттер өз эне тилинен башка дүйнөдө көпчүлүк тарабынан колдонулган төрт тилди үйрөнүп, компьютерди колдо билген, ар бир укканын жана көргөнүн туура талдап, туура жоромолдой алган, диний маалыматтарды негизги түпкү булактардан таба алган жана эл менен оңой баарлаша алган акыл көрөңгөлүү адам болуп турмушка кадам таштайт.

Кыргызстандагы элге белгилүү илимпоздор жана динаятчылар маал-маалы менен чакырылып, факультетибизде конференция беришет. Мындан тышкары факультеттин өзүндөгү мугалимдер да учурдун талабына ылайык түрдүү темаларда конференция беришет.

Факультетибизде спорттун түрлөрү боюнча да машыгуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Студенттер факультеттин жатаканасында жатышат. Жатакана Арашан суусунун жээгинде, бак-дарактын арасында жайгашкан. Бул жер ошол эле учурда Кыргызстан жазуучуларынын эс алуучу жайы катары да кызмат кылып келет. Студенттерге үч маал ысык тамак берилет. Айнектей мизилдеген таптаза жатаканада студенттер үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Бизде билим берүү да, бардык шарттарды камтыган жатакана да акысыз. Ашкана кызматынын жигердүү иштеши үчүн гана аз өлчөмдө студенттерден акча алынат.

Бүтүрүүчүлөрүбүздүн айрымдары Кыргызстандын ЖОЖдорунда түрдүү илим багытында аспирантурада окуп жатышат. Айрымдарына Түркиянын кээ бир ЖОЖдорунда аспирантурада окуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Азыркы учурда кээ бир бүтүрүүчүлөр Түркияда аспирантурада окуп жатышса, кээ бири Хасаки тарбия борборунда жогорку дин илимдерин алып жатышат.

Биздин бүтүрүүчүлөрүбүз мектептерде “адеп” сабагы боюнча мугалим, медреселерде окутуучу боло алышат. Ошондой эле муфтияттын карамагында казылык, имамдык кызматтарды аркалай алышат.

Бүтүрүүчүлөрдүн кээ бири факультетибизде окутуучу жана асистент болуп иштеп жатышса, айрымдары эркин котормочу болуш иштеп келишет. Калган бүтүрүүчүлөрүбүз Кыргызстанда жеңил иш табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анткени алар өз эне тилинен башка төрт тилди билишет, компьютерди, интернетти жана башка программаларды эркин колдоно алышат, жат көрүнүштөрдөн оолак, адеп-ахлактуу жана ыймандуу жаштар. Мына ошол себептен соода иши менен алектенген көптөгөн фирмалар татыктуу кадрлар үчүн бизге кайрылышат.

Баштан бери айтылып келе жаткан мүмкүнчүлүктөргө ээ болууну каалагандар үчүн факультетибиздин эшиги ачык. Абитуриенттин факультетке катталышы үчүн 11- классты бүтүрүшү негизги шарт. Мындан тышкары сынактан зор жетишкендик менен өтүшү керек. Окууну каалаган абитуриенттер 2008-жылдын 2-июлунда боло турган биринчи сынак үчүн 1-июндан баштап документтерди алдын ала тапшырышы керек. Бул сынакка жетише албай калгандар үчүн 2008-жылдын 16-августунда экинчи сынак өтөт. Экинчи сынакка кирүүнү каалаган абитуриенттер 15-августка чейин документтерин тапшырышы зарыл.

**Документтерди тапшыруу үчүн төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот: Чүй облусу, Аламүдүн району, Арашан айылы, Садатбек Сатыбек уулу көчөсү №36;**

**Тел: (0312) 42-00-63.**

# ТАРБИЯЛЫК МААНИДЕГИ ИКАЯЛАР



Неждет Тосун
Тасаввуф илимдеринин доктору

Коомдун тынчтыгы, бейпилдиги жана жаркын келечеги үчүн жаш, кары дебей анын бардык өкүлү адеп-ахлактык жоболорго баш ийиши керек. Ахлактык баалуулукту калкка сиңирүү үчүн курулай акылнасааттарды кайталоо бир буттап басканга тете. Ошол себептен кеменгер ата-бабалар тарабынан тарбиялык маанидеги көптөгөн жомоктор, тамсилдер, икаялар жана баяндар жазуу түрүндө да, ооз эки түрүндө да бизге мурасталган. Икаялар ахлактык темаларды ар кайсы курактагы адамдарга түшүндүрүүнүн эң ыңгайлуу жолу болуп эсептелет. Икая айтылып болгон соң ортого чыккан насыят жана багыт угармандарга көбүнесе оң таасир калтыргандыктан, белгилүү икаялар илгертен бери Ислам дүйнөсүндө көп окулуп, көптөгөн тилдерге которулуп келет.

Анда эмесе назарыңыздарга тарбиялык маанидеги айрым икаяларды суналы:

1. Төрт кумурсканын икаясы:

Төрт кумурска бир нерселерди жазып жаткан калемди көрүп өз ара кобураша кетишет. Биричи кумурска кеп айтат:

– Бул жазууну береги калем жаздырып жатат.

Экинчи кумурска акылдуусунат:

– Койчу айланайын, калем кантип өзү кыймылга келип жазсын. Болбогон кеп. Карабайсыңбы калемди бир кол кармап турат. Демек жазуу колдун жардамы менен жазылып жатат.

Үчүнчү кумурска баш чайкайт:

– Достор, көзүңөрдү чоңураак ачпайсыңарбы, кесилген кол өзүнөн өзү кантип жазсын?! Кол албетте бир адамга таандык болушу керек. Демек, жазууну адам жазып жатат.

Көптү көрүп, албан тажрыйба топтогон төртүнчү кумурска сөзгө чекит койгусу келип мындай дейт:

– Жок, баарыңардыкы туура эмес. Жаны жок, акылсыз адам эч качан жаза албайт. Адамда акыл жана жан бар. Калемге да, адамга да ошондой артыкчылыкты, өзгөчөлүктү берген бирөө бар, Ал–Аллах!

Бул икаядан берегидей таалимди жана баалуулукту чыгарууга болот: Айрым адамдар ийгиликти жана тапкан пайдасын «Өзүм иштеп, өзүм таптым, эч ким мага көмөк көрсөткөн жок...» деп, өзүн опол тоодой кыйын сезишет. Натыйжада текеберленип, зыкымга айланат да, бирөөгө жакшылык кылуу, кайыр-садага өндүү соопчулукту унутат. Булар кудум биринчи кумурскадай акыл көрөңгөсү да, пейли да тар адамдар болуп эсептелет.

Айрым пенделер болсо; Мага Алла акыл, ден соолук, күч-кубат жана шык-жөндөм берди. Мунун натыйжасында мен эмгектендим, Алла Таалам болсо береке, ийгилик ыроолоду. Тактап айткандаб ушунча ийгиликти мага Алла Таалам берди, – деп, текеберликтен, зыкымдыктан сактанат, кирешесинин бир бөлүгүн Алла ыраазылыгы үчүн муктаждарга таратат. Мындай адамдар төртүнчү кумурска сыяктанып терең ойлонуп, арканды узак ташташат.

2. Ашыккан адамдын икаясы:

Бир шашма адам үйлөнүп, жайланат. Көп жылдар бою жубайынын согончогу канабайт. Жаратканга жалбарып, улуулардын батасын алышкан соң бир балалуу болушат. Күндөрдүн биринде жубайы ымыркай-

ды күйөсүнө карматып, өзү жалгыз жашаган коңшу кемпирдин ал-жайын сурап, анын кийим-кечесин жууганы кетет. Көп өтпөй падышанын желдеттери эшик кагат:

–Паланча уулу паланча, сени падыша дароо сарайга келсин деп жатат. Алдыбызга түш!

–Мен кичинекей баламды карап олтурдум эле. Мейли падышанын буйругун эки кылбайлы. Үйдө чычканга кебек алдырбас мышыгыбыз бар, ал балага көз салып турат – дейт да, желдеттердин алдына түшүп сарайга бет алат.

Көп өтпөй үйдө кара чаар жылан пайда болот. Акырын сойлоп ымыркайга жакындай баштайт. Кожоюндун мышыгы жете келип жылан менен көпкө арбашат, акырында «тап» секирип жыланды кекиртектеп муунтуп салат. Оозу, мурду канга бойолгон мышык жыланды өлтүргөнүнө корстон боло босогого жата кетет.

Падышанын алдынан чыгып, үйүнө ашыккан кожоюн эшиктен кирери менен канга бойолгон мышыкты көрүп, нес болуп туруп калат. Буга ишенип таштап кетсе, баламды жеп койгон тура деген ойго келип, шашмалык адаты кармап колундагы таягы менен мышыкты башка чаап өлтүрөт.

Шалдайып төркү бөлмөгө кирсе, баласы терең дем алып, мемиреп уктап жатат. Эки кулач кара чаар жыландын канга чыланып жатканын көргөн адам шашмалыгына өкүнүп бармак тиштейт.

Бул икая кимибизге болбосун алдыдагы иштердин, окуялардын төркүнүн иликтеп көргөн соң анан жыйынтык чыгаруунун зарылдыгын баса белгилейт. Асыресе, бул икаяда шашмалыктын, ашыгуунун ашкере зыян экени таамай чагылдырылган.

3. Молдонун чоң селдесин уурдаган уурунун икаясы:

Бир молдо чоң кадыр-баркка ээ болуу үчүн жана эл өзүн чоң аалым деп эсептесин деген ойдо башына чоң селде кийе турган. Бирок селде үчүн сапаттуу бөз алганга акчасы жетпегендиктен селдесинин ичине чүпүрөк-чапырактын кыркынды, калдыктарын толтуруп, сыртына беш карыш ак бөздү каптап койот.

Муну көргөн ууру күндөрдүн биринде «он кулачтай чыга турган ак бөзүн сатсам да кыйла акчага тунам» деген ойдо жолдо бараткан молдонун башындагы калдайган селдесин жула качат. Ичинен күлкүсү келген молдо уурунун артынан кыйкырган бойдон кала берет:

– Ээй, ууру! Селденин ичин ачып көр да, кайра алып келип бер!

Бул икаядан мындайча сабак алууга болот: Көпчүлүк адамдар сыркты көрүнүшкө гана алданып келишет. Нерсенин ич жүзүн баамдай албай зыян тартып келишет. Тактап айтканда, сырткы көрүнүшкө эмес, иштин акыйкат жүзүнө баа берүү абзел.



# Халифа Харун Рашид

Шамшидин Маматкулов

Суу агат, мезгил өтөт, дүйнө өзгөрөт, ай жаңырат, тарых калат. А биз адамдар убакыт өткөн сайын көп нерсени унутабыз. Бирок, баары тарыхта калат. Тарыхта кимдин кандай экендиги өзүнө жараша бааланып, өз баасын алат. Карт тарыхтын мына ошондой акыйкат баалоосуна татып, сыйлуу да, сыймыктуу да жактары менен Ислам тарыхында калган улуу инсандар аз эмес. Алардын бири айтылуу араб халифаларынын бири Харун Рашид болуп эсептелет.

Аббасилер мамлекетинин бешинчи халифасы болгон Харун Рашид 763-жылы (х. 145-ж.) (айрым булактар боюнча 765-766-жылдары, Хижра боюнча 148-ж.) Рейде жарык дүйнөгө келген. Ал Аббасилердин үчүнчү халифасы ал-Махдинин үчүнчү уулу. Харундун толук аты Абу Жафар Харун ар-Рашид бин Мухаммад ал-МахдибиЛлах бин Абдуллах ал-Мансур болгон.

Харундун балалыгы халифанын сарайында өткөн. Аны жаш кезинен баштап тарбиялоо халифанын ирандык кеңешчиси Йахйа бин Халидге табышталган. Ошентип Харундун алгачкы устазы да, тарбиячысы да Йахйа бин Халид болгон. Ал жаштайынан тартып эле ошол доордогу эң күчтүү аалымдардан илим алган. Мисалы, Хамза бин Хабиб аз-Зайаттан Курани Карим, Али бин Хамза ал-Кисаиден нахив жана фыкх, Муфаддал ад-Даббиден адабият, Имам Маликтен хадис жана фыкх илимдерин үйрөнгөн. Ошондой эле Басрадагы Халил бин Ахмад ал-Фарахидинин сабактарына катышкан. Илимге өзгөчө маани берип, ага көңүл койгон. Харун

өмүр бою илимден алыстаган эмес.

Гуманитардык жана диний илим алуу менен гана чектелип калбастан башкаруучулук жана аскердик да таалим алган. Өзүнүн мына ошондой өжөрдүгү, көк жалдыгы жана эрктүүлүгү менен атасынын ишенимине ээ болгон.

Тайманбас жана эрктүү Харун жаш кезинде эле Византияга каршы аттанган эки аскердик колду башкарган. Биринчи жортуул 779-780-жылдары (х. 163-ж.) болуп, анда арабдар тарабынан Самалу шаар-чеби каратылган. Ал баштаган казат ийгиликтүү аяктаган жана анын артынан Харундун кадыр-баркы жогорулаган. Өзүн татыктуу башкаруучу катары көрсөтө алган Харун 781-жылы (х. 164-ж.) халифалыктын батыш аймактарынын башкаруучусу болуп дайындалган. Ошентип, Харун Ифрикия (азыркы Тунис), Сирия, Армения жана Азербайжан аймактарынын (вилаяттарынын) башкаруучусу болуп калат. Византияга каршы ал башчылык кылган экинчи жортуулда (781-782-ж.ж., х. 165-ж.) араптар алгачкы жолу Босфорго чейинки аралыкты толук каратып алууга жетишкен. Жогоруда айтылып өткөндөй, жортуулдарда жакшы ийгиликтерге жетише алган Харунга 782-жылы (х. 166-ж.) атасы тарабынан «ар-Рашид» («адилеттүү, жеткилең») деген лакап берилген.

Аббасилер мамлекетинин төртүнчү халифасы Хадинин өлүмүнүнөн кийин Харун Рашид 786-жылы (х. 170-ж.) халифалык такка отурган. Ал халифа болуп турган учурда (786-809-ж.ж., х. 170-193-ж.ж.) жалпы эле Аббасилер мамлекети айрыкча экономика жана маданият жаатында аябай гүлдөп, өнүккөн.

Харун Рашид өз доорунда өтө чоң абройго, зор кадыр-баркка ээ болгон. Анткени, ал диний таалим-тарбия менен жетилген маданияттуу адам эле. Ошол учурдагы франктардын королу Улуу Карл Харун Рашид менен достук мамиледе болгон. Алар дайыма бири-бирине белек-бечкек берип турушкан.

Ошондой белектеринин бири Харун Рашид король Карлга суу менен иштей турган саатты да белекке берет. Европалыктар анын эмне экендигин биле алышпай баштары каткан. Европалыктар сааттын иштеп жаткан үнүнөн коркуп: «Мунун ичинде шайтан бар го?! Болбосо, бул мындай дабыш чыгарбайт болчу», - деп, сааттан окчунураак жерде турууга аракеттенишкен. Акыры сааттын эмне экендигине акылы жетпей, аны баамдай албаган европалыктар ал саатты талкалап, бузуп таштașкан. Бул окуя азыркы учурда өздөрүн цивилизациялуу жана маданияттуу деп эсептеген батыштын маданият жагынан орто кылымдарда мусулмандардан канчалык деңгээлде артта калгандыгын айгинелеп турат.


Харун Рашид Багдад шаарын халифалыктын борборуна гана айландырбастан, илим-билим менен маданияттын да борбору кылууга жан үрөгөн. Ал Индия жана Иран элдеринин, ошондой эле грек тилдериндеги эмгектердин араб тилине которулуусуна каршы чыкпастан, кайра андай иш-аракеттерди чын дилден колдогон. Ошол учурдагы илимдер академиясынын функциясын аткарып турган Байтул-хикманын (Байту ал-хикма) бутуна туруусу үчүн чоң жардам берген. Адабиятты жактырган Харун өзүнө жаккан ырлар менен поэмалар үчүн көп-көп сыйлыктарды берген жана акындар менен аалымдардын таламдарын коргогон. Куран окууга жана хадистерди угууга да зор көңүл бурган. Өзгөчө «Каари-у амиирил-муминиин» деген каймана аттуу Саид ал-Аллаафтын кыраатын көп уккан.

Анын мөөрүндө «Ал-азамату ва ал-кудрату лиЛлаах» - «Чыныгы улуулук менен кудуреттүүлүк Аллага гана таандык!» (башка риваяттар боюнча «кун ма-аЛлоохи алаа хазар» - «Алла менен чогуу экениңди жадыңдан чыгарба!») деген жазуу болгондугу айтылат.

Харун Рашид халифа болуп турган учур башка убакыттардан айрыкча соода-сатык иштеринин активдүүлүгүнүн артуусу менен өзгөчөлөнүп турган. Мусулман соодагерлер Кытайдан тартып Чыгыш Африкага чейинки чоң аралыкта соода иштерин жүргүзө алышкан.

Тигр дарыясынын эки жак өйүзүнөн орун алган Багдад шаары Харундун убагында соода жолунун тоомуна айланган. Багдад шаары болсо халифа менен бармакилерге таандык болгон чоң-чоң сарайлар менен дүйнөнүн кооз шаарына айланган. Ал жердеги бакчалардын ичиндеги сарайларга негизинен Куранда бейиш тууралуу айтылган ысымдар берилген. Сөз менен сүрөттөп бере алгыс мына ушундай сулуу жер менен улуу кишинин айланасында өнүккөн окуялар калк тарабынан көркөмдөлүп, ар кандай эпизоддор менен коштолуп отуруп дүйнөнүн төрт бурчуна таанылган «Миң бир түн» аттуу шедевр чыгарма жаралган. Харун Рашид «Миң бир түндө» ар кандай пикир келишпестиктерди жөнгө салган, бей-бечараларга өз жардамын аябаган, ашыктарды табыштырган, таарынгандарды элдештирген, жаман иштерди жасагандардын сазайын берген жана жакшы амалды аткаргандарды сыйлап, сыйлык берген каарман катары берилген.

Тарыхый булактарда анын 9 жолу ажылыкка баргандыгы тууралуу да айтылат. Көзү өтсө да элдер тарабынан дайыма жакшы жактары, асыл сыпаттары айтылып, эскерилген халифа Харун Рашид 809-жылы (х. 193-ж.) көз жумган.



“(Эй, сүйүктүүм!) Исмаилди, Идристи, Зулкифлди эстегин. Булар сабырдуу инсандар эле. Биз аларды Өз ырайымыбыз менен бейишке киргиздик. Чындыганда алар салих заттардан” **(Анбия, 85, 86).**

# Идрис пайгамбар



Риваяттарда Идрис пайгамбардын (алейхис салам) Вавилон аймагында туулгандыгы тууралуу маалыматтар бар. Тигр жана Эфрат дарыяларынын ортосундагы Месопотомия чөлкөмүндө орун алган Вавилон абалтан бери эл жашаган аймак болуп саналат.

Шит пайгамбардын уруусунан чыккан Идрис (алейхиссалам) Адам Атанын алтынчы муундагы урпагы деп айтылат булактарда. Аталган пайгамбар тууралуу Курандан төрт аятты кездештирүүгө болот.

Идрис (алейхиссалам) пайгамбар болордон мурда эле чын ыкластан талыкпай ибадат кылып, салих инсандар менен тыгыз байланышта болгон. Асыресе өз маңдай тери, өз колу менен оокатын өткөрчү экен.

Ал Кабыл уруусунан чыккан бир коомдун ичинде жашаган. Шит пайгамбардын жолунан тайган бул коомдун ахлагы, руханияты төмөндөп, ыпластыктын ырыссыз талаасында каңгып калышкан. Алар Жаратканга кулчулук кылууну унутуп, тыю салынган арам, жексур иштерди адал деп санагандыгы менен чектен чыгышкан. Алла Таала отуз барактай жарлык берип, бул коомду туура жолго баштоо үчүн Азиретти Идристи пайгамбар кылып жиберген. Жарлыкта Жаратткан Алланын буйруктары жана тыюу салган өкүмдөрү маалымдалган.

Идрис пайгамбар өз коомун Алланын ушул өкүмүнө чакырып, туура жолго салуунун камын көрө баштайт.

Натыйжада бузулган коомдун ичинен миң киши аны ээрчип, ыйман жолун тандаган. Периштелер анны зыярат кылып, ал-абалын сурап, аны менен сукбат курушчу экен.

Идрис пайгамбар коомду ак жолго баштаган кезде төмөнкүдөй акыйкаттарды даршан эткен:

“Акылдуу пенденин мартабасы бийиктеген сайын сылыктыгы да, адеби да ошончолук жогорулайт”.

“Акылдуу адам бирөөнүн кемчилигин издебейт, бирөөнүн айыбын чукубайт. Байманасы ташкан сайын текеберликке алдырып, менменсинип кетпейт”.

“Акылы тайкылар напсилерин аруулашпайт”.

“Акыретке болгон сүйүү менен дүйнө кумары эч качан бир жерде (жүрөктө) турбайт”.

“Дуба кылган убакта ниетиңиз пакиза, тилегиңиз аруу болсун!...”

Жараткандын кудурет-керемети менен Идрис пайгамбар (алейхис салам) көккө көтөрүлүп кеткен. Бул жагдай Марям сүрөсүнүн 57- аятында мындайча баяндалат:

“Биз аны бийик мартабага көтөрдүк!”

Аяттагы жогорку орун же мартаба деген түшүнүккө тафсирчилер «Алла Таалага жакын жер, бейиш же асмандын төртүнчү кабаты» деп түшүндүрмө беришет. Буга кошумча, Бухари менен Муслимдин “туура хадистер жыйнагында” айтылган төмөнкү хадис анын көккө көтөрүлүп кеткендигин дагы бир ирет ырастайт. Азирети Пайгамбарыбыз мындай деген:

“Мен Миражга чыгып, асмандын төртүнчү кабатына барганымда Идрис пайгамбар менен жолуктум. Жабраил мага:

– Бул кишинин ысымы Идрис. Аны менен учураш! деди. Мен ага салам айттым, ал алик алып:

– Кош келипсиз, ыкласман тууганым, ыкласман пайгамбар! деди” (Бухари, Бадул-халк, 6; Муслим, Иман, 259-264).

Идрис пайгамбардын аккөңүл, ыраскөй, чынчыл жана сабырдуу экендиги Кураны Каримде мындайча сыпатталат:

"Ушул китепте Идристи эстегин! Чындыгында ал абдан ыраскөй пайгамбар эле." (Марям, 56)

"(Сүйүктүү Элчим!) Исмаилди, Идристи, Зулкифлди эстегин. Алар сабырдуу инсандар эле. Биз аларды Өз ырайымыбыз менен бейишке киргиздик. Чындыганда алар салих заттардан" (Анбия, 85, 86).

Жараткан Алла Таала аяттарда аты аталган пайгамбарларды мактоо үчүн изги иштерди аткарган "садакат" камкор, сабырдуу жана чыдамкай деген асыл сапаттар менен сыпаттаган.

Адамзат тарыхында пайгамбарлар руханий чокуда болгону сыңары учуру келгенде материалдык өнүттүн да жолбашчылары болушканы белгилүү. Азирети Адам дыйканчылыктын, Азирети Идрис тигүүчүлүк кесиптин үлгүсү болушкан. Алгачкы адам коомундагы жазуу маданияты Азирети Идристин (алейхис салам) жеке күч кайраты менен бир кыйла өнүккөн. Айрыкча ал учурдагы физика жана химия илимдеринин алгачкы пайдубалын түптөп, алгачкы саамалык маалыматтарды изилдеп табуу менен адамзат келечегине пайдалуу иш келтирген.

Жаратгандын жарлыктары түшүрүлгөн пайгамбарлардын катарында Азирети Идрис да ыкласмандыгы, камкордугу, чынчылдыгы жана топуктуулугу менен Ыйык Куранда мактоого арзып, даңазасы арткан. Тирүүлүктө эң жогорку мартабаларга жетишип, сабырдуулугу менен өз коомуна жана кийинки муундарга үлгүлүү пайгамбар катары дастанга айланган.

Ак Башат казынасынан



## Жараткан Алланын ысым-сыпаттары

# الْقُدُّوسُ Ал-Куддус

«Куддус» сөзү «таза, аруу, бардык кемчилик мүчүлүштүктөрдөн оолак, эч бир тагы-кири жок, изги сыпаттарынан улам алкоого алынган» деген маанилерди билдирет.

Ал эми терминологияда, «ал-Куддус - Улуу Алла Тааланын ысымдарынан бири болуп, Затына жарашпаган мүлдө мүчүлүштүктөн такыр оолак, бардык сыпаттарында эң мыкты, сөзгө сыйбаган, даңктоого татыктуу кемел сыпаттарга ээ» деген маанини туюндурат.

Ыйык Куран-ы Каримде «Куддус» сөзү Улуу Алла Тааланын ысмы катары ал-Малик ысмы менен эки жерде өтөт (Хашр, 23; Жума, 1). Ошону менен бирге дагы бир жерде, Алла Таала периштелерге адам урпагын жарата тургандыгын билдиргенде, «...алар: ал жерде бузукулук кыла турган жана кан төгө турган зат жаратасыңбы? Биз сени мактоо менен аруулайбыз жана улуулайбыз - дешти» (Бакара, 30) деген аятта «нукаддису – улуулайбыз, даңктайбыз» деген таризде өтөт.

Ал-Куддус ысмы Алла Тааланын тигил же бул жандуу-жансызга такыр окшошпогонун, адамзатка таандык сыпат-өзгөчөлүктөрдөн алыс болгондугун каңкуулайт.

Жогорудагы Бакара сүрөсүнүн 30-аятында «нусаббиху» жана «нукаддису» деген таризде «тасбих-аруулоо» жана «такдис-улуулоо» сөздөрү бир жерде колдонулган. Бул эки сөздүн ортосунда айырмачылыктар болсо да, алар бири-бирин тастыктап толуктап турат. Себеби «тасбих» сөзү да Алланы ар түрдүү кемчиликтерден оолак тутуу деген маанини билдирет. «Тасбих» жана «такдис» сөздөрүнүн ортосундагы айырма төмөнкүчө: «такдис» сөзү тастыктоо жолу менен, ал эми «тасбих» сөзү оолак тутуу жолу менен далилдөөгө басым жасайт. Муну дагы да тереңирээк мындай чечмелесек болот:

Терс жана алсыз, мүчүлүш сыпаттардын оолак тутулушу, четке кагылышы ошол эле учурда эң жогорку кемел сыпаттардын тастыкталышын талаптайт. Асыресе, Ага «шериги (теңдеши) да, окшошу да жок» деп ишенүү Анын тек жана жалгыз Зат болгондугун тастыктоого жатат. Ошондой эле Аны «Ал эч бир нерседе алсыз эмес» деп кабылдоо Анын бардык нерсеге күч-кубаты жетерин, «Ал эч кимге зулумдук (адилетсиздик) кылбайт» дегендик Ал ар бир өкүм-буйругунда Адилеттүү болгондугун айгинелейт. Ырас, алсыздык менен кудуреттүүлүк, зулумдук менен адилеттүүлүк бири-бирине терс маанилерди туюнтат. Андыктан мындай карама-каршы маанилерден биринин тастыкталышы - экинчисинин оолак тутулушун, четке кагылышын талап кылат.

Демек, «тасбих» жана «такдис» сөздөрүнүн айырмасы мына ушул жерде. «Ал ушундай» дегенибизде, башкача айтканда, кандайдыр бир нерсени тастыктаганыбызда «такдис», ал эми «ал мындай эмес» деп, кандайдыр бир нерсенин андай болбогонун тастыктаганыбызда «тасбих» кылган болобуз. Ошону менен бирге жогоруда белгиленгендей, бул эки сөздүн ортосунда өтө чоң айырмачылык жок. Натыйжада экөө бир багытка бет алат. Бири-бирине арка-жөлөк болуп бири-бирин толуктап турат. Алла Таала бул эки сөздү Ихлас сүрөсүндө бириктирип: «Айткын: Алла – Жалгыз! Алла – Самад б.а. Ал эч бир нерсеге муктаж эмес» деп такдиске, «Ал төрөгөн да, төрөлгөн да эмес. Ага эч ким теңдеш эмес» деп буюруу менен тасбихке далалат кылган. Кыскасы, такдис да, тасбих да Улуу Жараткан Алланын жалгыздыгын, улуулугун, аруулугун даңазалоого, Ага эч ким теңдеше албасын тастыктоого багытталган.

Ак Башат казынасынан

# КУРАН - АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН УЛУУ МУЖИЗАСЫ



Фархат Юсупов

Сүйүктүү Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) таанытуу, анын кулк-мүнөзү тууралуу жеткиликтүү айтуу оңой иш эмес. Алланын Ардактуу Элчисин (саллаллаху алейхи васаллам) кай жагынан карабайлы адамзааданын мырзасынын дал өзү эле. Арийне, анын сахабасы саналган Абдулла ибн Саламдын береги сөздөрү мени катуу ойго салат: «Анын жүзүн көрөрүм менен жалганчы жүз эмес экенине ынандым. Айткандарын тыңдап, адеп-ахлагын көргөн жан андан шектенбейт».

Жаратылыш Нуру (саллаллаху алейхи васаллам) жаштайынан ишенимдүүлүгү, убадага да, ишке да тактыгы жана, албетте, изги ахлагы менен калктын калың катмарына дейре таанымал адам болгон.

Теманы баштардан мурун «мужиза» сөзүнүн маани-маңызы тууралуу айта кетүүнү туура көрүп турам. Мужиза сөзү «алсыраткан, эрөөлгө чыга албоо, экинчи нускасын жасай албоо, ажайып» деген маанилерге келет. Тактап айтканда, аны теңдеши да, экинчи нускасы да жок, башка китеп анын каршысында туреше албайт.

Вахий деген сөз бачым белги, жазгычтык, пайгамбарлык, илхам жана жашыруун сөз сыяктуу дагы башка көптөгөн маанилерди да туюнтат. Корутундулап айтканда, вахий - бул Алла Тааланын каалаган нерселерин каалагандай түрдө пайгамбарларына билдириши.

Жараткан Алла Таала кайсы учурда пайгамбар жиберген болсо, ошол учурдагы шартка ылайыкталган мужизаларды кошо берген. Маселен Азирети Мусанын (алейхис салам) учурунда сыйкырчылык эл ичинде кеңири таралган, калктын көңүлүн өзүнө буруп, жадагалса ишенимин ээлеп алуу коркунучу кара тумандай каптап турган. Азирети Исанын (алейхис салам) доорунда табыпчылык өркүндөп, айрым кооптуу жагдайлар жарала баштаган. Ошондуктан, Алла Таала вахий катары Азирети Исага табыпчылыктын эң мыктысын берген.

Арап коомчулугу адабиятка абдан ышкыбоз болгондуктан, адабий жана көркөм сөздөн таасирленип, олуттуу маани берише турган. Жада калса бир төрт сап ыр да маңызынын таасирдүүлүгү менен айрымдарын көккө көтөрсө, айрымдарын жердин түбүнө жексен кылууга жетиштүү эле. Мына ошол себептен Жараткан Алла Азирети Мухаммед Мустафага мужиза катары Куранды берген.

Курандын ашкере көркөмдүгүн, нары ажайып таасирин аңдап, сезген мушриктер адамдардын буга тартылып кетпеши үчүн өзүнчө чара көрүшкөн. Мушриктер Куранды окууга жана тыңдоого катуу тыюу салганы аз келгенсип, кокус Кудай Тааланын сөзүн угуп, андан таасирленип, арбалып кетпесин деген бузук ниет менен окуп жаткан адамдын жанына барып чуру-чуу чыгарганга чейин барышкан.

Ооба, Алла Элчисинин бул улуу мужизасы кыяматка чейин уланат. Ал кыяматка чейин кагаз бетинен өчпөйт жана адамбаласынын тилинен да, дилинен да түшпөйт. Курандын көркөм айтымы гана эмес, анын дагы ачыла элек миңдеген мужизалык жактары бар. Маселен анын эң кыска сүрөсү саналган Кавсар сүрөсүндө көп мужиза бар.

Адам атпай чогулса да, мен деген адабиятчылар жыйналып, бар өнөрүн төксө да бир аятка тең келчү сүйлөмдү жарата алышпайт. Курандын көркөм айтымы, тил казынасы ушунчалык бай болгондуктан, арап урууларынын ак таңдай чечендери далай ирет баш оорутуп, ал даражадагы айтымдарды жарата алышкан эмес. Анткени, Курандын поэзиялык жана акылды алсыраткан ажайып усулу араптардын тилдик усулу жана казынасынан миң эсе мыкты деңгээлде болгон. Курандын бул кашкайган артыкчылыгы кыяматка чейин өз ордунда кала берет.

Анын теңдешсиз көркөм айтымына, маани-маңыздын акылга сыйгыс тереңдигине арбалып далай акын ыр жазууну токтоткон. Анын деңиздин толкунундай таасирине байланган кемечилер Исламды тандашкан. Далай гайрыдиндер анын илимий мужизасын көрүп, таң калгандыктан мусулман болушкан.

Ибн Аббастын баяндамасына караганда, бутпарастардын билермандарынан саналган Валид бин Мугира күндөрдүн биринде Алланын Элчисине келет да Куран

окушун талап кылат. Ошондо Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мына бул аятты окуп берет:

**«Алла Таала силерге албетте адилеттүүлүктү, жакшылык кылууну, туугандарга жардам берүүнү буйруп, зынакорлукка, жамандыктарга жана зулумдук кылууга тыюу салат. Угуп тутунарсыңар деп силерге насаат берет»** (Нахл, 90).

Валид:

- Ушуну мага да бир жолу оку! – дейт ынтаа койгон таризде.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аятты кайталап окуган соң, Валид:

– Ант болсун, бул сөздөрдө мөмөсү көптүгүнөн шагы ийилген, тамыры суулуу жана жемиштүү даракка окшош көркөмдүк жана жагымдуулук бар. Муну эч бир адам айта албас. Бул сөздөрдүн бүт нерседен улуу экендигинде шек жок. Эч бир нерсе аны ашып өтө албас, каршы чыкандарды сөзсүз түрдө жеңип алат – дейт.

Окулган бир аяттын толкунуна кабылып, Курандын жылуу деминен кату таасирленгенден кийин Абу Бакирге барат. Андан Куран тууралуу көптөгөн суроолорду сурайт. Ынанымдуу жоопту уккан соң, топтошуп турган Курайш уруусунун билермандарына барып буларды айтат:

-Мухаммеддин айтканы чынында эле абдан таң калыштуу! Ант болсун, ал ыр эмес, сыйкыр да эмес, жиндинин айта турган тантырак кеби да эмес! Анын айтып жаткандары Алланын сөзү экендигинде эч бир шектенүү жок.

Ант болсун, араңарда акындыкты, ырчылыкты жана касиданы менден кыйын билген адам жок. Анын айтып жаткандары булардын эч бирине окшобой турат. Анда ажайып жагымдуулук, куюлушкан ыргак бар.

Коомчулуктагы карөзгөйлөрдүн жан какшаткан азаптарына жана заалымдыгына карабастан, Ааламдардын Ардагы (саллаллаху алейхи васаллам) Ислам динин жайып, түбөлүк кутулууга багытталган чакырыкты таштайт. Мушриктер болсо ажылык же башка бир максат менен Меккеге келе жаткан жолоочуларды шаардын сыртынан тосуп алып, Азирети Мухаммедке (саллаллаху алейхи васаллам) жакындабоо, анын айткандарына кулак салбоо тууралуу алардан сөз алып, жадакалса коркутуп үркүтүүгө чейин барышат. Бул эле эмес, Меккеге келгендерге Алланын Ардактуу Элчисин сыйкырчы, жинди, бакшы сыяктуу өзүлөрү да ынана албаган сыпаттар менен көөлөп, каралап, жамандашат. Алардын бар максаты жолоочуларды андан оолактатуу эле.

Туфайл бин Амр акын киши болгон. Ошол кыйын күндөрдүн биринде ал Меккеге келип калат. Аны көргөн Курайштын тың чыкмалары:

– Оо, Туфайл! Сен залкар акынсың! Анын үстүнө коомчулукта зоболоң бийик. Ушу тапта сен биздин жерде турасың, бирок чекеге чыккан чыйкандай болгон ушу адамдан сак бол. Анын баштаган иштери бизге мүшкүл алып келди. Коомчулуктун ыркын кетирип, далай иштин тоз-тополоңун чыгарды. Анын сөзү ушунчалык өткүр, ушунчалык сыйкырдуу болгондуктан, ата менен баланын, эр менен аялдын, тууган менен тууганды ортосуна муздактыкты бүркүп салды. Түндүгүбүздү каптап турган ушундай жаман кырдаал сенин да, коомуңдун да башына келип калышынан коркобуз. Андыктан, аны менен баарлаша көрбө! Айткандарынын бирине да кулак салба! – деп ага акыл үйрөтүшөт.

Өзүнө камкор сезилген ушундай жагымдуу сунушту уккан Туфайл Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) сөзүнө кулак салбаганга, аны менен баарлашпаганга өзүнө өзү сөз берет. Жада калса Каабага барган кезде Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) сөзүн угуп калбоо үчүн эки кулагын кебез тыгып алат.

Бирок пенде деген пенде экен. Ушундай күлкүлүү кылык жоруктарын акыл таразасына салып көрүп:

«Мен деген акыл-эстүү, акын адаммын. Сөздүн жакшысы менен жаманын эң сонун айырмалай алам. Анан кантип ушул адамдын сөзүн угуп, зыянга учурап калайын, тооба десе?! Жакшы болсо кабылдайм, жаман болсо баш тартам, ушунун эмнеси кыйын!» деп, ичинен бир чечимге келген соң ыңгайлуу өңүттү күтөт. Алланын Элчиси үйүнө келген кезде артынан акмалап келип:

– Оо, Мухаммед! Коомчулук Сен тууралуу мага ушундай маалымат беришти. Мен ушунча коркутушту дейсиң, сөздөрүңдү угуп зыянга учурап каламбы деп эки кулагыма тең пахта тыгып алдым. Мына азыр болсо Алланын жардамы менен сөздөрүңдү уккум келип жатат. Элдер үркүп жаткан чакырыгыңды мага жакшылап бир түшүндүрүп берчи?– деп, мурунку болуп өткөн окуяларды төкпөй чачпай айтып берет.

Насиби улук Туфайл андан ары сөзүн мындайча улайт:

«Алла Элчиси мага дин Исламды түшүндүрүп, Ихлас, Фалак Жана Нас сүрөлөрүн окуп берди. Кудайга ант болсун, мен Курандан артык сөздү, Исламдан ыйгы динди эч убакта, эч бир жерден көргөн да, укканда эмес экем! Алладан башка сыйынууга ылайыктуу эч бир кудайдын жок экендигине ыйман келтирдим да, мусулман болдум».

Элдин көңүлүнөн залкар акын катары түнөк тапкан Туфайл бир топ күн Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жанында калат. Дин тууралуу кыйла маалыматтарды алган соң уруксат алып, динге чакырууну ниет кылып өз элине кайтат.

Далил катары адамдарга көрсөтүүгө бир кереметтин болушу үчүн бир дуба кылып коюуну Алланын Элчисинен өтүнөт. Ошентип, Ааламдардын Ардагынын Жаратканга мунажат кылышынын берекеси менен оболу эки көзүнүн ортосуна балбылдап жанган бир нур пайда болот. Андан соң бул нур Туфайлдын каалоосу менен маңдайынан таягынын учуна өтөт. Коомуна баргандан кийин шейит кеткенге чейин элди динге чакырып, жихатка катышып өмүр кечирет.

# ИСЛАМ ДИНИНИН ИЛИМГЕ БЕРГЕН МААНИСИ



«Дин жана илим» деген түшүнүктөр жөнүндө айрымдарыбыз адегенде эле «экөө таптакыр эки башка нерсе» деп экөөнү бири-бирине кийгилиштирбестен ажыратып карайбыз. Мындай көзкараштагы адамдар тилекке каршы, илим десе эле адамзат үчүн түбөлүк бакыт тартуулай койчу нерсе сыяктуу көрүнгөн (пайдалуу жана зыяндуу) технологияны, ал эми дин десе эле мечит менен селде оронгон молдону түшүнөт.

Кенжебек Чыйбылов

«Дин жана илим» деген түшүнүктөр жөнүндө айрымдарыбыз адегенде эле «экөө таптакыр эки башка нерсе» деп экөөнү бири-бирине кийгилиштирбестен ажыратып карайбыз. Мындай көзкараштагы адамдар тилекке каршы, илим десе эле адамзат үчүн түбөлүк бакыт тартуулай койчу нерсе сыяктуу көрүнгөн (пайдалуу жана зыяндуу) технологияны, ал эми дин десе эле мечит менен селде оронгон молдону түшүнөт. Муну менен дүйнө илиминен бир аз үйрөнүп алган мындай адамдар өздөрүн аалымзаада сезип «деги эле дин деген эмне, ал кайдан келди, дин десе эле бардыгы дин боло бериши мүмкүнбү, болсо чыныгы акыйкат дин кайсы, эгер акыйкат дин болсо ал кандай өзгөчөлүк-мүнөздөргө ээ болушу керек, булардан кабардар болгон күндө да, динди карманган адамга карап аны баалоо туурабы?» деген сыяктуу суроолорго эч бир диний маалымат-билими болбостон туруп жооп айткан болот. Ал эми илимден да, чыныгы динден да кабары бар айрым адамдар илим менен дин, тагыраак айтканда акыл менен чыныгы дин ар дайым бири-бирин толуктап келгендигин, экөө (акыл менен чыныгы дин) эч качан бири-бирине карама-каршы келбестигин айтышат. Ал гана эмес, чыныгы дин илим үчүн ар дайым жол баштаган шам чырак болуп келгенин жана экөө эриш-аркак ажырагыс бир бүтүн күч катары адамзат бактысы үчүн кызмат кылып келе жатканын белгилешет. Албетте, бул экөөнүн ажырагыс бир бүтүндүгүн айтып жаткан бул көз караш чыныгы дин болгон исламга таандык. Анткени дин жана илимдер тарыхында айрым диндердин (Христиан дини сыяктуу) окумуштууларга куугунтук жасап, аларды дарга асуу сыяктуу илимге бут тосуп келген каршылыктары жана экөөнүн ортосунда болуп өткөн ачуу күрөш баарыбызга маалым. Ал эми ушул эле учурда Ислам дининин илимбилимге берген зор маанисин эч ким жокко чыгара албайт. Себеби Ислам акылга эң көп негизделген жана илимди тастыктаган дин. Мына ушундай киришүүдөн байкалгандай, сөз кезеги илим жана анын Ислам динindеги орду туурасында болмокчу.

«Билүү» маанисин туюнткан «илим» сөзү «маалымат», «билим» сөздөрү менен да маанилеш. Классикалык сөздүктөрдө «илим» сөзүнө «Кандайдыр бир нерсенин чыныгы жүзүн аңдоо, чындык менен айкалышкан бекем ишеним, билимсиздиктин (караңгылык) карама-каршысы» деп түшүндүрмө берилет. Ал эми терминологияда «белгилүү бир тармакка таандык системалуу билим жыйындысы» деген маанини туюнтат. Алсак,

тафсир илими, астрономия илими сыяктуу.

Ислам дини илим-билимге, окууга өзгөчө маани берген. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбызга түшкөн эң алгачкы вахийде (Алланын кабарында) окуу, калем жана билүү сөздөрү жөнүндө кеп козголгон. Анда төмөнкүчө буюрулган: «Оку! Жараткан Эгендин аты менен. Ал инсанды уюган кандан жараткан. Оку! Сенин Эгең абдан Айкөл-Жоомарт. Ал инсанга калем менен жазууну үйрөткөн. Ал инсанга анын билбеген нерселерин билдирген» (Алак, 96/1-5). Алгачкы эле буйрукта көрүнүп тургандай, Алла Таала адам баласына кандайдыр бир нерсени, кайсыл бир багытты же болбосо, тигини же муну «оку» деп илимди белгилүү бир тармак же багыт менен чектеген эмес. Тагыраак айтканда, динди жана акырет илимдерин гана «оку!» дебестен дүйнөнү, ааламды, табиятты, инсанды, Алланы, акырет жашоосун, дегеле акыл-эсиңе эмне келсе жана сенин эки дүйнөдөгү бактылуулугуң үчүн эмне зарыл болсо, ошонун баарын «оку!» деген.

Ислам дини адам баласынын табиятына ылайык дин болгондуктан, бүтүн мусулмандарга илим алууну парз кылган. Ар бир мусулман өзүнө тиешелүү диний милдеттерин аткара турганчалык илим алуусу, адал менен арамды, чындык менен жалганды бир-биринен ажырата ала турганчалык билимге ээ болуусу зарыл. Бул зарылдыкты Пайгамбрыбыз Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) өзүнүн куттуу хадисттеринин биринде: «Илим алуу - ар бир мусулман эркекке да, аялга да парз» деп белгилеген. Медицина, экономика жана технология сыяктуу коом үчүн керектүү болгон ар кандай илимдерди алуу «парзы кифая» болуп эсептелет. «Парзы кифая» – бул кайсыдыр бир коомдук муктаждыктын коомчулук тарабынан орундалышы зарыл болгон иш. Бул ишти жалпы коом же коомчулуктан айрым адамдар да орундабаса, ага бүтүндөй ошол коомчулук жоопкерет. Демек, мына ошондой зарыл илимдер коомчулуктагы муктаждыктарды камсыздай ала турганчалык деңгээлде айрым жарандар тарабынан алына турган болсо, бул парз орундалган болуп эсептелет. Бирок, коомчулукка зарыл болгон ошол илимдерди эч ким албаган болсо, анда ал коомдун ар бир жараны Кудай алдында жоопко тартылат.

Бул жерде белгилей кетчү жагдай мактануу, өзүн башкалардан жогору көрсөтүү, жеке кызыкчылык үчүн, моралдык-материалдык жактан бирөөгө зыян берүү максатында илим алуунун адам катары түк кажети жок.

Ыйык Куранда «илим» сөзү туундулары менен кошо 750 жерде орун алган. Айрыкча анда илимге байланышкан «акыл, пикир жана зикир» сыяктуу сөздөр байма-бай эскерилет. Мына ушунун баары, албетте, Ислам дининин илим-билимге карата өтө олуттуу мамиле жасагандыгын айгинелеп турат. Айрым хадистердин сүрөттөсү боюнча, «илим» жана «хикмат» мусулмандын жоготуп жиберген мал-жандыгына окшош. Мусулман аны дарегин айтып берген кишиге жана табылган жерине карабастан, кай жерден тапса, ошол жерден алуусу керек. Ар кандай жамандыктын, ал гана эмес, «куфр» менен «ширктин» да башы билимсиздик жана караңгылык. Куфрдун эмне экенин билген киши каапыр болмок эмес. Ширктин да эмне экенин билген киши, жаратылган нерселерди Аллага теңеп, Андан башкага табынып, сыйынмак эмес. Мына ошондуктан Ыйык Куранда Алла Таала Муса пайгамбардын (алейхис салам): «... Караңгы-наадандардан болуудан Сага баш калкалайм» (Бакара, 2/67) деп жардам сураганын бизге кабарлайт. Ошондой эле Алла Таала Нух пайгамбарга(алейхис салам): «...Караңгы-наадандардан болбоону насаат кылам!» (Худ, 11/46) деп буйруп, билимсиздиктин канчалык зыяндуу экенин белгилейт. Ислам education дининде илимдин бардык түрүнө өзүнчө маани берилген. Ислам дини билимдүүлөр менен билимсиздердин бирдей эмес экенин: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?» (Зумар, 39/9) деп экөөнүн ортосундагы айырманы ажыратып көрсөткөн. Аалымдардын жана илим жолуна түшкөн кишилердин кадыр-баркын жогору койгон. Аалымдар жер жүзүнүн шам чырагы, пайгамбарлардын орун басары, мураскору болуп саналат. «Бир аалымдын өлүмү - бир ааламдын өлүмү» деп бекеринен айтылбаса керек. Асыресе, Исламда илим Алланын ыраазылыгына ээ болуу жана алган илим менен жашап, ага амал кылуу үчүн алынарын унутпашыбыз кажет. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам): «Оо, Жараткан Алла! Мага насип кылып үйрөткөн илимиңден пайдаланта көр. Мага пайда бере турган илим үйрөтүп, илимимди арттыра көр...» деп жалгыз Аллага жалбарып, береги жагдайга ишарат жасаган.

Бул дүйнө акыретке азык камдоочу эгин талаасы сыңары. Дүйнө гармониясын сактап туруу үчүн Кудай Таала тарабынан атайын билдирилген жол-эрежелер бар. Ошондуктан, бул дүйнөдө инсандардын экономикалык, социалдык, диний жана дүйнөлүк абалдарын ирет-тартипке салып турууучу жана бүтүндөй адамзаттын башын бириктирүүчү күч – бул Ислам дининин илим жолу. Анткени чыныгы илим инсанды адамдык сапаттан чыгарып салчу адеп-ахлаксыздыктардан арылтат. Ал адамдын көзүн ачып, пендезаадага болгон сүйүү сезимин ойготот. Жакшы адеп-ахлакка, маданиятка ээ болууга себеп болот. Дүйнө жана акырет жашоосунун жарык болушуна да жол ачат. Пайгамбарлардын жана periштелердин жогорку даражага ээ болушунун себеби да илимге негизделет.

Маалым болгондой, илим – иш-амалдын эң изгиси болуп саналат. Бир сөз менен айтканда, илим шарапаттуулуктун жана байлык-дөөлөттүн дал өзү. Жогоруда илим туурасында айтылып өткөн айрым аят-хадистердин жыйынтыгында Ислам менен илимди бири-биринен ажыратып кароо мүмкүн эмес экендигин айтууга болот.

# ДУБАГА МУКТАЖБЫЗ



Нуруллах Абулкасым

Жашоодо бир чындык бар. Ал чындык – адамдын ар дайым Алла Таалага муктаж экендиги. Анткени, пенде өтө алсыз жана күчсүз абалда жаратылган. Алла Таала ага эң жоопкерчиликтүү милдет катары ибадат кылууну буйруган. Эми ошол милдетти аткаруусу үчүн сөзсүз кандайдыр бир жардамга муктаж. Ал жардамды бир гана Алла Таала өзү бере алат. Андыктан, адам өз милдеттерин толук жана татыктуу аткаруусу үчүн Алла Таaладан жардам суроосу керек. Ал жардамды Алла Тааладан кантип сурайбыз? Албетте дуба аркылуу. Дуба – бул инсандын абалын жана ар түрдүү каалоо-тилектерин Жаратканга билдирүүсү. Адам баласы канчалык жегенге, ичкенге муктаж болсо, анын руху да ошончолук дубага муктаж. Пенденин башына мүшкүл иш түшкөндө дуба кылып, ал эми кыйынчылыктан кутулганда Кудайды эстен чыгарып койбоосу зарыл. Анткени, кээбир инсандар кыйналганда дуба кылат, бирок кыйынчылыктан эсен аман кутулса Кудайды, Ага шүгүр кылууну унутуп коёт. Мына ошондуктан, Алла Таала өзүнүн ыйык Китебинде бизге кайрылып мындай дейт: **“Муктаждыгыңар болсо да, болбосо да, дайым Ага ( Аллага) жакындагыла”.**

Демек, инсан муктаждыгы болгондо гана эмес, муктаждыгы болбогондо да, кыйналганда да, кыйналбаганда да Алла Таалага дуба кылууга тийиш. Ошону менен ал жүрөгүндөгү жаман иштерден калган кара тактарды ушул дуба аркылуу тазалай алат. Айрыкча, дуба – пендени Алла Таалага байланыштырган, Жаратканга жакындаткан эң маанилүү ибадаттардын бири болуп эсептелет. Ошондой эле Пайгамбарыбыз Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) дуба жөнүндө: **“Дуба – момундун куралы”** - деп айткан Ырас, дуба аркылуу момун мусулман рухий күч-кубат табат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) кыйын абалга кириптер болгон учурда дароо Алла Таалага жалынып мунажат кылып, андан жардам сурап, дубадан кийин өзүн жеңил сезип калчу экен. Ошону менен бирге Куранда момундарга: **“Эгер силер дуба кылып жалбарбасаңар, Жараткан силерге көңүл бөлбөйт”** деп айтылган. Демек, мусулмандар ар дайым Алла Таалага дуба кылып, өздөрүнүн кандайдыр бир көйгөйүн же башка тилектерин билдирип турса, ошондо гана Жараткан дуба кылган кулуна көңүл бурат. Ушулар менен катар Алла Таала башка бир аятта мусулмандарга: **“Мага дуба кылып сурангыла. Мен силердин (сурангaн тилек-дубаңарды) кабыл кыламын”** дейт. Жараткан «менин баланча пендем качан мага дуба кылат экен» деп пенделеринен дуба күтөт. Анткени, Ал адам баласынын бактылуу болуусун каалайт. Бул анын мээримдүүлүгүнүн, жоомарттыгынын белгиси. Бирок, пенде булардын бардыгын түшүнбөйт жана түшүнгүсү да келбейт. Намаз, Кудай деп айтылса эле дароо ишим көп, убактым жок же шартым жок деп, өзүнүн шылтоолорун тизмектей баштайт. Ал эми пенденин эң негизги максаты шылтоо табуу эмес, Алла Таалага татыктуу кул болуу. Шылтоо табам деген адам жүздөгөн шылтоолорду тапса болот. Ал эми динди шылтоо, жалганчылык менен эмес, чын көңүл менен кабылдап, өкүмдөрүн аткарганыбыз оң.

Алла Таала бизди көрүп турат. Керек болсо биз ойлогон ойду, жүрөктөн өткөргөн нерселердин баарын билет. Алла Тааланын билүүсүндө эч кандай шек-күмөн жок. Бирок, Алла Таала адамдын Өзүнө канчалык жакын экендигин сыноо үчүн кулдарынын дуба кылуусун каалайт. Алла Таала биздин дубабызга, ибадатыбызга муктаж эмес, тескерисинче биз Ага муктажбыз. Ал эми биздин муктаждыгыбызды билген Алла Таала бизди жаратып эле койбостон, биздин ички дүйнөбүздү, руханий жашообузду оңдошубуз үчүн бизге Ислам динин жиберген. Алла Таала өз пенделерине кайрылып мындай дейт:

**Дуба кылган киши барбы, мен анын дубасын кабыл кылайын,**

**Тообо кылган киши барбы, мен анын тообосун кабыл кылайын,**

**Тилек тилеген киши барбы, мен анын тилеген тилегин берейин.**

Бул тууралуу Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген: **“Алла Тааланын алдында дубадан кымбат турган эч нерсе жок”, “Дуба -ибадаттын**

**өзөгү", " Кимге дуба эшиги ачылса, ага ырайым эшиктери ачылат".** Демек, кимге ырайым эшиктери ачылса, Алла Таала ага ырайым нурун төгөт, каалаган каалоо-тилектеринин баары кабыл болот. Инсан канчалык көп дуба кылса, ал ошончолук жеңилдейт, ырахат алат жана кубанат. Бирок, буларды кылбаган, билбеген түшүнбөйт жана дуба кылууну ойлоп да койбойт.

Чындыгында дубанын көптөгөн пайдасы бар. Мисалы, Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) доорунда болгон Бадр салгылашуусуна көз чаптырсак, Меккенин бутпарастары бир ууч мусулмандарды жер менен жексен кылып жиберебиз деп Бадр кудугунун жанына келишет.

Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед Мустафа болсо Алла Таалага кайрылып жардам сурайт: **"Оо, жардам сураган кишинин жардамчысы! Оо, улуу Алла Таалам! Сенин диниңди сактоо, коргоо үчүн сенден жардам сурайбыз. Өзүң бизге жардам бере көр".**

Алла Таала сүйүктүү элчисине жардам бербей коймок беле. Албетте, жок. Алла Таала: «колуңа бир ууч топурак алгын да мушриктердин жүзүнө чач» деп Жабирейил периште аркылуу ага буйругун билдирет. Бурук дароо орундалат. Аңгыча жер жайнаган бутпарастын баары көздөрүн ушалап, олтуруп калат. Бутпарастар сокур адамдай жер сыйпалап калган маалда мусулмандар аларды туткунга алышат. Ошентип, согуштун натыйжасы мусулмандардын жеңиши менен аяктайт.

Дуба кылууга чейин мусулман баласы төмөнкү жагдайларга көңүл бурушу керек:

Биринчиден, мусулман дуба кылууга чейин жеген тамагына, кийимине, ой-пикирине, жүрүм-турумуна көңүл буруп, арам нерселерден оолак болушу керек.

Экинчиден, чын ыкластан берилип, жан дилден дуба кылуу керек. Анткени, ооз учунан кылынган дуба кабыл кылынбайт. Анткени, Жараткан Алла биздин жүрөгүбүздөгү «кылт» эткен сезим учкунун да билип турат.

Инсандар кедей-кембагал, бай-бардар, карыжашы, ооруганы да, соосу да, айтор, баары текши дуба кылып, Алла Тааладан ден-соолук, бакубат жашоо жана ар түрдүү жакшылыктарды суроого тийиш.

Анда эмесе Жараткан өзү бардыгыбызды тилеген тилегибизге, кылган ниетибизге жеткирип, ар дайым Алла Тааланы эстеп жүрүүбүздү насип кылсын. Дуба кылыңыз, дубаңыз кабыл болсун. Дуба аркылуу Алла Таала барыбыздын жүрөгүбүздү ачып, дилибизди тазартсын. Дайыма бири-бирибизге дуба кылып туралы. Анткени мусулмандын бири-бирине кылган дубасы кабыл болот.

## Мээримиңди меңдейден аябачы

*Жүрөгүм ишенгенден ынайм Сага,*
*Жүзүңдү көрбөсөм да Кудай Таала.*
*Жалбарып бир Өзүңө таянамын,*
*Жанымды жеп турганга ылай санаа.*

*Өзүмдү кырк миң жолу алдасам да,*
*Өзгөрбөй сезимдесиң Алла Таала.*
*Бир жолу таразана түшөөрүм чын,*
*Миң жолу жакшы көрүп жалгасаң да.*

*Ыйманым болсо дагы бүтүн менин,*
*Баары бир коркокондордун ичиндемин.*
*Дооматтуу шум дүйнөдө жашап туруп,*
*Жетеби түз жүрүүгө күчүм менин.*

*Айыптуумун күнөөмдү тактай албай,*
*Азабы көп өмүрдү мактай албай.*
*Мээримиңди меңдейден аябачы,*
*Милдетим көп жүрбөйүн актай албай.*

**Надырбек Алымбеков.**
акын



# ИМАМ АЛ-МАТУРИДИНИН «ТААВИИЛАТУЛ-КУРАН» АТТУУ ЭМГЕГИ






Мураталиев Сабыр

Ислам дининин негизги таяна турган китеби – бул Куран. Куран мусулмандардын баа жеткис байлыгы. Куранда инсандардын бул дүйнөдө жана акыретте бактылуу болуусу үчүн негизги эрежелер берилген. Ошондуктан ар бир мусулман Куранга сый-урмат көрсөтүп, аны окууга жана өкүмдөрүн иш жүзүнө кынтыксыз ашырууга аракет кылышы керек. Куран адамзаттын адеп-ахлак, ишеним жана социалдык багыттагы бардык муктаждыктарын камтыйт. Ал адам баласынын бардык маселелерине жооп бере ала турган деңгээлде Жараткан тарабынан жиберилген эң акыркы Ыйык Китеп. Негизинен, Куран аяттары аны жөн эле окуп коюуну эмес, анын мааниси тууралуу терең ойлонууну талап кылат. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аяттардын маани-маңызы тууралуу терең ойлонуп, Куранда айтылган өкүмдөрдү иш жүзүндө көрсөтүп, жаамы мусулман коомчулугуна үлгү катары жашап өткөн. Ошондой эле ал көзүнүн тирүүсүндө айрым бир түшүнүүгө кыйын болгон Куран аяттарын сахабаларына өзү чечмелеп, түшүндүрүп турган. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аяттарды чечмелегенде бир канча ыкмаларды колдонгон. Куранды окуу менен бирге сахабалар тарабынан суралган суроо-талаптарга жараша жооп берүү аркылуу чечмелеп түшүндүрүп берчү. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бул дүйнө менен кош айтышкандан кийин анын бул улуу жолун сахабалары уланткан. Кийинчерээк Ислам динин ар тараптан терең өздөштүргөн жана тафсир илими (Куранды чечмелөө) менен алектенген чоң аалымдар бул багытта көптөгөн баалуу эмгектерди жазып калтырышкан. Маселен, Имам ал-Матуридинин тафсир тармагындагы баалуу эмгеги «Таавилаату ал-Куранды» айтсак болот.

Биз бул ирет Ислам илимдеринин ичинен «калам» тармагында чоң кадыр-баркка ээ болгон Имаму ал-мутакаллимиин Абу Мансур Мухаммад ал-Матуридинин «Таавилаатул-Куран» деген эмгеги тууралуу сөз кылууну туура таптык. Имам ал-Матуриди тек гана калам, акаид илимдери менен гана чектелип калбастан, тафсир илимин да мыкты өздөштүргөн. Ал жашаган доордо көптөгөн терс агымдар чыгып, ишеним багытында Куран аяттарын карапайым элге туура эмес түшүндүргөндөр чыккан. Имам ал-Матуриди Ислам дининин негизги асыл булактарына таянып, эмгектерди жазууну көздөгөн. Ал мындай чыгармачылыктын үстүндө эмгектенүүсүнүн натыйжасында Матуриди агымынын, сунни калам илиминин жана Ислам философиясынын негизделүүсүнө, ошондой эле, Исламдын Орто Азияда туура жайылышына зор салым кошкон. Айрыкча Куранды туура ачыктап түшүндүрүүдө да, анын ээлеген орду опол тоодой десек жаңылыштык болбос. Ал Курандын аяттарын түшүндүргөн убакта акыл жана накылга (аят, хадис) катуу көңүл бурган. Ошондой эле Курандын бүтүндөй инсанияттын көйгөйлөрүн чечип бере ала турган мыкты жол китеп экенин баса белгилеген. Имам ал-Матуриди жашаган мезгилде тафсир өзүнчө жеке илим тармагы болуп бөлүнгөн. Белгилей кетчү жагдай – бул мезгилде атактуу тафсирчи Мукаатил б. Сулаймандын, ошондой эле, Табаринин тафсир китептери жазылган.

Имам ал-Матуриди Куранды туура түшүндүрүү үчүн өзүнөн мурунку жазылган тафсир китептерден жана хадистерден кеңири пайдаланган. Ал айрыкча, риваят тафсирлериндеги кээбир риваяттардын туура эместигин баса белгилеп, акыл жана накылды туура колдоно билүү усулун ишке ашыруу менен Таавилатул-Куранды жазып чыккан. Албетте, ал бул тафсирди жазуу учурунда өзүнө таандык усулдарды колдонгон. Ал колдонгон усулдардын айрымдарын мисал бере кетели:

а) Имам Матуриди бир аятты окуп түшүнбөй калса, аны башка бир аят менен чечмелеп түшүндүргөн.

б) Окулган аяттын маанисин так, даана түшүндүрө билүү үчүн хадистерден пайдаланган жана хадистин раавилерине (айтуучуларына) токтолбой, түздөн түз хадистердин текстин берген. Бирок, анын далил катары алган хадистеринин көпчүлүгүн Ислам дининин негизги булагы болгон хадис жыйнактарынан табууга болот.

в) Имам ал-Матуриди Таавилаатул-Куранда аяттарды таавил кылган (чечмелеген) соң аягына сөзсүз түрдө «мунун эң туурасын Алла Таала гана билет» деп айтат.

г) Аяттарды чечмелегенде аятка байланыштуу ар түрдүү түшүнүү жолдорун изилдеп, бардыгына жооп табууга аракет кылат.

д) Итикадка (ишенимге) тиешелүү темаларда Мутазила, Жабрия, Жахмия ж.б. ишеним жаатындагы мазхабтардын (агымдардын) көз караштарын да айтуу менен, аяттарды алардын терс пикирлерине каршы жооп иретинде түшүндүрөт.

е) Фыкхи (ислам укугу) темага байланыштуу аяттарды Ханафи мазхабынын көзкарашынын негизинде түшүндүргөн.

ж) Мааниси татаал болгон маселелерде Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) риваят кылынган хадис бар болсо, ошол хадисти негиз кылып алган. Эгер хадис, далил боло ала турган деңгээлдеги талапшарттарга жооп бере албаса, анда ал «бул аяттын мааниси мындай жана максаты тигиндей» деп, кыска айтуу менен тим болгон. Ошондой эле «мындай купуя аяттардын маанисин ийне-жибине чейин билүүнүн заарылчылыгы жок» деп, аятты негизсиз эле тафсир кылуудан баш тарткан.

Ушуну менен катар, сөзүбүз куру болбос үчүн, Таавилаату ал-Курандан кээбир үзүндүлөрдү берип кетүүнү ылайык көрдүк. Мисалы айрым бир булактарга ылайык, жөөттөр Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) «Үңкүр ээлери» (Ахлу ал-Кахф) тууралуу сурашат. Азирети Мухаммед болсо «Алла каалаган болсо» деген сөздү унутта калтырып, «эртең жооп берем» деп койот. Мына ушул сөзү үчүн Алла Таала ага жаза катары бир канча күн вахий жибербейт. Төмөндөгү Кахф сүрөсүнүн « Бир да нерсе жөнүндө: “Мен албетте, эртең кыламын” дей көрбөгүн, бирок Алла кааласа” дегин» деп, айтылган аятты «ушул окуяга байланыштуу түшкөн» деген бардык тафсирчилердин риваяттарын Имам ал-Матуриди четке кагып, «бул таавилдер (түшүндүрмөлөр) туура эмес» деп айтат. Себеби, «Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Алла Тааладан буйрук келмейин «эртең жооп берем» деп айтпайт. Ошондой эле, «Алла Таала Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) жаза катары бир канча күн вахий жиберген эмес» деген сөздүн туура эместигин айтып, ал көз карашка каршы минтип жооп берет: «Алла Таала аны Өзүнүн элчиси кылып тандап, кайра ага вахий жибербестен таштап койо турган болсо, анда Алланын элчиси эл алдында жалганчы болуп калмак. Андан соң Пайгамбарыбыздын алып келген бардык кабарларын кабыл кылбай, аны жалганга чыгарышмак» деген пикирин айтат.

Кеп учугун андан ары улай турган болсок, Имам ал-Матуриди кээ бир муфассирлерди мындайча сындаган. Муфассирлер Кахф сүрөсүндөгү «ракиим» деген сөздүн мааниси эмне?- деп ар түрдүү пикирлерди айтышат, айрымдар «ракиим», ал «китеп, үңкүр жайгашкан өрөөн , үңкүр ээлеринин аты жазылган такта, үңкүр ээлеринин чыккан жери» деп божомолдошот. Бул тууралуу Абдуллах б. Аббас (Алла ага ыраазы болсун) ракиимдин эмне экендигин билбеймин, бирок Убай б. Кабдан сурасам, «ракиим - үңкүр ээлеринин чыккан жери» деп айтты дейт. Муфассирлер ракиим тууралуу көптөгөн нерселерди айтышкан. Имам ал-Матуриди бул үңкүр жана ракиимди билбесек деле болот, анткени мушриктер үңкүр менен ракиимди эмес, үңкүр ээлерин сурашкан. Ошондуктан, «муфассирлердин мындай пайдасыз нерселер менен алектенүүлөрү туура эмес» деп, өзүнүн сын пикирин айтат.

Дагы бир айта кетчү нерсе, Имам Матуридинин «Таавилаату ал-Куран» аттуу эмгеги толугу менен эки жолу жарык көргөн. Биринчисин, Фатима Юсуф ал-Хиями даярдага соң «Ар-Рисала нааширун» деген фонд тарабынан 2004-жылы 5 том болуп Бейрутта басылган. Экинчисин Мажди Басаллум даярдаган. “Таавиилаату ахли ас-сунна”(Тафсиру ал-Матуриди) деген ат менен “Даару ал-кутубу ал-илмиййа” аттуу фонд тарабынан Бейрутта 2005-жылы 10 том болуп басылган. Учурда Туркия мамлекетинде да Имам ал-Матуридинин бул эмгегин изилдеп, жарыкка чыгаруу максатында “Имам Абу Ханифа жана Имам Матуриди таануу” фондунун карамагында Профессор Бекир Топалоглу баш болгон билим адамдары тарабынан “Таавилаат ал-Куран” Касас сүрөсүнө чейин каралып басылып чыкты, ошондой эле калган сүрөлөрдүн тафсири каралып жатат.

Мына ошентип, биз бул макалабызда Орто Азиядан чыккан аалым Имам ал-Матуридинин Тавилаат ал-Куран аттуу эмгегин таныштырууга аракет кылдык. Ал эми Имам ал-Матуридинин өмүр-таржымалы жөнүндө маалымат алгыңыз келсе, Ак башат журналынын 2007-жылы жарык көргөн №7-санынан окусаңыздар болот.



Француз жазуучусу Франсуаза Саган мусулман аялзатына мындайча кайрылат: “Оо, чыгыш аялдары! Силердин атыңардан сүйлөп, силерди эркектер менен тең укуктуулука чакыргандарга алданбагыла! Алар мурун бизди шылдындаган сыяктуу силерди да шылдыңдап жатышат. Эч кимге алданбагыла, силердегидей укук, теңдик бир да бөлөк коомдо жок”.

Фон Хармер: “Хижап мусулман аялзатынын кадырын, намысын сактап калды. Андыктан буга суктаныш гана керек” дейт.

Англиялык жазуучу, философ Бернард Шоу мындайт дейт: “Мен Мухаммеддин динин жогору баалайм. Бул чыныгы жашоо. Адам баласынын жашоосун түп тамыры менен өзгөртүүчү чыныгы жалгыз дин. Ислам бардык кылымдарга толук жооп берген дин. Мен бул укмуштуудай адамдын өмүр таржымалын кылдат окуп чыктым. Аны “адамзатын куткаруучусу” деп атоого толук негиз бар. Христоско душмандыгым жок. Мен ойлоор элем, эгерде бул адам азыркы учурда дүйнөнү башкарса, адамзатынын бардык көйгөйлөрүн чечип, жер жүзүнө тынччылыкты бактылуулукту алып келмек. Мен келечекте европалыктардын бардыгы Мухаммеддин динин кабыл алышат, деп ойлойм. Европада да күн өткөн сайын дин Исламдын кулачы кеңейип жатат”.

АКШнын Колумбия штатындагы Миссури университетинин студенткасы 28 жаштагы Эмилия (азыркы аты Хажар) “Ислам динин жалгыз куткаруучу дин” деп эсептейт.

Ал чындыкты издеп, Ислам тууралуу көптөгөн китептерди окуп чыккан. Хажар америкалыктардын материалдык маданиятынан чындыкты көрө алган эмес.

Эки жылдык изилдөөлөрдөн, терең ойлонуудан кийин Ислам динин кабыл алган. Хажар мындай дейт: “Мага көптөгөн жылдардан бери аалам ,адам, жашоо тууралуу суроолор тынчтык бербей келген. Мен буга америкалык-батыш маданиятынан, алардын жашоого болгон көз караштарынан канааттандырарлык жооп таба албадым. Ислам тууралуу түшүнүгүм жок эле. Алгачкы жылдары Ислам жөнүндө көп аялдуулук, эркек-аялдын ортосундагы мыкаачылык, теңсиздик сыяктуу гана нерселерди угуп келгем. Мен өзүм Исламды окуп изилдегенден кийин гана анын кандай гана таза , кандай гана аруу, акылга төп дин экендигин түшүндүм. Англис тилиндеги Ислам тууралуу китептердин аздыгына байланыштуу толук таанышуу алгач кыйынга турду. Бирок алгачкы күндөн тартып эле Исламга болгон көз карашым оң жагына ооп, аны жакшы көрө баштагам. Бул дин адамдын табиятына төп келген, акылды канааттандырган эң калыс, эң адилеттүү дин. Адамдын жасаган ар бир ишине жооптуу экендигин түшүндүргөн дин. Ошентип аз аздан түшүнүп олтуруп жалгыз Алла Таалага бет алып, Исламга кадам таштадым”.

# БАТЫШТА МУСУЛМАН АЯЛЗАТЫНА ОҢ КАРАГАНДАР ДА БАРБЫ?

Назира Садыева

Ислам дини аялзатына көптөгөн укуктарды ыйгарып, өсүп келе жаткан жаш муунду тарбиялоо жоопкерчилигин тапшыруу менен ага өзгөчө мамиле жасаган. Муну батыш окумуштуулары да кабылдашат.

Алардын бири англичан айым Анни Бизант: “Аялзаты мусулман коомчулугунда көптөгөн укуктарга, эркиндиктерге ээ. Көп аялдуулукка каршы чыккан коомчулуктарга салыштырмалуу ислам коому аялдардын укуктарын жогорку деңгээлде сактап, коргоп келет. Бул дин көп аялдуулукта аялдарга карата калыстык мамиле жасоону талап кылат. Ислам аялдарга илим алуу укугун да калыс карап, милдеттерин тактап берген. Нафака аркылуу анын турак-жай, кийим-кече, тамак-аш менен камсыздалышы анын коопсуздугун талаптайт. Ал эми батышта аялдар кумар кандыруучу объект сыяктуу гана каралып калды. Андан соң алардын эмне болоору, эмне кийип, эмне ичээри менен эч кимдин иши жок” дейт.

### Азирети Адам Атанын урпагы Азирети Шитке айтылган насаат:

*«Шит! Дүнүйөгө көңүл бурба. Ар бир иштин акыр-аягына карап натыйжсынын кайда барарын ойлон. Бир ишти баштаардан алдын жүрөгүң сыгылып, түпөйүл ойго кабылар болсоң андан дароо баш тарт. Өмүрүңдүн акырына чейин бирөө менен кеңешмейин иш баштаба!»*

### Азирети Жакыптын уулдарына айткан насааты:

*«Уулдарым! Акыйкатта Алла силерге бул динди ылаа көрдү. Андыктан, силер өлүм келгенге чейин Аллага гана моюн сунгула!» (Бакара, 132).*

# Бизге Айтылган Насааттар



### Улукман Акимдин (алейхис салам) уулуна айткан насааты:

*«Уулум! Кейкейип бой көтөрбө жана жер үстүндө текеберлене баспа. Акыйкатта, Алла мактанчаак менен текебер атпайды сүйбөйт. Жүрүшүңдү жайлат, үнүңдү басаңдат. Анткени, үндөрдүн эң жаманы эшектердин үнү!» (Лукман сүрөсү 18-19).*

### Азирети Мухаммед Мустафанын кызы Азирети Фатимага айткан насааты:

*«Кызым! Өмүрлүк жолдошуң сени караган кезде жеңилденип жүрөөн үчүн напсиңди суу менен аруулап, Жаратканды тилиң менен эскере жүр. Көздөрүңө сурма кой, анткени, сурма аялзатынын көркү. Фатима, Алланын даргөйүндө кабылдана турган ибадаттарды аткар. Болбосо, кыяматта Алланын азабынан мен сени куткара албайм».*

# КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ (1785-1855)



Калыгул өткөн доордо бизге белгилүү кыргыз сөз устаттарынын бири. Акын айткандарын жалпы жонунан «Акыр заман» деп атаган. Калыгулдан кийин ушул темага кайрылгандар аны тематикалык жана формалык жактан тереңдетип гана отурушту.

XIX–кылымдын биринчи жарымында кыргыз элине бөтөнчө кеңири белгилүү болгон нускоочу, ойчул акын Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн Карай-Ой деген жеринде Бай аттуу оокаттуу, төрт түлүгү түгөл адамдын үй–бүлөсүндө туулган. Атасынан калган оокатка ээ болуп, ал өмүрү өткүчө эч нерседен кор болгон эмес. Калыгулдун чоң атасы, чоң энеси, алардын бир туугандары жөнүндө маалымат жок. Бирок акындын өзүнөн тараган укум-тукуму бар.

Калыгул өткөн доордо бизге белгилүү кыргыз сөз устаттарынын бири. Акын айткандарын жалпы жонунан «Акыр заман» деп атаган. Калыгулдан кийин ушул темага кайрылгандар аны тематикалык жана формалык жактан тереңдетип гана отурушту.

Калыгул эр жеткен кезинен эле элге тамсилчи, меселчи акын катары тааныла баштайт. Ал көпчүлүк акындардай комуз күүлөп, үн кошуп ырдабастан, алдына келген адамдарга макалдатып айтып берген. Ал төрөлүктүн каадасын сактап, эл жыйналган жерде ырдачу эмес. Калыгулдун бөтөнчөлүгүнө байланыштуу мындай маалымат бар: «Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан тойдо ырдабаган. Сөзүн көп ачып айта бербеген, көп убактарда унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын–токтоолук менен акыл–насыят катарында сүйлөгөн». Даанышмандыгынын белгиси ушу: «туура бийде тууган жок, тууганду бийде ыйман жок» - дегендей акындын калыстыгы айрыкча белгиленет. Ошондон улам «кара кылды как жарган, Калыгулдай калыс бол» деген ылакап калган.

Калыгулдун ырларында акыр заман идеясы көбүрөөк орун ээлесе да, санат, насыят, терме, адамдын жүрүш–турушун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын. Албетте, Калыгул өз заманынын адамы катары, феодалдык турмуштун идеологу катары анын салт–санаасын, үрп–адатын, психологиясын жактап, мактоодон сырткары кала алган эмес. Эгер коом ага болгон элдин мамилеси улам өзгөрүлө баштаса, анда замана Калыгул үчүн таптакыр бузулчудай сезилчү. Тоголок Молдо, Сагынбай, Шапак, Ыбырай, Абдыкалык өңдүү көрүнүктүү карыя акын, өнөрпоздордун айтымына караганда Калыгул кыраакы, көрөгөч, даанышман катары таанылган адам.

Калыгул 1855-жылы Ысык-Көлдүн Ак-суу деген жеринде жетимиш жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Акын өлөөрүнөн бир күн мурун алыска жол тартып баратып, Чолпон-Атага кире бериш жердеги жолдун жээгин көрсөтүп, «менин сөөгүмдү ушул жерге койгула», - деген керээзин айткан экен. Ошонун эртеси Байсоорунда жол үстүндө каза табат. Керээз боюнча сөөк Кара-Ойго коюлган.

### ЧЫГАРМАЛАРЫ:

Акыр заман
Азиздер айтып кетиптир
Акыр заман болжолун
Ак Азирети Пайгамбар,
Адам ата баш болуп
Акыр заман кишиси
Кичине болоор мүчөсү.
Илгери өткөн адамдан
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок
Ташка конот деп айткан.
Мал азайып арымдап
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан
Андан кийин замана
Акыр заман адамы
Аалым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Заалым болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш
Ошондо айыл конот деп айткан.

### КАЛЫГУЛДУН «АКЫР ЗАМАНЫ» ТУУРАЛУУ

Акын аталган чыгармачылыкты бек туткан ар бир инсан өз элинин түйшүгү менен жашабай коё албайт. «Эгер жерден жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деген кеп бекеринен айтылбагандыр. Эмесе өз мезгилинин даанышманы Калыгул акын да учурдагы коомдук–саясий абалга өз мамилесин билдирбей койгон жок. Коомдук саясий тема Калыгулдун бардык эле ырларында орун алганын байкоо кыйын эмес. Анткен менен бул темага акын «Акыр заман» казалында айрыкча көңүл бурган. Тарыхтан белгилүү болгондой Калыгулдун тушунда кыргыз турмушунда чукул өзгөрүүлөр жүз берип, ар кандай прогрессивдүү процесстер жүрө баштаган. Буга болгон акындын терс мамилеси байкалбайт, ошентсе да анын кыргыздын уруучулук, каада–салтын, жүрүш–туруш нормаларын толугу менен жактаганы ушул казалда даана берилет.

XIX–кылым ортолоп калган чакта Борбордук Азиядагы башка элдердей эле кыргыз турмушуна дагы соода–сатык күмүштөн кире баштаганы белгилүү. Мунун албетте көп жакшы жактары бар. Ага–тууган сыйлашпай, аганын сөзүн ини укпай, атанын сөзүн бала укпай, пейил бузулган замандын белгисин акын ошол мамиледен көрөт. Балким ал жаңылып жаткандыр, бирок «конушу такыр, чөбү жок ташка конот деп айткан, элдин наркы бузулуп, ачка болот деп айткан» деген саптары барып–келип коомдун пейили бузулганы – акыр замандын жакындаганын тымызын далилдеп тургансыйт.



### НАСЫЯТ, САНАТ ЫРЛАРЫ

Кызыл – кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар.
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар.
Жашыл ала кыялар,
Жагалмай талга уялаар,
Жакшы заман келгенде
Жаштар бизди кубалаар.
* * *
Кийин чыккан адамы
Ишин билген амалдуу
Аяр болот деп уктум.
Кандай кылган жумушка
Даяр болот деп уктум.
Ошондогу адамдар
Молдо болот деп уктум.
* * *
Кыйкырганы бел ашпай,
Үн кыскарган бир заман.
Кылса жумуш бүтпөгөн,
Күн кыскарган бир заман.
Кожо, молдо жоголуп,
Дин кыскарган бир заман.
Орозо – намаз окубай,
Тил кыскарган бир заман.
Өтүп барат бир заман.
Биз жүргөн жер тар заман,
Кийин келээр зар заман.
* * *
Орой киши баатыр болоор,
От чыкпай жериң такыр болоор.
Аягың таш болоор,
Короoң бош болоор.
Мингениң жыгач ат болоор.
Ыгы жокко жан берип,
**Ыйманың** сага жат болоор.

Улуттук казынадан

# Маркум жана жаназа намазы

Абдуррахман Хачкалы
Фикх илимдеринин доктору

Түбөлүктүү - жалгыз Жараткан Алла Таала. Адам баласы да жаамы жандуу-жансыз сыяктуу күндөрдүн биринде сөзсүз түрдө бул дүйнө менен кош айтышат. Ислам désпинде тирүү адамга урмат кылуу канчалык мааниге ээ болсо, одүйнө салган маркумга да урмат кылуу ошондой мааниге ээ. Өлүм - бул жок болуу эмес, түбөлүк жашоонун башталышы. Чыныгы жашоо – бул акыреттик жашоо. Көз жумган мусулман маркумду жуу, кепиндөө, ага дуба кылуу үчүн жаназа намазына туруу жана көмүү мусулмандар үчүн «парз-ы кифая» болуп саналат.

## ӨЛҮМ АЛДЫНДА ЖАТКАН АДАМГА КАРАТА ЖАСАЛА ТУРГАН ИШТЕР[2]

Көз жумаар алдында жаткан адамды мүмкүн болсо, оң ыптасы менен кыбыла тарапка буруп жаткыруу керек. Эгер мүмкүн болбосо, чалкасынан жаткырып, жүзүн кыбылага буруу абзел. Эгер буга да мүмкүнчүлүк болбосо, өз жайына койуу дурус.

Бул учурда анын жанында келме келтирип туруу керек.

Мусулман адам бирөөнүн көз жумганын уккан кезде «Иннаа лиллахи ва иннаа илайхи роожиуун» (Чындыгында баарыбыз Аллага гана таандыкпыз жана Ага кайтабыз) деп айтышы керек.

Адам одүйнө салган соң көзүн жаап, ээгин байлап, колу-бутун түздөп койуу зарыл. Андан соң кийимин чечип, үстүн ылайыктуу кездеме менен жабуу зарыл.

Көз жумган адамдын жакындары ашкере өкүрүп-бакырып, чачын жулуп, бети-башын тытпашы керек. Бул туура эмес жорук. Албетте, адам баласы болгон соң жакын тууганы көз жуумп жатса, ыйлабай койбойт, ыйлайт. Адам уулунда ырайымдуулук, мээримдүүлүк, сүйүү деген сезимдер бар. Ыйлоо мына ушундай аруу сезимдердин талабы. Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед да уулу чарчап калганда көзүнө жаш алган. Бирок жанагыдай ашкере өкүрүү, бети-башын тытып ыйлоо туура эмес. Ошондой эле өлүк үчүн атайын кошокчуларды алып келүү да туура эмес иш. Себеби өлүм дагы Жараткан Алланын жазмышы. Ошондуктан, Анын жазмыш-тагдырына ыраазы болбой, Ага баш көтөрүү түшүнүгүн туюнткан иш-аракеттерден оолак болуу абзел.

Маркум жуулганга чейин маркумдун жанында Куран окулбайт. Башка бөлмөдө окуса болот.

## МАРКУМДУН ЖУУЛУШУ[2]

Маркумду болушунча эрте жуу, кепиндөө жана жерге берүү мустахап болуп саналат. Азирети Пайгамбарыбыз жаназаны тез арада койууга буйурган (Бухари, Жанаиз, 52; Абу Давуд, Жанаиз, 45, 46).

Имам Азам агымы боюнча, көз жумган адамдын башы менен бирге денесинин көпчүлүк мүчөсү болсо, жуулат. Денесинин жарымы жок, башсыз маркум жуулбайт. Ошондой эле башы, денесинин жарымынан аз мүчөсү бар маркум да жуулбайт, кепинделбейт, жаназа намазы да окулбайт. Ал эми Имам Шафи менен Ахмад бин Ханбалдын көз карашында, мусулман маркумдун денесинен аз гана мүчө болсо, аны жууп кепиндеп, жаназа намазын окуса болот.

Маркумду жуу – бул ага гусул алдыруу дегенди түшүндүрөт. Андыктан гусул алууну билген ар бир мусулман баласы маркумду жууса болот.

Маркум төмөнкүчө жуулат: алгач кийимдерин чечип, киндиктен тизеге чейинки аралыкты жаап, буту кыбыла тарапка келе турган таризде чалкасынан жаткыруу керек.

Маркумду жуугандар жууп жатканда «Гуфроонака йаа Рахмаан» (Оо, Мээримдүү Жараткан Алла! Ушул маркумдун күнөөлөрүн кечире көр!) деп кайра-кайра кайталап турушат. Маркумду жууй турган адам алгач (маркумду жууганга) ниет кылат. Андан соң колуна кездеме ороп, маркумдун аврат жерин жууп тазалайт. Андан кийин ага даарат алдырат. Бул учурда жаназанын оозу-мурдуна суу берилбейт, сууланган манжа менен гана нымдап коет. Жүзүн, колун чыканагына чейин жууп, башына масх тартып, буттарын жууйт. Көз жумган жаш балдарга даарат алдыруунун кажети жок. Андан соң маркумдун башына суу куйуп, биринчи сол ыптасына жаткырып оң ыптасын, анан кайра оң ыптасына жаткырып сол ыптасын жууйт. Андан кийин маркумду жууган адам аны отургузуп, курсагын сылайт. Эгер ичеги карынынан бир нерсе келсе, аны тазалап жууйт. Бул учурда кайра даарат-гусул алдыруунун кажети жок. Андан соң жаназаны сүлгү менен кургатып, кепиндейт. Маркумдун чачын, сакалын алууга, тароого, ошондой эле тырмактарын алууга да болбойт.

Маркумга жагымдуу атырдан сээп койуу абзел.

Маркум көпкө кармалгандыктан, денеси бузула турган абалга жетип калган болсо, жөн гана үстүнө суу куйуп гусул алдырылат.

Суу табылбай калса, маркумга таяммум алдырылат.

Эркек маркумду эркектер, аял маркумду аял кишилер жууйт.

Аял киши күйөөсүн жууй алат. Имам Азам агымы боюнча, күйөөсү көз жумган аялын жууй албайт. Бирок, таяммум алдырса болот. Калган үч агым боюнча, эркек киши аялын жууса болот.

Маркумду мүмкүн болсо жууганды билген эң жакын адамдары жууганы дурус.

Көз жумган мусулман адамдын жакын туугандары мусулман эмес болсо, аны жууп-кепиндөө мусулмандардын милдети болуп эсептелет. Аны туугандарына таштабоо керек.

## МАРКУМДУН КЕПИНДЕЛИШИ[3]

Маркум оролчу кездеме «кепин» деп аталат. Кепин пахтадан жасалган ак кездемеден болгону дурус. Кепинди абдан кымбат баалуу кездеме менен бычуунун кажети жок. Ошону менен бирге өтө эле сапатсыз кездемеден бычуудан да алыс болуу абзел.

Маркумду денесине жете турган кездеме менен кепиндөө парз. Бул эң ириде жакын туугандарынын, андан соң мусулмандардын милдети.

Эркек адамдын кепини сүннөткө ылайык үч бөлүк кездемеден турат. Анын биринчиси маркумдун боюнан бираз узун болуп, «лифафа» деп айтылат. Маркум эң ириде мына ушул кездемеге жаткырылат. Экинчиси мындан бираз кыска, бирок маркумду башынан-айагына чейин жаба тургандай кездеме болуп, «изар» делет. Ал эми үчүнчү кездеме «камис» деп аталып, маркумдун моюнунан баштап тизесин кошо жаап турушу керек.

Эркек адам төмөнкүчө кепинделет: алгач жерге лифафа, анын үстүнө изар жайылат. Андан кийин маркумга камис кийгизип, изардын үстүнө жаткырып, биринчи изардын сол ыптасын, андан соң оң ыптасын тыкан ороо керек. Андан соң маркумду лифафага ороп, баш жана аяк жагынан байлап койуу зарыл. Кепин ачылып кетпеши үчүн киндиктин үстүнөн байлап койсо да болот.

Ал эми аял киши үчүн буга кошумча баш жана төш кездемеси зарыл. Аял кишини кепиндөөдө камисти кийгизген соң чачын экиге бөлүп, аны мүрүсүнө (төшүнө) жаткырып койуу керек. Баш кездемеси менен чачы, жүзү жабылат. Андан кийин аял маркумду изарга, изардын сыртынан төш кездемесин орогон соң лифафага ороо менен кепиндөө иши бүтөт.

Үч бөлүктөн турган кепин табылбаса, эркек маркумду эки кездемеге, аял маркумду да эки кездемеге кошо баш кездемеси менен үч кездемеге ороо керек. Эгер бул да болбосо, маркум сөзсүз түрдө бир кездеме менен болсо да, кепинделиши керек.

Кепин каза болгон адамдын каражатынан сатып алынат. Мал-мүлкү жок болсо, кепинин туугандары сатып алышы керек. Эгер туугандары да жок болсо, анын кепинин мусулмандар алышы керек. Каза болгон аял үчүн күйөөсү кепин табышы керек.

## ЖАНАЗА НАМАЗЫ[4]

Жаназа намазы – мусулман маркумдарга дуба кылуу максатында окулган намаз. Жаназа намазы парз-ы кифая. Жаназа намазында руку-сажда болбойт. Жаназа намазга турган адам даарат алып кыбылага бет алып турушу керек.

Жаназа намазын окуу үчүн алты шарт бар:

Маркумдун мусулман болушу. Мусулман эмес адамга жаназа намазы окулбайт.

Маркум жуулган же таяммум алдырылган болушу керек.

Маркум жамааттын алдында турушу зарыл.

Денесинин жарымынан көбү же башы менен бирге эң азынан жарымынын болушу

Маркум табыты менен жерге жаткырылышы керек

Жаназа намазын окуй турган адам өйдө турган калыбында болушу керек.

## ЖАНАЗА НАМАЗЫНЫН ОКУЛУШУ

Жаназа намазы төмөнкүчө окулат: алгач «Алла ыраазылыгы үчүн береги эркек кишинин (же аял же болбосо кыз же эркек баланын) жаназа намазын окууга ниет кылдым» деп ниет кылынып, «Аллаху акбар» деп такбир алынып «субханака» дубасы окулат. Андан кийин имам колун көтөрбөй туруп үндү бийик көтөрүп «Аллаху акбар» деп такбир алат, жамаат да үн чыгарбай ичтен такбир алат. Андан соң «салли-баарик» дубалары окулат. Имам дагы үн чыгарып такбир алган соң, жаназа дубасы окулат. Жаназа дубасын билбегендер «Роббанаа аатина..» дубасын окушса болот. Андан кийин төртүнчү такбир алынып, эки жака салам берилет.

Жаназа намазында жамааттын көп болушу мустахап. Асыресе, жаназа намазы бир киши тарабынан окулушу менен парз орундалган болот. Аял кишилер да жаназа намазына кошулушса болот. Эгер аялдар да кошула турган болсо, эркектердин артынан сапка тизилиши керек.

Жаназа намазы окулбай көмүлгөн маркумдун жаназа намазын арадан көп убакыт өтпөсө, окуса болот. Буга Пайгамбарыбыз өзү үлгү болуп берген.

Жаназа намазына кеч келип калган адам дароо такбир алып, эч нерсе окубай, калтырылган такбирлерди алуу менен жаназа намазын толуктаса болот.

Күн чыгып келатканда, төбөдө турганда жана батып баратканда жаназа намазы окулбайт.

Имам Азам жана Имам Мухаммеддин пикиринде, өзүн-өзү өлтүргөн адамдын жаназасы окулат.

Жаңы төрөлүп көз жумган ымыркайды жууп, кепиндеп, ат койуп, анын жаназа намазын окуса да болот. Ал эми жансыз төрөлгөн ымыркайна жаназа окулбайт. Аны жуунун да кажети жок, бир кездемеге ороп, жерге жашыруу керек.

Ата-энесин эч бир себепсиз атайлап өлтүргөн адамдын жана каракчылык учурунда өлтүрүлгөн кылмышкердин жаназа намазы окулбайт.

### ШИЛТЕМЕЛЕР


1. ал-Мавсилий, ал-Ихтияр, 1-том, 118; Садруш-Шариа, Мухтасарул-Викоя, 28; Шейх Низамуддин ж.б., ал-Фатаавал-Хиндиййа, 1-том, 198
2. ас-Сарахси, ал-Мабсут, 2-том, 91; ал-Мавсилий, ал-Ихтияр, 1-том, 119; Шейх Низамуддин ж.б., ал-Фатаавал-Хиндиййа, 1-том, 199; ал-Каасаани, Бадааиус-Санааи, 1-том, 300
3. ас-Сарахси, ал-Мабсут, 2-том, 116; ал-Мавсилий, ал-Ихтияр, 1-том, 120; Садруш-Шариа, Мухтасарул-Викоя, 28; Шейх Низамуддин ж.б., ал-Фатаавал-Хиндиййа, 1-том, 202; ал-Каасаани, Бадааиус-Санааи, 1-том, 306
4. ал-Мавсилий, ал-Ихтияр, 1-том, 122; Садруш-Шариа, Мухтасарул-Викоя, 28; Шейх Низамуддин ж.б., ал-Фатаавал-Хиндиййа, 1-том, 204; ал-Каасаани, Бадааиус-Санааи, 1-том, 310

# АМАНАТКА БЕК БОЛУУ



Осман Нури Топбаш

Аманат жана ыйман деген сөздөр арапча бир эле уңгудан келет. Ыйман келтиргендер жалпысынан «му+мин=момун» деп аталат. Мумин деген кереметтүү сөз ошол эле маалда Жараткан Кудай Тааланын көзөл ысымдарынын бири. Бул ысым Алланын коопсуздуктун анык булагы экенин, пенделери үчүн ишенимдүү жөлөк, ынанымдуу таяныч экенин туюнтат. Пайгамбарларды «аманат» деген сыпатка, ишенимдүүлүккө Ал тарбиялаган. Бул жагынан мумин - момун -ыйман келтирген, аманат берилген, ишенимдүү, коопсуз пенде деген маанилерди туюнтат.

Абу Муса *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбызга суроо салат:

-Пайгамбарым! Мусулмандардын эң шарапаттуусу ким ?

Анда Пайгамбарыбыз:

*«-Тилинен да, колунан да мусулман пенде жабыр тартпаган адам»* деп жооп берди (Бухари, Иман 4, 5, Рикак 26; Муслим, Иман 64-65).

Ишенимдүүлүк, айтылган сөзгө, макулдашылган келишимге бек болуу-коом менен жеке адам жашоосунун негизги эрежеси. Коомдун бейпил турмушу, тынчтыгы коомдун мүчөсү саналган адамдардын ишенимдүү болушуна жана убадага бек турушуна байланыштуу. Мындай сапат жок жерде дин да, дүнүйө да туруктуулугун жоготот.

Пайгамбарлардын ишенимдүүлүгүнө атайы басым жасалуу иретинде Куранда минтип баяндалат:

**«Раббим билдирген нерселерди силерге маалымдап жатам, мен силер үчүн ишенимдүү насаатчымын»** (Аараф, 68).

**«Менин ишенимдүү пайгамбар экенимде шек жок»** (Шуара, 107).

Бул сапат Мухаммед Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* үмөтүнүн энбелгиси десек туура болот. Азирети Мухаммедди пайгамбарлык келелектен мурда деле калайыктын баары «Амин-ишенимдүү» деп чакырышчу.

Ишенимдүүлүктүн түркүгү саналган убадага бектик маанилүү сапат. Жараткан Алла айтылган убаданы так орундатууну буйруган:

**«Эй, ыйман келтиргендер! Келишимдердин талабын аткаргыла!»** (Маида, 1).

**«... Берген убадаңарды орундаткыла. Анткени берилген сөз жоопкерчиликти талап кылат»** (Исра, 34).

**«Алар аманаттарды жана келишимдерин аткарышат»** (Мумин, 8) деп акырет азабынан кутулган момундардын өзгөчөлүгүн маалымдаган.




Адамдарга сөз берүү жана бардык түрдөгү келишимдер ошол эле маалда Аллага сөз берүү деген мааниге келээрин эч качан унутпоо керек. Андыктан бул иштерге Алла күбө болуп тургандыктан, сөзсүз талапты аткарып, жоопкерчиликти орундатуу абзел.

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Сөзү туура, ишенимдүү жана дурус соодагер мусулман кыямат күнү элчилер, чынчылдар жана шейиттер менен чогуу болот»* деп сүйүнчү айткан (Тирмизи, Буйу, 4/1209; Ибн-и Мажа, Тижарат 1).

Мунун тескерисинче сөзгө турбаган ишенимсиз адамдар үчүн өтө коркунучтуу эскертүүлөр бар:

*«Кыянатчынын ыйманы жок!»* (Ахмад, III, 135).

Киши баласынын ишенимден чыгып калышы ыйманынын алсыздыгын, адамдык касиетти аяк асты кылганын жана Ислам ыроологон артыкчылыктарды жок кылганын билдирет. Анда ыймандын аты гана калат, ибадат кампасы жер жуткандай аңырайт, тек гана наамына мөөр болуп басылган «ишенимсиз», «кыянатчы», «жалганчы» жана «туруксуз» деген жалгама аттан башка эч нерсе калбайт. Бул жагдайды Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* минтип нускалайт:

«Адамдын окуган намазына, туткан орозосуна карап дароо баа бычпагыла. Туура сүйлөйбү, тапшырылган аманатты сактай алабы же дүнүйө колго тийгенде адал-арамды айырмалайбы, мына ошонусуна карагыла!».

Аманатка кыянатчылык жана убадага турбоочулук дарты эгер эмделбесе, акырында мунафыктык-экижүздүүлүк деген эң жаман абалга жеткирет.

*«Төмөндөгү төрт сыпат кимде бар болсо, ал мунафык: Берилген аманатка кыянат кылат. Жалган сүйлөйт. Сөзүнө турбайт. Душмандыкта чектен чыгып, адилетсиздик кылат. Мына ушул төрт сыпаттын бири кимде болсо, аны таштамайын андан мунафыктык сыпат кетпейт»* (Бухари, Иман, 24, Мазалим, 17; Муслим, Иман 106).

*«Алла Таала мындай деди: Мен кыямат күнү береги үч топтун душманымын: Менин атымды оозанып касам ичкен соң сөзүнө турбаган адамдын, эркин адамды кул деп сатып акчасын жеген адамдын, келишим менен жумушчу иштетип, иш бүткөн соң акысын бербеген адамдын»* (Бухари, Буйу 106, Ижара, 10).

Демек, убадага бек туруп, аманатты так аткарып,




мусулмандыктын белгисин сактап калуу ар бирибиздин милдетибиз.

Азирети Мухаммедке «ал-Амин» жана «ас-Садык» сыпаттарын бердирген көптөгөн үлгүлүү окуялардын бирин  Абдуллах бин Абил Хамса төмөнкүчө баян этет:

«Ал мезгилде пайгамбарлык бериле элек эле. Мен ошондо Азирети Мухаммед менен бир нерсени  соодалаштым. Натыйжада мен ага бересе болуп калдым. Бир аз күтө турган болсо, жеткирип беремди айтып жүрүп кеттим. Бирок кашайып, берген убадамды унутуп коюптурмун. Арадан үч күн  өткөндөн кийин берген убадам эсиме түштү. Эмнеси болсо да, бир барып көрөйүн деп убадалашкан жерге барсам, Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) баякы жерде турат.

Ишенимдүүлүктүн жана берилгендиктин туучокусун багынткан Алла Элчисинин ахлактык аруулугуна тан берүү керек. Убадага турбагандыгым себептүү мени айыптабастан:

*«-Эй, жигит! Мени кыйнап койдуң го, үч күндөн бери ушул жерде күтүп турам»* деп койду,  сылык гана (Абу Давуд, Адаб, 82/4996).

***

Жабирдин *(Алла агы ыраазы болсун)* атасы Ухуд чабышында шейит кетет. Ал көп балалуу болгондуктан артында бир кыйла карызы калат төлөнбөй.  Күндөрдүн биринде Алла Элчиси Жабирди жанына чакырып мындай дейт:

*«-Эгер Бархрейнден зекеттин малы келе турган болсо, сага жетиштүү үлүш бөлүп беремин»*. Бирок зекетке чогулган мал Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин келет.

«-Алла Элчиси кимге убада берген болсо же бересеси болсо, келип алгыла!» деген халифанын жарыясын угаарым менен барып мурунку болгон убаданы айттым. Азирети Абу Бакир капка колун бир матырып уучуна толтура акча берди. Санасам 500 динар экен.

-Ушунчадан дагы экини ал, кааласаң. Бул мүлк силерге таандык! деди (Бухари, Кафалат, 3).

Азирети Абу Бакир Алла Элчисинин убадасын анын атынан орундатып, чыныгы оопалуу мусулмандыкты көрсөтө алган.

***

Азирети Алинин кочкорду курмандыкка чалып жатканын көргөн Ханаш *(Алла ага ыраазы болсун)* бул иштин себебин сурайт. Курмандыктын маанилүү себеби бар экенин Азирети Али мындайча түшүндүрөт:

«-Алла Элчиси мага көзү өткөндөн кийин өзү үчүн да курмандык чалууну осуят кылган эле. Осуятты орундатуу үчүн курмандык чалып жатам. Мындан ары деле бул ишти уланта берем!» дейт (Абу Давуд, Адахи, 1-2/2790; Ахмад, I, 107).

***

**«... Кимде-ким антты бузган болсо, ал өзүнө гана зыян келтирет. Кимде-ким Аллага берген антына бек турса, Алла ага чоң жакшылык ыроолойт»** (Фатих, 10).

Жыйынтыктап  айтканда мусулман адам сөз берер алдында Алланы күбө тутуп келет. Ошол себептен пенделерге берилген бардык убада бир эле маалда Аллагада берилген болуп саналат. Андыктан убадага, берилген сөзгө бек туруу, колу менен да, дили менен да жалпы адамбаласына зыян келтирбөө, ишенимдүү, чынчыл инсан болуу жаамы момун мусулманга түшкөн милдет.

Алла Таала бүт нерсенин Ээси. Өкүм атпай Өзүнө таандык жана ошондой эле көп аяттарда **«Өз даргөйүндөгү сөздүн такыр өзгөрбөсүн[128]»** маалымдаган. «Сөз ооздон бир гана жолу чыгат» дегенди жакшылап аңдоо жана чынчылдыкты туу тутуу биздин милдет.

Убадага, сөзгө бек туруу адамдык касиетти эң жогорку чегине чыгарган рухий  сыпат. Айрым тафсирчилер ушул өңүттөн Исламды жүрөктөн кабылдоо, тил менен тастыктоо жана тагдырдын бардык оош-кыйыш, жыргал-кууралында Аллага моюн сунуу, убадага бек туруу деп аныктама беришкен.

# СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ



Бакытбек Коңурбаев

Көптөн күткөн жаз да кирип келди. Ал эми жай айлары жакындаган сайын көпчүлүк ата-энелер учурунда бир нерсеге катуу даярдык көрө башташат. Ал нерсе – перзенттерди сүннөткө отургузуу.

Сүннөткө отургузуу – бул эркек баланын чочосунун уч жагындагы «сүннөт» терисин кесип, алып салуу.

Сүннөткө отургузуу боюнча мусулмандар эң чоң жамаат десек жаңылышпайбыз. Эмне үчүн мусулмандар баласынын чочосун кесишет?

Сүннөткө отургузуу ал адамдын мусулман экендигинин белгиси. Анткени, сүннөт мусулман менен мусулман эместерди айырмалап турат. Мына ошондуктан, кандайдыр бир адам Ислам динин кабыл алаарда жүрөктөгү жана жандүйнөдөгү кирлерди «лаа илааха иллалаах» келимесин айтып тазалаган сыяктуу, денедеги микроб топтоочу жерди кестирип тазалашы керек.

Бул пайдалуу иш чара б.з.ч. 6000 миң жылдан бери кылынып келе жатат деген уламыштар бар. Учурда жеке эле мусулмандар эмес АКШ жана бүтүндөй Европа калкы сүннөткө отургузуу расмын кызуу колдоп жатышат.

Пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) сүннөткө отургузуу боюнча мындай дейт:

«Пайгамбарлардын беш сүннөтү бар. Алар адамдын табиятынын талабы болуп эсептелет: Сүннөткө олтуруу, чурайды тазалоо, мурутту кыскартып туруу, тырмак алуу жана колтукту тазалоо» (Бухари, Либас 51, 62, 64).

Чочонун кесилиши адамдын ден-соолугуна абдан пайдалуу экенин медицина илими какшап келет. Көптөгөн өлкөлөрдө бул иш чара медициналык талаптан улам аткарылып жатат. Медицина илими өркүндөгөн сайын Ислам дини койгон өкүмдөрдүн пайдалуу сырлары ачылууда:

- Сүннөттүн эң негизги жана эң маанилүү пайдасы – бул тазалык. Анткени микроптор ным, жабык жана кир жерге көп жыйылат.

- Туура кесилсе, «эрте түшүп калууга» тоскоол болот. Кесилген чочо сезимталдыгын жоготот. Ошондуктан төшөк кумары көпкө узап, эркек да, аял да кумарга батат.

- Пенис рагы сүннөткө отургузулган эркектерде кездешпейт.

- Сүннөттөлгөн эркектердин жубайларында жатын рагына чалдыгуу ыктымалы 6 эсе аз кездешет.

- Жыныстык жугуштуу оорулар аз кездешет. Мисалы, Кения менен Замбияда 10-30% кесилет. СПИД менен бул өлкөлөрдүн калкынын 4/1 бөлүгү ооруйт. Ошол эле Африка өлкөлөрү болуп саналган жана балдар толугу менен кесилген Бенин менен Камерунда ВИЧ инфекциясы 6% дан жогору катталган эмес.

- Гигиеналык жактан өтө пайдалуу. Кесилбеген теринин алдына смегма толуп калат. Смегма – бардык биологиялык суюктуктар сыяктуу эле бактерияларды, инфекциялык дарттарды көбөйтүүчү болуп саналат. Кесилген чочок ар дайым кургак жана таза жүрөт.

- Эгер бала өз убагында сүннөткө отургузулса, фимоз, парафимоз, баланит, баланопостит сыяктуу коркунучтуу дарттардын алдын алынган болуп саналат.

- Сексопатологтордун айтуусуна таянсак, кесилген чочок, кесилбеген чочоктон чырайлуу көрүнөт экен.

Дарыгерлер 5-7 жаш аралыгында сүннөткө отургузууну сунуш кылышат. Бирок балагатка жеткенге чейин сүннөткө отургуза берсе болот. Балагаттан алда канча өтүп кеткен адамдар да эч коркпостон кестирүүсү зарыл. Эскерте кетүүчү нерсе, дарыгерлердин каттоосуна Кыргызстандын айрым жерлеринде, өзгөчө түндүк райондорунда, айылдагы абышкалардын же сүннөткө отургузуп жүргөн адамдардын туура эмес кесиши катталган. Сүннөткө отургузуу расмы диний жана медициналык жактан өтө маанилүү иш болгондуктан, тажрыйбалуу сүннөтчүгө же атайын врачка кайрылуу абзел.

Баланы сүннөткө отургузар алдында сөзсүз түрдө ага сүннөт жөнүндө маалымат берүү керек. Сүннөткө отурузуу өтө маанилүү операция. Ошондуктан анатомия, физиология жана психология сыяктуу илимдерден кабарсыз адамдарга кайрылуу туура эмес. Эң негизгиси - чочонун башындагы алына турган теринин толук алынышы. Эгер «сүннөт тери» толук алынбай калса, бала сүннөткө отургузулду деп эсептелбейт. Айрым ата-энелер тажрыйбасыз сүннөтчүлөрдөн жардам сурап, балам сүннөткө отурду деп сүйүнүшөт. Бирок, бала чоңойгондо инфекциялык көйгөйлөр башталышы мүмкүн.

Эгер балаңыздын чочосун сүннөт адиси кеспесе:
- Кан токтобой көп агат;
- Сийдик чыкпай кыйналат;
- Чочонун чырайын бузат;
- Терини толук албайт;
- Инфекция көбөйөт.

# СОЛ ЖАГЫМ СЫЗДАЙТ, АПА!



"Бейиш энелердин таман астында".
Куттуу хадис

Насыпбек Асанбаев

Жакшысыңбы апаке, мен кайра келдим. Сабагы эмне болду деп сар-санаа болуп жаткандырсың, ойго чөмүлбө сабактан тарадык. Чынын айтсам, апалар деле сар-санаа болобу билбейм, бирок, Мурат:

– Сабакка барбай калсам апам урушат, сар-санаа болот – деген... Ошону эстедим.

Өткөн жумада мугалим эже:

– Оң колумда калем, сол колумда карандаш, – деп кайталатып жатып оңумду, солумду үйрөттү. Мен эми оңум каяк, солум каяк экенин билип алдым апа. Кайсы жагым сыздаарын эми билип калдым апаке. Баягычы, баягыда келгенимде:

– Ушул жагым эле сыздайт, ушул жагым,- деп эле каягым экенин түшүндүрө албай койбодум беле. Мына эми түшүндүрө алам апа. Сол жагым сыздайт апа... Тим эле күн өткөн сайын сыздачу болду...

Кечээ эртең менен Гүлайдын апасы чачын сонун кылып өрүп бериптир. Жетелешип келди мектепке. Бантиги да сонун болчу. Коңгуроо болгондо өөп туруп:

–Сабагыңа бара гой кызым,- деп узатты.

Мен болсо көз жашымды токтото албай карап турдум аларды. Эч кимден уялбай эле ыйлап жаттым. Алардын бактылуулугуна суктандым.

Мугалим эже:

–Эмне болду, – деп сурады.

–Жыгылып кеттим, тизем ооруп атат, – деп койдум. Калп айттым апаке... Тизем эмес, сол жагым сыздап жаткан болчу. Бүгүн мен дагы чачымды өрдүргүм келди. Атам өрдү бирок Гүлайдыкындай болбой калды. Бантик байлап бер десем, байлашты билбейт экен. Экинчи өтүнүчүмдү айттым:

– Анда жок дегенде сабакка жетелеп барчы!

– Кызым жумушчу?...

– Жумушуңду билбейм! - деп ыйлап жибердим.

– Кызым ай, нанды ким табат, мен силердин артыңардан жүрө берсем...

Унчуккан жокмун, бирок жолдо баратып дагы ыйладым апа. Ии, ошондо сол жагым аябай сыздаган апаке!

Мектепте баарынын жакасы аппак, меники бозомтук сыяктуу...

– Апам ак кийимге түстүү кийимди кошпой жууйт, – деди Нурай.

– Атам болсо баарын чогуу эле жууйт. Эмне ал кир жууганды билбейби, апа? Эхх, атам ай. Күнүгө эле нан салып берет түштө жегениме. Башкалар болсо, пирожный, булочка же дагы бир нерселерди алып келишет. Атам булочка жасаганды билбейт да ээ апаке!

Күн бүркөлүп келатат, мен кетейин апа! Сага келип атканымды атам билбейт... Билсе урушпайт деле, бирок аябай кейийт...

Апаке, топурагыңды ким тебелеп атат, гүлдөрүңдү ким үзгөн. Тебелетпечи апа, үздүрбөчү... Үйгө барганда элестетип алып эле ыйлай берем, анан...

Карачы, бүгүн да кичине чакамды ала келгем. Топурагыңдан бир ууч дагы алайын... Билесиңби апа, дайыма келгенимде алган топурагыңды ушул чакага чогулткам. Анан сыртына сүрөтүңдү чаптап баш жагыма коюп жатам. Эртең менен тураарым менен ушунун өөп, ушуну жыттап алам...Эч кимге айтпа апаке, кээде ушуну менен да сүйлөшө берем. Кантейин анан, сени аябай сагындым апаке!...

Ии баса, мугалим эже бүгүн:

– Эртеңкиге апаңар жөнүндө жазып келгиле, - деди.

– Мен атама жаздырам. Эже билип калса урушат ко. Мейли, урушса уруша берсин. Мен сени көрбөсөм кантип жазам. Сени эстесем эле сол жагым сыздайт, апаке. Эч нерсе жаза албай калам. Көбүнчө ыйлайм. Анан ушуларды кантип жазайын, апаке!..

Мен кетейин апа. Топруагыңдан өбөйүн, сен да түшүмө кирип мени өп. Сөзсүз кир апаке... Сен түшүмө кирбей калсаң эле ойгонгондо сол жагым сыздай берет. Мына так ушул жерим сыздайт апаке, так ушул жерим!...

Сол жагым сыздайт апаке, сол жагым. Сени абдан сагындым апа!...

# Сыйкырчылык



Сыйкырчылык түбү байыркы коомдорго таянган чоң күнөөлөрдөн жана өтө кооптуу иштерден болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыз сыйкырчылык кылуу жети чоң күнөөнүн бири болгондугун айткан (Бухари, Васайа, 23).

Акылбек Баатыр уулу

Сыйкырчылык түбү байыркы коомдорго таянган чоң күнөөлөрдөн жана өтө кооптуу иштерден болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыз сыйкырчылык кылуу жети чоң күнөөнүн бири болгондугун айткан (Бухари, Васайа, 23).

Алла Таала Ыйык Куранда адам баласына; “Сыйкыр үйрөтүү аркылуу шайтандар куфрга кирди, Сулайман куфрга кирбеди” деп сыйкырды куфр менен сыпаттады. Сыйкыр өзү, жана аны үйрөтүү жараяны менен куфр, харам, тагыраак айтканда чоң күнөөлөрдөн (Алланын тыюу салган нерселери) болуп эсептелет. Анткени, Алла Таала, жин менен адамзаттын ортосунда байланышка тыюу салган.

Куранда сыйкырдын эки түрү жөнүндө маалымат берилет. Анын биринчиси адамдардын көзүн (сыйкыр жолу менен) бойоп, жөн учурда жүзөгө ашпай турган нерселерди жүзөгө ашырып жаткандай көрсөтүү, элес калтыруу. Буга Азирети Муса пайгамбар менен күч сынашкан сыйкырчыларды мисал келтирсек болот. Бул багытта аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат: «Алар ыргыткан кезде адамдардын көздөрүн сыйкырлап, чоң сыйкыр менен келишип адамдарды коркунучка кабылтышты» (Араф, 116). Окуяда сыйкырчылар колдогу нерселерди жерге ыргытканда эл аларды жандуу жылаан шекилдүү көрүшкөн. Чындыгында бул тек гана көз бойомочулук болучу. Ал эми Азирети Муса пайгамбар аса таягын ыргытканда ал кадимки чоң жылаанга айланып, сыйкырчылардын сыйкырын жок кылган. Бул Алла Тааланын мужиза-керемети эле. Сыйкырчылар көргөн көздөрүнө ишенбей, акырында Азирети Мусанын пайгамбарлыгын, ал үндөгөн Жалгыз Аллага ишенип ыйманга келишкен.

Ал эми экинчи түрү төмөнкүчө: ар кандай жазуу жана тажрыйба жолдору аркылуу адамдарды жана жиндерди таасир астына алуу, андан соң аларды каалагандай башкаруу.

Куранда: “Харут менен Марут, биздин үйрөтө турганыбыз фитнага (харам, бузукулук, чоң күнөө, куфр) алып барат, абайлагыла, куфрга кирип кетпегиле деп айтмайынча эч нерсе үйрөтүшпөйт эле” (Бакара 102) деп айтылат.

Вавилонго келген Харут жана Марут перштелердин эскертүүлөрүнө карабай жиндер сыйкыр илимин үйрөнүп, кийин адамзат менен байланыш куруп аларга да сыйкыр илимин үйрөтүшкөн, ошентип сыйкыр илими Вавилондон тараган болот. Бирок, бул аят, сыйкыр илими Вавилондон тараган деген мааниси менен, Вавилон окуясынан мурун, же ошол эле учурда башка жерде сыйкырдын бар болгон ыктымалын четке какпайт, жана дүйнөнүн ар тарабындагы болгон сыйкыр илими Вавилондон тараган деген маанини туйундурбайт. Маселен, Африка элдерин же түндүк элдерин алып көрсөк, Америкадагы кызыл терилердин,

Афстриянын жергиликтүү калкын, Тибеттин элин же болбосо Ламаизмди тутунгандарды, же жамы түрк элдеринин Исламдан мурунку Шаманизмдеги абалдарын алып көрсөк, баардыгында тең бирдей, сыйкырдын көптөгөн элементтерин эркин көрө алабыз.

Мына ушул сыйкырчылык жосунду колдонуп кээ бир адамдар(чоң күнөөгө канчалык баткандыгынан кабары боолбой) башкалардын муңунан, кайгысынан, акча таап байышат. Канчалаган үй-бүлөөлөр ушу сыйкырчылыктын айынана бузулуп, канчалаган адамдардын изги максаттары жүзөгө ашпай калгандыгы себептүү бөтөлкөнүн түбүнө түшүп кеткенине күн сайын күбө болуп олтурабыз.

Учурда элибизде, улам барган сайын бүбү-бакшылар, көзү ачыктардын көбөйүүсү мындай турсун, коммерцияга айланып баратканы бардыгыбызга маалым.

Сыйкырчылыктын экинчи түрү жөнүндө Фалак сүрөсүндө төмөнкүчө буюрулат: **«...Түйүндөргө үйлөп сыйкырлагандардын жамандыгынан Ааламдын Жаратуучусуна баш калкалайм...»** (Фалак, 1, 4).

Куранда да, сүннөттө да сыйкырчылыктын бардык түрүнө тыйуу салынып, чоң күнөө катары эсептелген.

Бүгүнкү күнү сыйкырчылык өзгөчө батыш дүйнөсүндө кайрадан жанданып, көркөм тасмалар, ар түрдүү «шоу» программалар аркылуу калктын калың катмарына кеңири кулач жайгандыгы жалпыга маалым. Бул жагдай адамдардын руханий муктаждыктарына жооп бере албаган батыш маданиятынын береги боштукту (вакумду) толтурууга болгон калпыс аракети десек жаңылышпайбыз.

Көзүм ачык дегендердин дээрлик бардыгы жалганчылар, көздөрүнө эч нерсе көрүнбөгөн жөнөкөй эле адамдар. Бирок, алар практикалык жактан адамдын жалпы психологиясын, өзгөчө физиологиялык психологиясын жакшы үйрөнүп алышкан. Алар көбүнчө базарларда, соода жүрүп жаткан жерлерде өз соодаларын шарлатандык менен өткөзүшөт.


Кудайдан бираз корккон көзү ачыктардын көбү эмдөө, дем салуу иштери менен алек болушат. Бузукулук ишке ниети бузук, дили кара көзү ачыктар барат. Ошондой болсо да жиндер менен байланыш куруу күнөө иш экенин унутпайлы. Эгер ар бир адам анча мынча оору сыркоодун айынан көзү ачыктарга кайрылбай медицинага кайрылышы керек.

Мына ушундай чалкеш заманда биз мусулман катары өз динибиз - акыйкат Ислам дини менен жакындан таанышып, аны өз кан-жаныбыздан бүткөн чүрпөлөрүбүзгө үйрөтүп, өзүбүздү да, балдарыбызды да береги терс көрүнүштөрдөн оолак кармашыбыз кажет. Оолак кармоонун эң биринчи жолу – аларга туура менен жаңылыш, адал менен арамды үйрөтүү. Маңдайыбызда жылдыздай жанган балдарыбызга ыйман азыгын бере албасак, акка кара көө жапкан азгырыктын аңына өз колубуз менен салып берген болобуз.

**«...Түйүндөргө үйлөп сыйкырлагандардын жамандыгынан Ааламдын Жаратуучусуна баш калкалайм...»**
(Фалак, 1, 4).

Көзүм ачык дегендердин дээрлик бардыгы жалганчылар, көздөрүнө эч нерсе көрүнбөгөн жөнөкөй эле адамдар. Бирок, алар практикалык жактан адамдын жалпы психологиясын, өзгөчө физиологиялык психологиясын жакшы үйрөнүп алышкан. Алар көбүнчө базарларда, соода жүрүп жаткан жерлерде өз соодаларын шарлатандык менен өткөзүшөт.

# ЖИН ААЛАМЫ



Ал эми жин ааламына келсек, алар акылы, напсиси бар, көзгө көрүнбөгөн түтүнсүз таза оттон жаралган жандыктар болуп саналат.

Данияр Мурадилов

Адам баласынан башка дагы жандыктар бар экендигин билгендер да, билбегендер да бар. Ал эми ал жандыктардын жаратылыш материясын жана алардын арасындагы байланыш мүмкүнчүлүгүн алып көрө турган болсок, ал жүзөгө ашуусу мүмкүн болгон байланыштын коомго тийгизе турган терс таасирлери бар экендигин белгилеп кетишибиз туура.

Негизи, бул көрүнүш, Кыргыз жана жалпы түрк элдеринде Исламдан оболку шаманизмден калган көрүнүштөр катары саналат. Ал динде, түрк элдери Көкө Теңирге ишенишкен, табияттын элементтеринен болгон ташка, сууга, жылдыздарга, айга, күнгө жана арбактарга сыйынышкан. Мына ошол элементтердин бир кыйласы, кээ бири ишеним катары; кээ бири ырым-жырым, үрп адат, салт-санаа катары бүгүнкү кыргыз элинин менталитетине, бүгүнкү күндө туу тутунган Ислам динибизди түшүнүү жана кабыл алуу жараянына кыйла эле терс таасири бар экендигин айкын эле көрүп олтурабыз.

Бул терс таасирдин курамындагы элементи катары көзү ачыктарды, бүбү-бакшыларды алсак, алар эл арасында дарыгер, табып, кудайга ишенген, намаз окуган, орозо туткан дин адамдары сыяктуу көрүнүшөт. Көзү ачыктардын арасында, менин эч кандай Ислам менен тиешем жок деп ачык эле жарыялап элге түшүндүрүп эрдик кылгандар да жок эмес, бирок көбү Исламдын атын жамынып алып өзүнүн ишин жүргүзүшөт. Мындайлардын коомчулука тийгизген залакасы албетте көбүрөөк.

Ал эми көзү ачыктардын жүргүзгөн иштерине үңүлө караш үчүн Курандын негизинде ой жүгүртүү саякатына чыгып көрөлү.

Ыйык Курандын «Фатиха» сүрөөсүндө: “Альхамду лиллаахи раббил ааламиийн” аятында, «ааламуун» деген сөздүн жекелик түрү “аалам” деп колдонулат араб тилинде. “Аалам” деген жекелик түрдүн эки көптүк түрү бар, алар: «ааламуун жана ауаалимун». Бул экөөнүн Ыйык Куранда «ааламуун» деген сөзү айтылып өттү. Арабчада «ааламуун» менен «ауаалимун» дун айырмасы: биринчиси жандууларга колдонулуп, экинчиси жансыздарга колдонулат. Демек бул аяттан жаратылгандардын бардыгы тирүү жандык экендигин түшүнсөк болот! Бирок, «тирүү» деген сөздүн аныктамасы ар кимдики ар кандай болушу мүмкүн.

Ал эми жанды алсак, бардык эле жандыктардын жаны бар экендигин далилдей албасак керек, башкача айтканда, (биздин түшүнүктөгү) кыймылга ээ болбогон нерсени биз тирүү эмес деп түшүнөбүз. Мына ушул жерде жандыктардын жогоруда айтылып өткөн «жан» түшүнүгү же ошол жандык «эмне материядан» жаралгандыгы тууралуу болгон түшүнүк аркылуу Жараткан Алланын улуулугун, күч кудуретин аңдасак болот.

“Тирүү” жана “жан” түшүнүктөрүн алып көрсөк, бири-бирине окшошуу мүмкүн, бирок, тереңирээк талдап көрсөк алар бири бирине толук окшобойт. Себеби жаратылгандардын бардыгы эле адамзаты сыяктуу топурактан жаралган эмес. Ар кандай материядан

жаралгандыгы үчүн, аларды Алланын бизге берген мүмкүнчүлүктөрү менен, б.а. беш туюу органы менен бардыгын толук аңдообуз өтө зор.

Ал эми жаратылыш материяларды алып көрсөк алар: нур, от, карангылык, аба, үн, жыт, сөз, эфир, суйуктуктар, электр күчү жана башкалар болушу мүмкүн. Материя канчалык биздин туюу сезимибизден алыстаган сайын, ошончолук биздин аң-сезимибизден алыстайт. Биздин маалымат алуу каналдарыбыздан же туюу сезимдерибизден алыстаганы, материянын ушунчалык назик, кичине, майда, үлбүрөк, жука болгонун билебиз, тагыраак айтканда биздин (түшүнүктөгү) материалдуулуктан алыстоосун билебиз.

Ошол миңдеген, балким миллиондогон ааламдардын ичинен периштелер, жин, инсан, айбанат ааламдарын алып көрөлү, тагыраак айтканда алардын айырмачылык, өзгөчөлүктөрүнө токтолсок, периштелер нурдан жаралган, акылы бар, напсиси жок, эркек-ургаачы болуп бөлүнбөгөн, Алланын буйруктарын эч кынтыксыз өз убагынан кечиктирбей, үзгүлтүксүз, так аткарган кулдары болгондугу үчүн, алар эч күнөө кылбаган, Алланын жанында өтө жогорку даражага ээ болууда.

Ал эми жин ааламына келсек, алар акылы, напсиси бар, көзгө көрүнбөгөн түтүнсүз таза оттон жаралган жандыктар болуп саналат.

Адам баласы болсо топурак жана суудан жаралган, акыл-эси бар, напсиси бар жандык болуп саналат.

Айбанат болсо акыл-эси жоктугу менен адам баласынан айырмаланып турат, жаратылыш материясы топурак жана суудан болуп, напсиси бар болгондугу жагынан адам затына окшойт.

Эми ушул жандыктардын төрт түрүн жаратылыш материясы жагынан салыштырып көрсөк, периште, жин, адамзаты акыл ээлери катары, бири-бирине дал келет, ал эми напси ээлери катары жин, инсан, айбанат ааламдары бири-бирине дал келет. Бул жандыктарга Жаратуучудан материясына жараша мүмкүнчүлүктөр берилген. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн адамзатка тиешелүүсүн алып көрсөк, алар маалымат алуу же болбосо туюу сезимдери менен чектелет, бирок айрым адамдар болот, аларга Алла Таала жалпы адамзаттын мүмкүнчүлүктөрүнөн айрымаланган өзгөчө мүмкүнчүлүк б.а. же сыноо катары, же сүйүктүү кулдары олуяларына керемет катары бериши мүмкүн. Булар суу да басуу, абада учуу сыяктуу табияттан тышкаркы көрүнүштөр.

Ал эми жин ааламынын мүмкүнчүлүктөрү болсо өздөрүнүн жаратылыш материясына ылайык, биздин топурак-суу материябыздан айрымаланган, мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат. Ага мисал катары Куран Каримден бир аят алып көрсөк: Сулайман пайгамбар жиндерге кайрылып: "Оо, калайык, аларды колго түшүрүүдөн алдын кимиңер Балкистын тактын мага алып келсиңер?- деп сураганда, жиндердин арасынан Ифрит туруп: «Сен оордуңан турганча мен алып келем, менин ал ишке кудуретим жете тургандыгына ишенип кой!» дейт".

Адамдар арасында мүмкүнчүлүктөр өйдө-төмөн болгондой эле, жиндердин арасында да өйдө-төмөндүктөр болгондугун ушул эле аяттын уландысынан түшүнсөк болот; (мусулман жиндердин бирөөсү) "Сен көзүңдү ачып жумганча тактыны алып келип койом деди". Жиндердин да мусулман-каапыры болобу деген суроо туулушу да мүмкүн бул жерде. Ошондуктан, жаратылгандардын ичинен акыл менен напсиге бирдей ээ болгон гана тигил дүйнөдө суракка тартыла тургандыгы белгилениши зарыл. Пайгамбарлардын бардыгы тең адамзаттын арасынан келип жана Алладан келген диндердин бардыгы тең акыл менен напсиге бирдей ээ болгон кулдарына тиешелүү болот. Ошентип жиндер да, мусулман жана каапыр, христиан, жөөт жана башка диндердин өкүлдөрү болуп бөлүнөт.

Палестинада турган Сулайман пайгамбарга Йемен ханышасынын тактысын бир көз ирмемде жиндердин алып келүүсү, алардын жер жүзүндө жашагандыгын жана убакыт менен аралык маселеси адамзаттыкындай экендигин жогорудагы аяттын «ордуңан турганча» жана «көзүңдү ачып жумганча» дегенден аңдасак болот.

Ал эми кандайдыр бир аралыкты канча мөөнөттүн ичинде басып өтө тургандыгы, же кайсы бир ишти канча убакытта жасап бүтүрө турган мүмкүнчүлүгү жаратылыш материясына жараша болгондугун, дагы эле жогорудагы аяттардан түшүнсөк болот.

Пайгамбарыбыздын жакын сахабаларынын бири Абдуллах ибн Масуддун жиндерди ыйманга келген түнү көрүп, алардын өз ара сүйлөшкөндөрүн укканынын баяндаган хадистен жиндерди көрүүгө мүмкүн экендигин түшүнүүгө болот.

Жиндердин жашоосу жер жүзүнө байланыштуу экендиги жөнүндө пайгамбарыбыз: «Сөөк, малдын жеми, малдын тезеги менен ажатканада тазаланбагыла себеби алар, жин боордошторуңардын азыгы» деп айткан.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жогорку хадисте жиндерди бизге боордош кылды. Себеби, Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) аларга да пайгамбар жана элчи болуп жиберилген. Ыйык Куран аларга да тиешелүү. Анткени, жогоруда айтылып өткөндөй, акыл менен напсиге бирдей ээ болгондор бир гана адам баласы менен жин. Ошондой эле Куранда: «Мен жиндерди жана инсандарды Мага ибадат кылуусу үчүн гана жараттым» деп айтылат. Демек адам баласы болобу, жин болобу кимде ким өз напсисин акылга баш ийдирип Жаратканга ибадат кылган болсо анын даражасы, акылы болгону менен напсиси болбогон периштеден дагы жогору турат экен. Ал эми кимде-ким: акылын напсисине баш ийдирип, Жаратканга ибадат кылбаса, анын даражасы, напсиси бар, бирок, күрөшүүгө акылы болбогон айбанаттан дагы төмөн турат экен.

# УЛУТТУК САЛТ - РУХАНИЙ БАЙЛЫК

Акматова А.А.

Арашан гуманитардык институтунун теология факультетинин доценти

Дүйнө жүзүндө жашаган ар кандай улут өзүнүн материалдык жана рухий дөөлөттөрүнө ээ. Материалдык маданият элдин өз жашоосуна өз колу менен шарт түзүүсүнөн пайда болот да, мурас катары укумдан-тукумга берилип, улам доор өткөн сайын эскирип, кайра жаңыланып отурат. Эскирген материалдык мурастар өткөн доордун далили катары кызмат кылат. Ошол эле учурда жаңы материалдык дөөлөттүн пайда болушуна кандайдыр бир деңгээлде өбөлгө түзөт.

Ал эми рухий дөөлөт же рухий байлык улуттун, элдин жашоо-турмушун коштоп, ички сезимден, маданияттан, улутка таандык болгон асылдык сапаттардан, ал элдин жандуу жана жансыз жаратылышка болгон мамилесинен, жашоого болгон көз карашынан пайда болот.

Элдин рухий маданияты катары анын динин, уруулук курамын, санжырасын, ономастикасын, кыргыз элинин сөз өнөрүн, тилин, адабиятын, улуттук оюндарын жана турмуштук каада-салттарын түшүнөбүз.

Элибиздин турмуштук каада-салттары миңдеген жылдарды ичине камтып, байыркы ата-бабалардын рухий дөөлөттөрү улам кийинки муундарга берилип, алымча-кошумчалары менен такталып, толукталып ушул күнгө чейин келип жеткен. Элибизде каада-салт, үрп-адат деген терминдер катар колдонулуп, жалпысынан бир эле түшүнүктү берип тургандай туюлат. Бирок, бул терминдерди чечмелегенде, алар мааниси жана аткарган функциясы жагынан ар башка экенине ынанабыз.

«Салт» сөзүн жалпылык, туруктуулук[1] мүнөзгө ээ болгон, улуттук психологияны чагылдырган, элибизде кабыл алынып, калыптанып калган жашоонун, жүрүм-турумдун, адамдардын ортосундагы мамиленин чен өлчөмү, көрсөткүчү катары кароого болот. М: Адам жарык дүйнөгө келгенден тартып, аны менен кош айтышканга чейинки турмушун коштоп жүргөн жашоонун ар кандай кырдаалдарында колдонула турган эрежелери: оозантуу, сүйүнчүлөө, азан чакырып ат коюу, жээнтек берүү, бешик той өткөрүү, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, уул үйлөө, кыз чыгаруу, үй бөлүү, маркумду акыркы сапарга узатуу ж.б. Аталган ар бир салт өзүнчө аткарылуучу жөрөлгөлөрдөн, ырым-жырымдардан турат.

«Каада» термини салтка караганда жекелик мүнөзгө ээ болот да, жогоруда аталган жалпы элдик салттын аткарылышы катары ар бир адамдын ага карата болгон мамилеси менен туюндурулат. Окумуштуу Х. Карасаевдин сөздүгүндө салт, үрп-адат, урмат, атак-даңк, шан-шөкөт, кадыр-барк[2] маанилеринде берилип, аталган сөздөрдүн ар бири өзүнчө мааниге ээ болгонуна карабай, синоним сөз катары белгиленген. М: **Каада** билген карысы, ак сакалдуу баарысы. (Манастан), Ал **каадасынча** колун бооруна алып саламдашты. Коноктор өз **каадасы** менен узатылды. Бул сүйлөмдөрдө каада сөзү ар кандай мамиленин, жүрүм-турумдун өзүнүн эреже катары калыптанган этикети маанисинде берилип жатат.

Кыргыздын улуттук каада-салты турмуштук ар кандай кырдаалдарда колдонулуп, кылымдар бою калыптанган, атадан балага, укумдан-тукумга берилип келе жаткан элибиздин өзүнө гана таандык болгон асылдык сапаттары, руханий дөөлөтү. Улутту улут катары тааныткан да, башка улуттардан айрымалаган да, өзгөчөлүгүн көрсөткөн да биз жогоруда атаган анын каада-салты болуп саналат.

Ал эми «үрп-адат» деген сөз каада-салт менен бирге колдонулган учурлар лексиконубузда көп кездешет. Окумуштуу К.К.Юдахин «үрп-адат» деген сөздү «улуттук салттардын жыйындысы»[3] катары түшүндүрөт. Эгерде үрп-адат улуттук салттардын жыйындысы болсо, анда каада-салт сөзүнөн мурда келип, кыз берүү үрпү-адаты, тушоо кесүү үрп-адаты деген сөз айкалыштары колдонулмак. Адатта каада-салт сөзү мурда келет да, үрп- адат каада-салттын бир бөлүгү катары кызмат кылат. Үрп-адат жана каада-салт түшүнүгү көпчүлүк убакта бирдей деңгээлде каралып, анык мааниси ачылбай келет. Бул сөздөр экөө тең улуттук руханий маданиятты түшүндүрүп, окшоштук жактары болгону менен, алардын колдонулуш чөйрөсү жагынан айрымачылыктарды байкоого болот. Бул тууралуу Б.Солтонбеков: «Үрп-адаттын каада-салттан айрымасы – анын конкреттүү, тагыраак мүнөзгө ээ болгондугунда»[4] дейт. Чындыгында үрп-адат сөзү турмуш-тиричилик, үй-бүлө маселелерин ичине камтып, каада-салттын бөлүгү катары кызмат кылат. Үрп-адат менен коштолуп, турмуш-тиричиликтеги ар кандай жөрөлгөлөрдү өткөрүүдөгү жол-жобо, эреже,

тартип катары каада-салтка салыштырганда туруктуу мүнөзгө ээ болгон адатка айланган көрүнүш. Үрп-адатты коштоп жүргөн ырым-жырымдар анын сырткы көрүнүшү, жасалгасы катарында ага далилдүүлүктү, эффективдүүлүктү берип турат.

Турмуштун ар кандай кырдаалдарында колдонулуп жүргөн каада-салттар, үрп-адаттар жасалгасыз, көркөм-кооздуксуз өткөрүлсө, адамга таасир берүүчүлүк күчү болбой, тескерисинче, аларды колдонуунун зарылдыгы жоктой туюлуп калат. Ата-бабадан бери келе жаткан каада-салттардын, үрп-адат, ырым-жырымдардын эл арасында улам колдонулбай бара жаткандыгынын бир себебин ушундан көрүүгө болот. Ал эми элдин руханий маданияты болуп саналган каада-салттардын турмушубуздан солгундап же таптакыр жоголуп кетиши улуттук белгинин, традициянын жоголуп кетүү коркунучун жаратат.

Улуттук каада-салт биздин жашообузду гана кооздобостон, тарбиялык да мааниге ээ болуп, байыркы ата-бабалардан бери келе жаткан улууну урматтоо, ызат көрсөтүү, конок күтүү ж.б. сыяктуу асыл сапаттарга үйрөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Коомдун өнүгүшү жана ага карата элдердин жашоо шарты, дүйнө таанымы да өнүгүүдө боло тургандыгы табигый көрүнүш. Ошол сыяктуу эле эл арасында колдонулуп жүргөн каада-салттар да жаңыланып, коомдун жана аң сезимдин өсүшүнө, учурдун талабына шайкеш келе тургандай өнүгүү жолунда болот. Буга мисал катары бешик той, тушоо той, үйлөнүү үлпөтү, юбилей мурдагыга салыштырганда өзгүрүүгө учурагандыгына, жаңылангандыгына күбө болуп жүрөбүз.

Улуттук каада-салттардын жаңы формага өтүшүнө жогоруда белгиленген факторлордон тышкары коңшулаш жашаган улуттардын каада-салттары жана алардагы өзгөрүүлөр да таасир берет. Натыйжада, айрым каада-салттардын нагыз улуттук сапаты азайып, улуттар аралык жаңы каада-салттын пайда болушуна алып келет. Мисалы, кыз узатуу салты, маарекелер, бешик той ж.б.

Улуттук каада-салттын азыркы мезгилдеги тарнсформацияланышы жана анын пайдалуу, зыяндуу жактары иликтөө жүргүзгөндө төмөндөгүдөй негиздемелер келип чыкты.

Салттын пайдалуу жактары катары:

Ата-бабадан келе жаткан салтты сактоо жана аны сыйлагандык;

Улуттук традицияларды сактоо менен өз элибиздин асыл сапаттарын баалоого үйрөтөт;

Каада-салттар турмушубузду кооздойт;

Жаштардын келечек турмушу тууралуу кам көрүү болуп саналат;

Каада-салтты сактоо ыймандуулуктун, сый-урмат көрсөтүүнүн бир белгиси;

Ата-энелер той өткөрүп, эки жашка элден бата алып берүүсүн шарттайт;

Каада-салттарды бир муундун өзүнөн кийинки муунга үйрөтүүсү ар адамдын парзы болуп саналат;

Ошентип, жогоркуларды эске алып, аша чапкандыкка берилбей каада-салт орду менен, сакталса гана өз баалуулугун жоготпойт.

Салтты сактоонун зыяндуу жактар катары:

Каада-салтты сактоо эски замандан калдыгы, саркындысы болуп саналат;

Эскини колдонуу жаңынын өсүүсүнө залалын тийгизет;

Учурдун талабына ылайык, үйлөнүү тоюна байланышкан жаңы, ыңгайлуу салттарды колдонуу керек;

Той өткөрүү ашыкча чыгымга дуушар кылат;

Кийит кийгизүү чыгымды көбөйтөт;

Салттардын көпчүлүк жактары азыркы замандын талабына жооп бербейт;

Элибизде колдонулуп жүргөн улуттук каада-салттардын өз баасын кемитпей алып жүрүүсүнүн дагы бир шарты – аны колдонуунун чеги болуп саналат. Улуттук каада-салтты колдонуудагы аша чапкандык жөнүндө мамлекеттик деңгээлде 1998-жылдын 15-июнунда Жогорку Кеңештин сессиясында маселе көтөрүлүп, аша чапкандыкка тыюу салуу тууралуу элге кайрылуу кабал алынган. Бул тууралуу өз кезегинде депутат Б.Мурзубраимов маселе көтөрүп: «Бүгүнкү жашообузду жеңилдеткенге жардамы тиймек түгүл, кайра аны оорлотуп жаткан элдик айрым каада-салттардын түпкүрүндө адамдарды бири-бирине атаандаштырган сокур намыскөйлүк жаткандыгын көрүү кыйын эмес»[5] деп жазган. «Бай байга жетем дейт, бай кудайга жетем дейт» дегендей, айрым учурларда каада-салтты ашкере колдонуп жиберүү, ашыкча чыгымдарды сарптоо да терс пикирлерди жаратуусу мүмкүн. Мына ушунун өзү улуттук каада-салтка болгон мамилени солгундатат да, натыйжада, бара-бара ал колдонуудан чыгып калуусу ыктымал.

Демек, элибиздин кылымдардан бери келе жаткан рухий мурасы катары саналып, башка улуттардан айрымалап, турмушубузга көрк берип, жаш жеткинчектерди тарбиялоодо өз салымын кошуп келе жаткан улуттук каада-салтыбызды орду менен колдонуу, кийинки муундарга жеткирүү ар бир кыргыздын милдети болууга тийиш.

## ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Солтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздардын каада салттары Б.,2000, 4-бет.
2. Карасаев Х. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ф., Мектеп, -- 1984. 417-б.
3. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. М.,- 1985, 325-б.
4. Солтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздардын каада-салттары. Б.,- 2000, 4- бет.
5. Мурзубраимов Б. Өз салтыбыз өнүгүүгө өбөлгө. Ош, -- 1999, 6-б.

## Каныбек Осмоналиевич, сиздердин агенттик дин боюнча мыйзам долбоорун даярдап жаткан экенсиздер, ошол мыйзам долбоору эмнеден улам жаралды, анын артыкчылыктары эмнеде жана качан кабыл алынганы турат?



### Кыргыз өкмөтүнө караштуу дин иштери боюнча агенттиктин директору Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич:

Бул жаңы мыйзам долбоору үстүбүздөгү жылдын дин багыты боюнча эң чоң жаңылыктарынын бири болуп саналат. Дин иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин алдында бир жумушчу топ түзүлгөн. Бүгүнкү күнү бул жумушчу топтун аткарган иштери жыйынтыкталып олтурат.

«Дин ишеними жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзам долбоору» тиешелүү министр жана ведомстволорго берилген. Учурда алар менен макулдашуу процесси жүрүүдө. Себеби 31-мартта биз агенттик жаңы мыйзамдын долбоорун бардык министрликтерге жөнөткөнбүз. Бүгүнкү күндө биз алардын он экисинен жооп алдык. Анча-мынча талкуулоо жана толуктоолор менен бул долбоордун үстүндө иштеп жатабыз.

Жаңы мыйзам долбоорунун өзгөчөлүктөрү тууралуу айта кете турган болсок, бүгүнкү күндө иштеп жаткан мыйзам 1991-жылы 16-декабрда кабыл алынган. Эми ошол учурдагы көйгөйлөрдү эске ала турган болсок, чынында эле иштеп жаткан мыйзам бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бере албай калгандыгы көрүнүп турат. Ошондон берки 17 жылдын ичинде коомубуз өзгөрдү, ага кошулуп диний чөйрө өзгөрдү. Маселен: жаңы мыйзам долбоору «дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар» жөнүндө деп аталат.

Ага ылайык кээ бир көйгөйлүү маселелер мурунку мыйзамга кирбей калган. Мисалга айта турган болсок, чет элден келген миссионерлердин укуктары жана милдеттери, диний окуу жайлардын укуктары жана милдеттери, мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы укуктук карым-катнаш, диний конфессиялардын ортосундагы мамилелер, эң башкысы болуп ошол диний уюмдарды каттоого алуу болуп эсептелет.

Диний уюмдар бүгүнкү күндө убактылуу жобо менен гана каттоого алынып келет. Ал жобого ылайык Кыргызстандын аймагына келген, жаңыдан ачылган диний уюмдар каттоодон өтүшү керек. Ансыз иш жүргүзгөнгө болбойт. Себеби, мамлекеттин, өкмөттүн жана элдин алар тууралуу мааматы болушу керек.

Бул мыйзамдын эң негизги артыкчылыгына токтоло кетейин, мурдагы мыйзамдык база боюнча 10 адам чогулуп бир диний уюмду ача алса, бул мыйзамда уюмдун инициаторлорун (түзүүчү өкүлдөрүн) 200гө чыгардык.

Андан тышкары диний уюмдарды каттоо боюнча айыл өкмөттөрүнүн, кварталдык комитеттин жана жергиликтүү бийлик органдарынын сунушу талап кылынат.

Мен дагы баса белгилеп кетейин, азыркы жазылган мыйзам өлкөбүздүн башмыйзамына жана биз мүчө болгон эл аралык уюмдардын койгон шарт-талаптарына карама-каршы келбейт.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздө дүйнө жүзүндө белгилүү болгон диний уюмдардын дээрлик көпчүлүгүнүн өкүлчүлүктөрү ачылган. Тактап айтканда 2163 диний уюм иш алып барып жатат. Анын ичинен 1660 мечит катталган. Бирок, биздин республика боюнча ушуга чейин дагы көп сандагы мечиттер каттала элек. Чиркөөлөр, диний окуу жайлар, элүүгө жакын медресе катталган. Кыргызстандын шартында бул абдан эле көп. Мисалы үчүн СССРдин учурунда Кыргызстанда бир дагы медресе жок болчу. Бир эле Ноокат районунда 8 медресенин ачылганы, бул ишти өз алдынча таштап койгондой көрүнүш. Бул үчүн ошончолук күчтүү деңгээлдеги мугалимдер, кадрлык база, мыкты даярдалган окуу программасы талап кылынат. Мындан башка бизде дагы бир Ислам Университети, бир нече теологиялык институттар ачылган. Мына ушулардын баары жаңы мыйзамды сунуш кылууга түрткү болду.

Бул мыйзам өкмөттүн демилгеси менен жаралып олтурат. Ошондуктан, муну өкмөттүн бир структурасы катары биздин агенттик иштеп чыкты. Бул мыйзам долбоорун иштөөдө эл аралык институттар, өлкөбүздөгү дин багытында иштеген окумуштуулар жана бардык диний уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Эми жанагы 15 министрликте кол коюлуп, аны биз жалпылап кабыл алгандан кийин, өкмөттүн атайын токтому менен жогорку кеңешке беребиз. Жогорку Кеңеш эреже боюнча өзүнүн профилдик комитеттеринде карайт. Профилдик комитеттин сунушу боюнча Жогорку Кеңеш пленардык жыйынына алып чыгат. Буйруса, иш жараяны биз ойлогондой кетсе, жаңы мыйзам ушул жылдын аягына чейин кабыл алынып калышы керек.

# Урматтуу муфтий мырза, борбор калаага түшө турган жаңы мечиттин курулушу качан башталганы турат?

# Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи Муратали ажы Жуманов:



**Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен баштайм.**

Урматтуу мусулмандар! Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, мындан үч-төрт жыл мурда муфтияттан бийлик тарапка кайрылуу болгон. Айрыкча, мына жаңы бийлик келгенде, Бакиев Курманбек Салиевичке Бишкек шаарынан борбордук мечитти курууга жер ажыратып берүү сураныч менен кайрылганбыз. Анын натыйжасында өлкөбүздүн президентинин демилгеси менен Махатмаганди көчөсү менен Баялинов көчөлөрүнүн кесилишинен 10 га. жер мечит куруу, Ислам борборун ачуу үчүн мындан эки жарым жыл мурда берилген. Максат - ошол жерге өтө чоң, заманбап мечит куруу. Себеби азыркы борбордук мечитте 6000 дей киши жума намаз окуйт. Ошонун алтымыш пайызы мечитке батпай сыртта калат. Эл жолго чейин чыгып, ал тургай авто унаалар батпай калды. Ушу тапта шаарыбыздагы бардык мечиттерде ушундай абалда намаз окулуп жатат. Айрыкча, айт күнү борбордук аянтта жүз миңдеген киши намаз окуйт. Ошол эле учурда Бишкектеги 27 мечиттин бардыгында эл мечитке батпай сыртка чыгып калып жатат. Ушундан улам замандын талабына ылайык чоң мечит курууга белсенип турабыз. «Кудайга шүгүр» дешибиз керек, жогоруда айтылган даректеги жайга мечит куруу иши бүгүнкү күндө башталды. Ал жер бак-дарактуу болгондуктан аларды кесүү, казуу-түздөө иштери жүргүзүлүп, атайын аппараттар менен жердин кыртышы изилденип жатат.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын тышкы иштер бөлүмүн жетектеген Муса Магомедов агабыз «Ихсан хойрия» аттуу фонд ачкан. Бүгүнкү күндө жерге, жерди түздөтүүгө, анын кыртышын талдап тактоого жана документтерди даярдоого кеткен чыгымдардын баары ошол фонд аркылуу каржыланып келе жатат.

Биз жакында «Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы» деген кайрымдуулук уюму менен келишим түздүк. Алар мечитти баштан-аяк толук куруп берүүнү моюнга алышты. Кудай буйруса, жакын арада ошол мечиттин долбоору даярдалып бүтүп, курулуш толук кандуу башталат деген чоң үмүттө турабыз. Тиешелүү архитектуралык адистердин айтуусуна караганда, мечиттин көлөмүн, чоңдугун эске алсак, эгерде, бул иш быйыл башталып кызуу жүрүп кетсе, орто эсеп менен үч жылдын ичинде толук бүтүп, пайдаланууга берилет деген ишенич бар.

Бул ишти уюштуруу, көзөмөлдөө муфтияттын негизги милдети деп эсептейм. Биз демөөрчүлөрдөн да, архитекторлордон орто эсеп менен алганда 10.000 киши бата тургандай чоң мечит салып берүүнү суранып жатабыз. Мынчалык чоң көлөмдөгү мечитти салуу үчүн чоң каражат талап кылынары айдан ачык. Андыктан, мекендештерибиздин баары ушул ишти сабырдуулук менен күтүп, колдоп турушса деген тилектебиз. Жараткан Алла жар болуп, бул мечит курулуп калса, өлкөбүз үчүн, дегеле жалпы мусулман мекендештерибиз үчүн чоң жетишкендик болор эле.

# Имам БУХАРИ

Абу Абдуллах Мухаммад ибн Исмаил ибн Ибрагим
ибн аль Мугира ибн Бардизбах аль Жуъфи
Х. /194-256/ М. /810-870/



Имам аль Бухаринин өз атынын толук аталышы Абу Абдуллах Мухаммад ибн Исмаил ибн Ибрахим ибн аль Мугира ибн аль Бардизбах аль Жуъфи хижра жыл эсеби боюнча 194-жылы шаввал айынын 13дө жума күнү, григорян жыл эсеби боюнча 810-жылы 21-июлда Бухара шаарында туулган.

Асан Саипов

Имам аль Бухаринин өз атынын толук аталышы Абу Абдуллах Мухаммад ибн Исмаил ибн Ибрахим ибн аль Мугира ибн аль Бардизбах аль Жуъфи хижра жыл эсеби боюнча 194-жылы шаввал айынын 13дө жума күнү, григорян жыл эсеби боюнча 810-жылы 21-июлда Бухара шаарында туулган. Атасы Исмаил ошол доордун илимдүү адамдары Хаммад ибн Зейд жана Имам Маликтен илим алган белгилүү аалымдардан болгон. Исмаил уулу жаш кезинде эле каза болгон. Анын кийинки тарбиясына апасы бүт өмүрүн сарптаган. Күйөөсүнөн калган байлыктын баарын уулунун татыктуу илим алуусуна каржылаган. Имам Бухари жаш кезинде кокусунан эле көзү көрбөй калгандыктан апасы аябай кыйналып, күнү-түнү улуу Аллага жалынып дуба кылган экен. Гунжар аттуу тарыхчынын “Бухара тарыхы” деген китебинде апасынын түшүнө Ибрахим (а.с.) пайгамбар кирип: “Алла сенин чын ыкласыңдан кылган тилегиңди кабыл алды, уулуңа карегин кайтарып берди” дейт. Энесинин кубанычы койнуна батпай эрте менен уулуна чуркап барса чын эле көзү көрүп калган болот. Бул улуу Жараткан Алланын акыркы пайгамбарына берилген өз динине кызмат кылуучу келечектеги улуу аалымга арналган мээрими эле. Имам Бухари кичинекей кезинен эле акылы зирек зээндүү болуп чоңойгон. Ал учурда Бухара Ислам дүйнөсүнүн эң чоң борборлорунан болгондуктан ал жердин белгилүү аалымдарынан 10 жашында эле дарс алууга даяр болгон. Ал билим алууга, илим үйрөнүүгө аябай кызыккандыктан 16 жашында белгилүү хадис аалымдарынан болгон Абдулла ибн аль Мубарак жана Вакиа ибн Жаррахтын хадис китептерин жатка билген. Ислам укугунун негиздерин да өтө жакшы билген.

Хижранын 210-жылында апасы жана агасы Ахмад менен хаж сапарына барып, илимин дагы тереңдетүү максатында куттуу Меккеде калат. Апасы менен агасы үйлөрүнө кайтышат. Ал Меккеге келген учурда билим алуу менен бирге өзү да илим окута баштаган. Айланасына бир топ билим алуучулар топтолгон. Тез-тез пайгамбарыбыздын (с.а.в) шаары болгон Мадинаны зыярат кылып турган. Бул куттуу шаарларда өзүнүн алгачкы китептерин жаза баштаган жана негизги эң чоң эмгеги болгон **“Аль Жами ас-Сахих”** китебин түптөгөн. Ислам дүйнөсүнүн белгилүү борборлорун кыдырып, белгилүү аалымдардан фикх, хадис илимин үйрөнгөн. Өзүнүн айтуусунда эки жолу Сирияга, Египетке, Жазирага, бир канча жолу Басра, Куфа, Багдадда болгон. Мекке, Мадинада алты жыл жашаган. Багдад ошол учурда халифаттын борбору болгондуктан белгилүү аалым Ахмад ибн Ханбал менен бир канча жолу жолугушкан. Ахмад ибн Ханбал Бухаринин Багдадга көчүп келүүсүн да суранган экен учурунда. Бухари ошол учурдун белгилүү хадисчилери Али ибн аль Мадъяни, Яхъя ибн Муин, Мухамад ибн Юсуф аль Фаръяби, Мекки ибн Ибрагим аль Балхи, Мухамад ибн Юсуф аль Пайкенди,

Исхак ибн Рахавейх жана башка белгилүү аалымдар менен жүз көрүшүп жолугушкан. Имам Бухаринин устаздарынын эң улуулары: Басралык Абу Асым ан Набийл, Балхтык Макки ибн Ибрахим, Багдадтык Ахмад ибн Ханбал жана Мухаммад ибн Иса ат Табба, Куфалык Убайдулла ибн Муса, Бухаралык Мухаммад ибн Саламал Пайканди, Нишапурлук Бишр ибн Хакам, Мадиналык Абдулазиз ибн аль Увайс, Райлык Ибрахим ибн Иса аль Хафиз жана Меккелик Абдурахман аль Мукрийлер болгон. Өзүнүн **"Аль Жами ас-Сахих"** китебинде 289 белгилүү хадисчи шейхтердин ысымын атаган. Өз эмгектеринин баарын өз колу менен жазып, башкаларга жаздырган эмес экен. Эмгектеринин көбүн түнкү убактарда жазып, уйкуну да аз уктаган. Ойуна жакшы нерсе келе калса дароо тура калып шамды жагып, жазууну уланткан дейт. Түнкүсүн 20 жолу болсо да туруп кайра жазуудан эринген эмес экен улуу аалым.

Хижранын 250-жылы белгилүү аалым Зухали жана башка аалымдар жашаган Нишапурга келет. Мусулмандар урмат-сый менен күтүп, тосуп алышат белгилүү аалымды. Ал жерде бир канча жыл калгандан кийин өзүнүн туулган жери Бухарага кайра кайтып келет. Бухара элинин баары өз уулун өтө чоң урмат сый менен тосуп алууга чыгышат. Көп жылдар бойу топтоп келген илимин кайрадан Бухарада бере баштайт. Бирок аалымдын кайтып келгендигин уккан Бухара шаарынын эмири Халид ибн Ахмад Зухали жигиттери аркылуу аалымды чакыртып, алдына келип алган илимдерин, жазган тарых, хадис китептери менен бирге ачык окуп, түшүндүрүп берүүсүн буйрук кылат. Имам Бухари жини келип ага баруудан баш тартат жана жигиттерине айтат: "Ким илим алууну кааласа өзү барып үйрөнсүн, мен өзүмдүн илимимди эмирлердин сарайында кор кылбайм, менин жообум жакпаса өзү билсин мени эмне кылышты, сурак күнү Алланын алдында бул мага далил болот, мен эч кимге илимимди берүүнү аяган жокмун" деп жооп берет. Эмир аалымдын бул жообуна жини келип, ал тууралуу ар түрдүү ушактарды жайылтып, аалымды шаардан кууп, бул жерден кетүүсүн талап кылат. Арадан көп убакыт өтпөй Бухарада төңкөрүш болуп эмир өзү да шаардан куулгандыгы айтылат. Бухарадан куулган аалымды Самаркандыктар чакырышты. Алардын чакыруусун Имам Бухари туура кабыл алып, Самаркандга жолго чыкты. Самаркандга 18 км. жакын жерде Хартанг деген айылда туугандарын зыярат кылып, бир канча убакыт туруп калат. Ушул жерде белгилүү аалым кокустан ооруга чалдыгып, 13 күнү кем 62 жаш курагында хижранын 256-жылы Курбан майрамынын түнү бул жалган дүйнө менен кош айтышат. Алла Таала жайын жаннаттык кылсын. Аалымдын кызматында жүргөндөрдүн айтымында имам Бухари бир жолу куптан намазынан кийин: "Оо Жараткан Эгем, жер шаары канчалык кең болсо дагы мага тардык кылып калды, эми аманатыңды ал" деп жалбарганын угушкандыгын айтышкан экен. Белгилүү аалымдын артында миңдеген окуучулары, анын алтынга баалангыс жазган эмгектери калды. Анын окуучуларынын арасында Имам Абу аль Хусейн Муслим ибн аль Хажжаж, Имам Абу Иса ат Термези, Имам Абу Бакр Мухаммад ибн Хузайма, Имам Абу аль Фазл Ахмад ибн Салама ан Нисабури, Имам Мухаммад ибн Назр аль Марвази, Аль Хафиз Абу Бакр ибн Абу Дауд Сулайман ибн аль Ашъас, Мухаммад ибн Юсуф аль Фарбари, Ибрахим ибн Музаккал ан Насафи,



Имам Аль Бухари атындагы институт

Хаммад ибн Шакер ан Насави, Мансур ибн Мухаммад аль Баздани, Абдуллах ибн Мухаммад ибн Абдул Азиз аль Багави сыяктуу белгилүү хадисчи аалымдар жетишип Ислам ааламында белгилүү имам Бухаринин талабалары болушкан. Аалымдын 15тен ашык кол эмгектери ааламга белгилүү болгон. Алардын ичинен эң чоңу **"Аль Жами ас-Сахих", "Аль Адаб аль Муфрад", " Ат Тафоир Аль Кабир", "Аль Муснад аль Кабир", "Китаб аль Илал", "Китаб аль Ашриба", "Кичине тарых", "Орточо тарых", "Чоң тарых"** жана башка эмгектери мусулмандардын эле эмес дүйнө элдеринин кызыгып окуган сүйүктүү китебине айланган. Имам Бухари келечек муун үчүн түгөнбөс кенч кылып таштап кеткен эмгеги **"Аль Жами ас-Сахих"** улуу Алланын китеби Курандан кийинки орунда бааланып, сүйүктүү пайгамбарыбыз (с.а.в)дын чыныгы сүннөтүн изилдеп так жеткиргендигинде. Аалымдын өзүнүн айтуусунда бул эмгекти баштоосунун максаты устазы Исхак ибн Рахавейх бир күнү минтип айткан экен: "Сен пайгамбарыбыз (с.а.в)дын чыныгы хадистерин кыскача топтосоң өтө жакшы болмок" деп. Ушул сүйлөшүүдөн кийин мен чын дилден бул эмгекти жазууга кириштим деп эскерет имам Бухари. Ислам илиминин өркүндөгөн учурунда да мындай чоң эмгекти эч ким жарата алган эмес. Тарыхтын ар кайсы учурунда бул эмгекке ар түрдүү изилдөөлөр, коментарийлер, трактаттар жазылган. Мындан 400 жыл мурун аль Хадж Мустафа ибн Абдулло (1000-1067) "Касиф аз Зунун ан Асами аль Кутубу вал Фунун" деген китептин автору Имам Бухаринин **"Аль Жами ас-Сахих"** китебине 82 ден ашык чоң көлөмдүү коментарийлер жазылганын белгилеген.

# Азербайджан



| Этникалык топ | калктын саны (1990-жылга чейин) | пайыз | калктын саны (2007-жылда) | пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Азербайжандар | 5.805.000 | % 82,6 | 8.411.000 | % 95 |
| Орустар | 392.300 | % 5,5 | 144.000 | % 1.6 |
| Армяндар | 390.500 | % 5,5 | 130.000 | % 1.5 |
| Лезгиндер | 171.000 | % 2,4 | 178.000 | % 2 |
| Аварлар | 44.100 | % 0,6 | | |
| Жөөттөр | 30.800 | % 0,4 | 8.000 | % 0,09 |
| Башка элдер | 80.000 | % 1 | 240.436 | % 2.8 |

Айдоган Калабалык

Өлкөнүн расмий аталышы – Азербайжан Республикасы. Азербайжан Европа менен Азия материктеринин ортосунда жайгашкан Түштүк Кавказдагы өлкө болуп саналат. Азербайжан республикасы түндүктөн Россия жана Грузия, батыштан Армения, түштүктөн Иран, чыгыштан Хазар деңизи менен чектеш.

Азербайжан өлкөсүнүн бүгүнкүсүнөн өтүмүшүнө карай тарыхы:

• Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасы (1921-1991)

• Азербайжан Демократиялык жумурияты (1918-1920)

• Осмон дөөлөтү менен болгон байланыштар (1870-1918)

• Азербайжан хандыгы (1747-1813), Афаштар (1736-1802), Качарлар, (1796-1925), Шеки хандыгы, Карабах хандыгы, Талыш хандыгы, Куба хандыгы, Баку хандыгы...

• Савевилердин доору (1501-1736)

• Аккойундуулар доору (1470-1501)

• Каракойундуулар доору (1380-1469)

• Тимурчулардын доору (1407-1460)

• Алтын Ордо (1336-1400)

• Илханлылардын доору (1256-1336)

• Хорезм шахтын доору (1172-1220)

• Илдениздиктердин атабийлиги (1141-1172)

• Улуу Селжук дөөлөтү (1040-1141)

• Реввадилердин доору (981-1040)

• Салаалилердин доору (941-981)

• Сачилер доору (879-941)

• Ширваншах доору (861-1538)

• Араптар доору (705-879)

• Сабирлер доору (638-705)

• Хазарлар доору(630-965)

• Батыш Көктүрктөр доору (603-630)

• Сиберлер (Сабирлер) доору (500-603) (638-705)

Азербайжан деген аталыш жана анын мааниси тууралуу көптөгөн көз караштар айтылып келет. Айрымдар бул аталыш ушул аймактын элин биздин заманга чейин 323-жылдарда башкарган Атропестин атынан калган дешсе, айрымдар «чөп» деген маанини туюнткан «азер» сөзүнөн келип чыккан деген көз карашты жактап келишет. Бирок бул аймактын этимологиясын талдаган көпчүлүк аталган аймакта узак мезгилдер бою өкүм жүргүзгөн Казар (Хазар) түрктөрүнүн ысымын алга сүрөшөт. Азербайжан деген сөз Хазар деген аталыштан алынганын көпчүлүк булактар да тастыкташарын баса белгилеп кетүү абзел.

Селжук түрктөрү 1015-1021-жылдары Азербайжанга өкүм жүргүзүшкөн. Султан Алпарсландын доорунда түркмөндөр аркылуу ажербайжан элин түрктөштүрүү жеңил жүзөгө ашкан. Азербайжан эли андан кийинки мезгилдерде Илханлылардын кол астына өтүп, дагы бир топ убакыттан кийин Алтын Ордо мамлекетин башкаруу бактысына туш болушкан.

Андан кийин кезеги менен Шеки, Генже, Баку, Дербент, Куба, Нахживан, Реван, Тебриз, Урмийе, Ердил хандыктары өкүм жүргүзүшкөн.

Түрк тилдүү азербайжан эли 1918-1920-жылдары Кавказ курултайын чакырып, анын жыйынтыгында 1918-жылдын 28-майында Азербайжан мамлекетинини өз алдынчалыгын жарыялашат. Арадан көп өтпөй эркин жумурияттын тилегин таш каап Советтер Союзунун курамына кирүүгө аргасыз болушат.

Советтер Союзу курулуп, анын карамагына Азербайжан республикасы да кирет. Мына ошондон тарта Азербайжандын жери саналган Ереван менен Карабахка Армяндар жайгаштырыла баштайт.

Советтер Союзу жоюлары менен 1991-жылдын 31-сентябында көз карандысыздыгын жарыялаган. Ушу тапта Кавказ аймагындагы түрктөрдүн басымдуу бөлүгүн азербайжандар түзөт.

Деңиз деңгээлинен 657 метр бийиктиктеги Азербайжан өлкөсүнүн аймагынын % 50'ын тоолор курчап турат. Тоолору негизинен Чоң Кавказ, Кичи Кавказ жана Талыш тоолору деп аталат. Алардын ичинен бийиктиги 4489 метр турган Туфан тоосу өлкөдөгү эң бийик чоку болуп саналат. Туризм үчүн Хинал, Делидаг жана Кедидаг тоолору чоң мааниге ээ. Өлкөдөгү эң чоң түздүк Кура-Арас талаасы болуп эсептелет.

Дүйнөдө 11 түрдүү климат бар. Мына ошонун тогуз түрүнө Азербайжан ээлик кылат. Тактап айтканда Ажербайжандын ар кайсы аймагынын климаттык өзгөчөлүктөрү бар. Күндүн жылышынын жылдык жылуулугу +10 градустан жогору. Хажыкабул көлү 17,5 $км^2$ өлкөдөгү эң чоң көл болуп саналат. Ошондой эле Хазар Деңизине куйган жана 1364 км узундуктагы Кура дарыясы дарыялардын эң узуну деген аталышка ээ. Кура дарыясынын бир колу саналган Арас дарыясынын узундугу 1072 километр.

1990-жылдын январ айындагы окуялардан кийин, тактап айтканда Карабахтын орустар жана армяндар тарабынан басылып алынышы себептүү өлкөдөгү армяндардын баары ал жака көчүп кетишкен. Азербайжандын Карабахтан башка эч бир жеринде армян улуту калган эмес.

Калктын өсүү темпи %0,89'ды түзөт.

Жогорку Карабах

Аянты: 4.400 чарчы км, калктын саны: 295.000

Азербайжан мамлекетинин жери саналган Карабахты Армяндар басып алгандыктан, бир миллионго жакын азербайжан ал аймактан көчүп кетүүгө мажбур болушкан. Армяндар БУУнун жана ОБСЕнин чыгарган чечимине карабай ушуга чейин басып алган аймакты бошотпой келишет.

Азербайжан калкынын %94'ы мусулман (көпчүлүгү шии). Калктын калган %4'ы христиан (көпчүлүгү Орус Ортодокс чиркөөсү, Грузин Ортодокс чиркөөсү жана молокан). Иудей ишенимин кармангандар өтө аз.

Көз карандысыздыгынын алгачкы жылдарында экономикалык абал өтө кыйын кырдаалды баштан кечирген. Акча биримдиги кризиске кабылып, манатты колдонууга аргасыз болушкан. Бирок түшүмдүү кең жери, табийгый газы, мунай жана темир кендери экономикалык кризистен чыгып кетүүгө өбөлгө түзгөн. 2000-жылы күнүмдүк чийки мунайды өндүрүүнүн өлчөмү 600. 000 барелге жеткен.

1991-жылдары күнүмдүк газ өндүрүүнүн өлчөмү 11 миллион $m^3$ болгон. Ушу тапта табийгый газдын запасы 2 триллион кубметр, мунайдын запасы болсо 8 миллиард барель деген божомол бар. Асырессе өлкөдө петрохимия, азык-түлүк, кийимкече өндүрүшү сыяктуу жеңил өнөр жайлар өсүп келе жатат.



Борбор шаары Баку

Азербайжан өлкөсүнүн экономикасында мал чарбачылыгы зор мааниге ээ. Эң акыркы маалыматтарга ылайык Азербайжанда 1,5 миллион уй, 5 миллион кой, 30 миллион үй канаттуусу бар. Айрыкча аары кармоо, бал чарбачылыгы да бир кыйла өнүккөн.

Азербайжанда билим берүү башка түрк тилдүү өлкөлөргө караганда бир топ алдыга кеткен. 1991-жылдагы статистикалык иликтөөлөр көрсөткөндөй өлкөдө 4775 мектепте 1.503.000 окуучу окуган. Бүгүнкү күндө мектептин саны өлкө боюнча 5.000 ге, окуучунун саны болсо 1.600.000 ге жеткен.

Азербайжанда 6.500 маданий комплекс, 4.605 китепкана, 125 музей, 125 музыкалык окуу жай, 42 элдик театр, 3.608 маданият үйү бар. Калктын окуп, жазуу жетишкендиги %97.5'ды түзөт. Баку-Азербайжан мамлекеттик университети жана мунун карамагындагы институттар илим, техника, медицина, маданият жана башка кесиптик тармактарды өзүнө камтыйт. Жогорку окуу жайларында өлкө жарандарынан башка чет элден келген студенттер да билим алышат.

Азербайжан мамлекети БУУ, ОБСЕ, МВФ өңдүү дүйнөлүк ири уюмдарга мүчөлүккө кабыл алынган.

# ЖАРАКА




Акылбек Халбеков

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү эң чоң көйгөй катары бөлүүчүлүктү жана бөлүнүүчүлүктү айтууга болот. Курулган үлкөн биримдиктер да бөлүүчүлүк оюнуна кызмат кылууда. Бөлүүчүлүк жана бөлүнүүчүлүк көйгөйү болгондо да кыяматты чакырган түргө өттү алкынып. Бул каргаша адамзатты түбөлүк элдешкис кылып, бири бирине касташтырып, кызыл кыргынга жеткирди.

Буга мисал катары Чеченстандагы, Ооганстандагы, Ирак, Судан жана башка мусулман өлкөлөрдөгү массалык кыргынды айтууга болот. Кыруучулардын кимдер экенин, максатын билгендер да, билбегендер да бар. Суук кабар катары айта кетейи, демократтар тарабынан түзүлгөн Экономикалык Эсептөөлөр Конгресси (JEC) тарабынан иликтенип, даярдалган рапорт тастыктагандай Ирак менен Ооганстандагы согуштар үчүн Америка 2008-жылдын эсебин кошкондо 1триллион 600 миллиард $ сарптаптыр. Нобел сыйлыгынын ээси, Америкалык экономист Жозеф Е. Стиглитз менен Гарвард университетинин финансылык башкы адиси Линда Ж. Билместин эсептөөлөрү боюнча Ирактагы бир күндүк согушка 720 миллион $ сарпталат экен. Бул деген ал жердеги согуштун минутасына 500.000 $ кетет дегенди түшүндүрөт.

Бул дүйнөнүн дөө-шаа өлкөлөрүнүн бөлүүчүлүк, күнкорлоштуруу саясатынын жемиши. Ошол эле учурда дүйнөнүн мен кыйын деген өлкөлөрүнүн айрымдары өз ичинен ирип, дарты оорлошуп кеткенин жашырганы менен, анысы ачыкка чыгып, алапайын таппай калгандары бар. Эми муну жаза берсе кагаз түтпөс, андан көрө темабызга кайталы.

Козголо турган негизги маселе диндеш биртуугандыктын зарылдыгы...

Бөлүүчүлөр башкалар экен. А өз ара бөлүнүп, бөрүлөргө жем болгондор кимдер? Же диндеш биртуугандыктын зарылдыгы жокпу? Биз диндеш биртуугандыгыбызды кантип тастыктайбыз?

Бир үйбүлөдөгү аталаш, энелештердин бир туугандыгын ата-энеси, алар жок болсо, элкаттоо мекемеси өздөрүнүн китебинен карап, тастыктап беришет. Ал эми Америкадагы же Кытайдагы мусулман кантип мага биртууган боло алат? Биз биртууганбыз десек, балким дөөшаалар соту тастыктоону талап кылар. Албетте, мындай абалда китебин ачкан элкаттоочулар өңдөнүп мен да Алла Тааламдын Китебинен Хужурат сүрөсүн ачып көрсөтөм. Анда «Момун мусулмандар биртууган!» деп бадырайып жазылып турат.

Негизинен мүлдө адамзат бир ата, бир энеден тараган. Баарыбыз Адам Ата менен Обо Эненин урпагыбыз. Миңдеген жылдардын өтүшү менен биртуугандарыбыздын өң-түсү, кебете-кешпири, тили, дини өзгөрсө да Адам Атанын урпагы болуудан кутула алышкан эмес, кутула да алышпайт.

Азыр жер бетинде 7миллиард адам жашайт. Бул көрсөткүч 7 миллиард түр түшүнүк, 7 миллиард кы-

зыкчылыктын жашап жатканын каңкуулайт. Ушу кезге чейин 7миллирад жашоо ыңгай менен 7 миллиард кызыкчылыкты бир нукка сала турган идеологияны эч ким ойлоп таба албай койду. «Таптым!» дегендердин айрымдарынын ой-кыялы китепканалардын текчелериндеги чаң баскан китептерде калып кетти. А айрымдарынын канында баягы эле жеке кызыкчылык ойноп, ойлоп тапкан «измдери» менен түрдүү системалары ишке жарап, бөлүүчүлүккө, бөлүнүүчүлүккө жеткирди. Натыйжада кызыкчылык аттуу жаман вирус мусулмандарга да жугуп, өгүзүм өлбөсүн, арабам сынбасын түшүнгүнө кишенделген бойдон жер карап туруп бердик.

Жанагы 7 миллиард түр түшүнүктү бириктирүүнүн жол-жобосу жазылган Куран колубузга эчак берилгенине карабастан, акылга келе албадык. Билимдин тайыздыгынанбы? Болушу толук ыктымал, бирок ыйманыбыздын алсыздыгынын кесепети экени кашкайган чындык.

Диндеш биртуугандыктын мыкты үлгүсүн Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) көрсөтүп кеткен. Алла Элчисинин жанынан карыш жылбаган Билал ким болгон? Түсү кара болгону менен ич ааламы нурга, ыйманга толгон ыкластуу мусулман болгон. Сахабадан бирөө уймүйүз тартып олтурган мусулмандарга суу тарата баштайт. Биринчи кесе албетте, төрдө олтурган Кутман Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) узатылат. Андан кийинки кесе анын сол жагында олтурган Азирети Абу Бакирге узатылганы калганда Азирети Пайгамбарыбыз оң жактан узатууга буйруйт. Оң жагында ким бар? Эфиопиялык Билал. Каапырлардын каардуу азабына моюн сунбай, дин Исламды туу туткан Азирети Билал ар дайым дасторкондо Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) оң жагынан орун алчу экен. Азирети Пайгамбарыбыз кембагал, алсыз, оорулуу мусулмандардын үйүнө чейин барып, кабар алып, саламаттык тилеп, алар менен бир дасторкондон даам сызган нары жупуну, нары адамгерчиликтүү инсан болгон. Ал ошол эле маалда жаңы түптөлгөн Ислам мамлекетинин жолбашчысы болгон.

Дүңгүрөтүп дүйнөнү бийлеп, адам укугу, теңчилик деп жар салган азыркы атаман өлкөлөрдүн абада калгыган ажолору өлүп кетсе да шоопуру менен бир дасторкондо тамактанбайт.

Дүйнөдө будуң-чаң чыккан жерлерге калыстык деген абийир дүрбүсү менен карай турган болсок, таштталканы чыгып, азап тарткандын дээрлик көпчүлүгү мусулмандар. Системаны оңдойбуз, адам укуктарын коргойбуз дегендин баары ыймансыздар экени көзгө урунат. Аргасыздан, аттиңай.... дейсиң.

Саламаттыгы мыкты, күчтүү дене сырттан келген микропторду өзүнө жуутпайт. Денеге кайдыгер каралып, тазалык сакталбаса, чара көрүлбөсө микропко жеңилип, оор илдетке чалдыгат. Бул турмуштан алынган акылга төп чындык.

Алла Таала «Бириккиле, бөлүнбөгүлө, бекем жабышкыла!» деп Ислам аттуу бир учугу Өз Кудуретине байланган жипти (мыкты түзүлүш, изги системаны) таштаган. А биз болсо, турмуш чындыгынан сабак албай, Куранга да, сүннөткө да салкын мамиле жасап, убактылуу көйгөйлөрдүн жообун башка жактан издемейге өтүп, дөө-шаалар оюнунун курмандыгына айландык.



Ислам ааламынын улуу ойчулу, белгилүү укукчу аалым Юсуф ал-Кардавинин пикирине назар буралы: «Күчтүү түбөлүк күчтүү бойдон, алсыз түбөлүк алсыз бойдон калбайт. Алла Таала Куранда: «Биз жеңиш ооматын бирде бул жакка, бирде тигил жакка берип турабыз» маанисинде үмүт отун тутанта турган кабар айткан. Бүгүн алсыз болсок, эртең тажрыйбага байып, күчкө толобуз. Маңыроо тартып, кол көтөрүп бербешибиз керек. Талыкпай эмгектенүү зарыл. Анткени жаркын келечек тууралуу Куран менен сүннөттө айтылган бир топ сүйүнчү кабарыбыз бар».

Американын Иракта 140.000 аскери бар. Америкада 20.000.000 мусулман бар. Жыл сайын Иракта миңдеген америкалык аскерлер өлүп жатат. Ошол эле учурда Америкада көп адам Ислам динин кабылдап мусуман болуп жатат. Акыр аягында эмне болот? Бул абалды Анбия сүрөсүнүн 44-аяты чагылдырып жатканын кайда жашырабыз.

Тарыхка кылчая турган болсок, дүйнөдө өкүм жүргүзүп келген канча система, кандай гана түзүлүш болбосун эч бири Исламчалык узун өмүрдү жашай алган эмес. Атап айта турган болсок, кутман халифалар бир кылымга жакын, Аббаси дөөлөтү 500 жыл, Бабур шах 400 жыл, көп улуттарды, көп элдерди калыс кучагына алган Осмон дөөлөтү 600 жыл бою ынтымакта өмүр сүргөн. Мунун сыры диндештик сезимдин жандуулугунда жатат.

Акырында айтайын дегеним Исламдын камкордугу, калыстыгы, адилет укугу, асыресе кылымдар көөнөрсө да көөнрбөгөн руханий баалуулугу ыйманга келүүнү каалаган жалпы абамбаласына бирдей. Кеп кылынган маселеге айрыкча өз өлкөбүздөгү диндеш биртуугандарым көңүл бурса деген тилек. Келгиле анда, ойлонолу.... Тынчтыкка, бirимдикке, ынтымакка умтулалы...

# Чылым чегүү көйгөйү



Токонов Кубанычбек

***«Биринчи байлык ден-соолук, экинчи байлык ак жоолук»*** деп элибизде айтылып жүргөндөй, адам баласына эң биринчи ден-соолук керек эмеспи. Ден-соолугуң чың болбогон соң байлыктын да, бийликтин да кереги жок. Ырас, ар бир адам саламаттыкта жашоону каалайт. Учурда ден-соолукка зыянын тийгизген нерселердин түрү көбөйдү. Анын бири – чылым чегүү.

Чылым чегүү бүгүнкү күндүн олуттуу көйгөйлөрүнүн бири десек эч жаңылышпайбыз. Учуруда, тилекке каршы, бул жорук болуп көрбөгөндөй күч алды. Мурун чылым чегүү улуу кишилерде гана сейрек кездешчү эле. Бүгүн күн өткөн сайын аял-эркек, жаш-кары муну адатка айландыргандардын саны арбып барат. Жада калса бешиктен бели чыга элек жаш өспүрүмдөрдүн да чылымдын курмандыгына айланып бараткааны ээнди кейитет.

Бул көйгөйдү кандайча, кантип жойсо болот?

Албетте, аталган көйгөй жалпы коомчулукта болуп жаткандан кийин муну жеке бир адам чечип койчу оңой-олтоң иш эмес. Ошондуктан, бул көйгөйдү жалпы коом биргеликте аракет кылып, чогу чечүүсү зарыл.

Тамекинин күнүмдүк турмуштагы зыяндары:

1. Чылым үй-бүлөлүк казынага зыян келтирет. Бир күндө 10 сомдук тамекиден бир куту чеккен адам айына 300сом, ал эми бир жылда 3650 сом зыянга учурайт;

2. Балага терс тарбия берүү, ага терс үлгү болуу. Ырас, атасы чылым чеккен соң баласынын муну адатка айлантпашына эч ким кепилдик бере албайт;

3. Убакытты туура колдоно албоо. Бир даана тартуу үчүн 3 минута кетсе, бир күндө бир куту тамеки үчүн бир саат, бир айда 30 саат, бир жылда 365 саат убакыт текке кеткен болот;

4. Тамеки көз карандылыкты пайда кылат. Тамеки чеккен адам белгилүү убакыттан кийин анын курмандыгына айланышы толук ыктымал;

5. Чылым чеккен адам ар качан жагымсыз жыттанып жүрөт.

Тамекинин ден-соолукка тийгизген терс таасирлери:

1. Тиштин бузулушуна жол ачат;

2. Чач-тырмактарга да олуттуу зыян алып келет;

3. Беттин терисин былбыратып, сулуулугун жоготот;

4. Жүрөк, өпкө, бөйрөк ооруларына чалдыктырат;

5. Ашказандын начарлашына алып келет;

6. Рак оорусуна да жол ачат.

**Статистика боюнча тамекинин айынан набыт болгондордун саны:**

Россия федерациясынын саламаттыкты сактоо министрлигинин билдиргенине таянсак, ал жакта тамекинин айынан ооруп өлгөндөрдүн саны жыл сайын 330миңден 500миңге чейин жетет.

Кыргызстандын саламаттыкты сактоо министрлигинин билдиргени боюнча, дүйнө жүзүндө жыл сайын тамекинин айынан көз жумгандардын саны 5 миллионго чейин жетет. Бул көрсөткүч ар бир мүнөт сайын 10 киши тамекинин айынан көз жумууда дегенди түшүндүрөт.

Жогорудагы статистика боюнча тамекиден өлгөндөр менен **ВИЧ/СПИД** оорусу менен өлгөндөрдү салыштырып келсек, тамекиден өлгөндөрдүн саны **СПИД** менен өлгөндөрдөн 40пайызга көп.

Андыктан, келгиле боордоштор, бул көйгөйгө каршы жапа тырмак аракет кылалы.



Жогорудагы статистика боюнча тамекиден өлгөндөр менен **ВИЧ/СПИД** оорусу менен өлгөндөрдү салыштырып келсек, тамекиден өлгөндөрдүн саны **СПИД** менен өлгөндөрдөн 40пайызга көп.



# Тамеки берчи

Саламаттыкты сактоо министрлиги эскертет:
**Тамеки чегүү сиздин ден-соолугуңузга зыяндуу!**




Тамеки берчи;
Азыр эле бирөөнөн сурап чектим,
Чөнтөк кагып махорка бурап чектим
Калган калдык бучокту курап чектим
Эй, байкачы, көзүңдү ач астыңдагы
Ахурканы упузун тепсеп кеттиң.

Тамеки берчи;
Жок калды деп шыпшынып чөнтөк кагат
Акыркы деп бирөөнү оозго салат
Карап турган башканы тамшандырат
Түтүнү бур-бур этсе шыпшынышып,
Чегишели калтыр деп жалдырашат.

Тамеки берчи;
Кое турчу деги азыр калтырайын
Мейли чек дейт күтөйүн шаштырбайын
Суранчаакты мен кайдан жактырайын,
Арасына асмайдан кошуп туруп,
Ал эми деп бир күнү каптырайын.


Тамеки берчи;
Айланайын ушунча суранбачы,
Ар башкача никотинге ууланбачы,
Жаңы эле бой тарткан кээ бирөөлөр
Ошо менен алек ко курган башы,
Кай жерден бир сором деп туралбашы.

Тамеки берчи;
Эми айтаарым мен сага сатып чеккин,
Каалашыңча койнуңа катып чеккин
Маа демектен жүгүрүп, басып чеккин,
Каршы болбойм деги эле көздөн чыксын
Эки бутуң көтөрүп жатып чеккин.

Тамеки берчи;
Мээ... тамеки чеккиниң кумар кансын,
Өпкөңдүн тешиктерин жараласын,
Кан тамырың денеде салааласын.
Берчилейт деп айтканды жаман көрсөң,
Өмүрүңдү кыскартып араалайсың.
Чегип алып тынчый көр жаным калсын.

Эркинбек Кудабаев
акын

# АДАМДАР ДҮЙНӨСҮ



Бул дүйнө түркүн сырларга бай экендигин ар кимибиз эле билсек керек. Себеби, биздин билгенден биле элегибиз көп чынында. Ал гана эмес ааламга жол салып, космосту багындырган технологияны ойлоп тапкан, өсүмдүк жана жандыктардын клеткаларынын ичине саякат жасап, алардын ар биринин курамын изилдеп чыккан окумуштуулардын дагы эле болсо башын ооруткан суроолор көп.

Бакыт Жунусалиев

Бул дүйнө түркүн сырларга бай экендигин ар кимибиз эле билсек керек. Себеби, биздин билгенден биле элегибиз көп чынында. Ал гана эмес ааламга жол салып, космосту багындырган технологияны ойлоп тапкан, өсүмдүк жана жандыктардын клеткаларынын ичине саякат жасап, алардын ар биринин курамын изилдеп чыккан окумуштуулардын дагы эле болсо башын ооруткан суроолор көп. Демек, дүйнө түркүн кызыктарга бай экен. Кызыктар дүйнөсү дегенде оюбузга жаныбарлар менен өсүмдүктөр келет эмеспи. Көрсө, адамдардын ичинен да таң калтырарлык өзгөчөлүктөргө ээ болгондор аз эмес экен. Бул санымызда мына ошол «Адамдар дүйнөсүнө» бир саякат жасап көрүүнү чечтик..

АКШнын көптөгөн адамдары ашыкча семирип кетүүдөн жапа чегишери белгилүү. Бирок, бул нерсе айрымдардын атагын дүйнөгө таанытып, «эң алдынкылардан болууга жардам берет. Мисалы, гиннестер китебине кирген эң семиз адам катары 1963-жылы Вашингтондо туулган Джонс Бровер Миннок катталган. 1966-жылы анын салмагы 317 кг. болгон. Жүрөгүнүн оорусунан улам 1978-жылы ооруканага жатканда анын салмагы 635 кг.га жеткен. 1981-жылы оорудан улам каза болгон Джонс Бровер Миннoктун салмагы 362 кг., ал эми бою 1,85м. болгон.



Ал эми бул багытта айымдардын арасындагы рекорд да АКШнын тургуну 1943-жылы туулган Розали Брэдфордго таандык. 1987-жылы анын салмагы 544 кг. эле. Жүрөк ооруусунан улам врачтардын койгон диетасын толук карманган Розали Бредфорд 1994-жылы салмагын 128 кг. га чейин түшүрө алган. Ал эми Улуу Британияда туулган Мюриэл Хопкинс айым 47 жашта, бою 1,80 см. болуп, 278 кг. салмакка ээ эле. 1971-жылы анын салмагы 301 кг. га жеткен.

Мындай салмак үч уктаса түшүнө кирбегендер да жашап өткөн. Андайлардын катарында Англиялык Хопкинс аттуу «мырза» жана Мексикалык Лючия Сарате айым бар. Хопкинс жети жашында 8,6 кг. болсо, 17 жашында (ушул жашта өлгөн) болгону 6 кг. салмакта болгон. Ал эми Лючия Сарате айым эргежээлдердин катарына кирген, б.а. 17 жашында бою 67 см., салмагы 2,13 кг. болгон. Жашы жыйырмага келгенде ал бир топ «семирип» калган эле. Себеби, ошол учурда ал түшкөн тараза 5,9 кг. ды көрсөткөн.

Эркектин көркү сакалда деп коет эмеспи. Мына ошол «сыймыгы» менен сыйлыкка жеткендер да бар экен. Алардын бири Норвегиялык Гангс Лангсет болуп эсептелет. 1927-жылы өлөр алдында анын сакалынын узундугу 5 метр 33 сантиметрге барабар болгон. Эң кызыгы – анын сакалы азыр Вашингтондогу Смитсоновск музейинде сакталуу экен.

Ошондой эле ийгиликке жетишүү үчүн Индиялык Кальян Рамджи Саин көп аракет кылган. Болгону ал сакалын эмес мурутун өстүргөн. 1993-жылдын июлунда анын мурутунун жалпы узундугу 3 метр 39 сантиметрге жеткен, б.а. оң жагы 1 метр 72 сантиметр, сол жагы 1метр 67 сантиметр узундукта болгон. Кальян Рамджи Саин мурутун 1976-жылдан бери өстүрүп келген экен.

Баарынан кызыгы – бул жарышка аялзатынан да катышууга бел байлаганы болуп эсептелет. «Манастан Чубак кем бекен» дегендей, Кентуки штатында (АКШ) жашаган Дженис Девери эркектерден кем калышпай, кадимкидей сакал өстүргөн. 1884-жылы анын сакалынын узундугу 36 сантиметрге жеткен.

Кандай болбосун, адамдар биринчи кезекте сырткы келбетке көп көңүл бурушат эмеспи. Себеби, арык болобу, семиз болобу, сулуулугу менен башкалардан айырмаланып турууну баары эле каалашат. Ал эми сулуулуктун «өзгөчө» түрүнө басым жасаган калк Африкадагы падаунг уруусу болуп эсептелет. Бул уруунун аялдары сулуулукту мойнунун узундугу менен өлчөшөт, б.а. мойнун узартуу үчүн ага чоң шакекчелерди тагышат. Мына ушундай «сулуулардын сулуусу» өзүнүн 40 см. узундуктагы мойну менен Гиннестер китебине кирүүгө жетишкен.

Ошентип, бирөө өз кызыкчылыгы үчүн күрөшүп келсе, башкалар үчүн туяк калтырып тукумун өстүрүү негизги орунда турат. Буга мисал катары 1725-65-жылдар аралыгында 27 жолу төрөгөн орус дыйкандын аялын айтсак болот. Алардын 16 сы эгиз, 7 си үч эм, 4 сү төрт эм болуп төрөлгөн. Ал эми Улуу Британиялык Элизабет Гринхил болсо 39 жолу төрөп, 32 кыз, 7 уулдун энеси болуу бактысына арзыган.

Ал эми полигамияга (көп аял алуу) уруксат берилген өлкөлөрдө бул сан суу кечпей калат. Алсак, Марокконун султаны Мулай Исмаил (1672-1727-жж.) 31 жашында 525 уул, 342 кыздын атасы болгону айтылат. Ал эми 49 жашка чыкканда анын 700-баласы жарык дүйнөгө келген экен.

Ошол эле учурда өзүнөн тараган муундун көптүгү менен өзгөчөлөнгөн адамдар да бар. Мисалы, АКШнын Пенсильвания штатында жашаган Сэмюэл Мает 1992-жылы 96 жаш курагын өзүнүн жалпы саны 824 кө жеткен «туяктары» менен чогуу белгилеген. Ал учурда анын 11 уул-кызы, 97 небереси 634 чөбөрөсү жана 82 кыбырасы болгон.

Ал эми АКШнын Висконсин штатынын тургуну Огаста Бандж 1989-жылы өзүнүн 7-муундагы небереси жарык дүйнөгө келгенде болгону 110 жашта эле.

Ушундай эле бакытка туш болгон аз сандагы ымыркайлардын бири да АКШнын кичинекей тургуну Меган Сью Остин эле. Болгону ал төмөнкү эмес жогорку муундагы «урпактары» менен мындай сыймыкка арзыган. 1982-жылы туулган Остиндин жээнтек тоюн ошол учурда 3-муундагы чоң ата, чоң энелерин жана алардын туугандарын камтыган 19 кишиден турган толук бир «команда» куттуктап келген эле.





# ЖАБАРЛАР

## Кыргызстан мусулмандарынын ичинен шарият илимин жайылтуучулардын бир чырагы өчтү

2008-жылдын 16-апрель күнү Кыргызстан мусулмандары, дин илимин окуган адамдар үчүн чоң жоготуу болду. Бир учурда Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгын жетектеген, муфтийлик кызматты татыктуу аркалаган, көптөгөн дин кызматкерлеринин устазы болгон молдо Абдисаттар Мажит уулу жетимиш үч жашында ааламдан өттү.

Улуу устаттын жаназасына кошуна мамлекеттерден, айрыкча Өзбекстан жана Тажикстандан белгилүү дин аалымдары келип катышышты. Акыркы сапарга узатуу расми жогорку деңгээлде өттү. Себеби, ал киши көп жылдар бою Душанбе шаарында жашап, шарият илимин Орто Азияга жайылткан инсан катары таанымал эле. 1996-жылдан 2000-жылга чейин Кыргызстан мусулмандарынын муфтийи болуп иштеген.

Молдо Абдисаттар аксакал тууралуу Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи Мураталы ажы Жуманов буларды айтты: «Насип кошулган экен Кадамжайга мен өзүм барып, жаназасын окуп, акыркы сапарга узатуу расмына катыштым.

Ал киши өзү абдан жөнөкөй, кичи пейил, мыкты адеп-ахлагы менен чыныгы Исламдын жүзүн чагылдырган, жүзүнөн нур тамган адам эле. Абдисаттар аксакалыбыздын көз жумушу менен Ислам багытында, Кыргызстан мусулмандарынын арасында шарият илиминин жайылтуучулардын бир чырагы өчтү. Ал кишинин көзүн көргөн, ошол кишинин тарбиясын алган жарандар үчүн бул киши чоң үлгү, залкар өрнөк эле. Азирети Пайгамбарыбыздын: «Менин үммөтүмдүн эң кайырлуусу, Курандан таалим алып, аны башкаларга үйрөткөндөр» деген хадисине ылайык иш жасаган, ушул хадиске төп келген инсан эле.

Бул кишилер кыйын кезеңдерде, дин басмыраланып турган учурларда илим алышкан. Алган илимин өмүрүнүн акырына чейин жайылтып, шарият илимин жетик билген, түшүнгөн шакирттерди таштап кетти. Алла Таалам ал кишинин ак кызматын, жакшы амалдарын, ыйманын, илимин өзүнө жолдош кылып бейишинен орун берсин демекчибиз! Биз жалпы мусулмандардын атынан молдо Абдисаттар аксакалыбыздын үй-бүлөсүнө, тууга ндарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз! Сабырдуулукка, кайраттуулукка чакырабыз!».

## Феликс Кулов кичи жана орто көлөмдүү энергетиканы өнүктүрүү Дирекциясын жетектейт

Кыргызстанда, экс-премьер-министр Феликс Кулов жетектей турган, кичи жана орто көлөмдүү энергетиканы өнүктүрүү Дирекциясы түзүлдү. Бул тууралуу Указга КР президенти Курманбек Бакиев кол койгондугун өлкө башчысынын маалымат кызматы билдирди.

Указга ылайыктуу, Дирекция оз алдынча юридикалык орган болуп эсептелет жана өзүн өзү каржылоо принцибинде иштейт. Анын функциясы болуп, республиканын энергетика тармагын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат. (Бишкек – ИА «24.kg»)

## Кыргызстанда 1916-жылы эмне болгон?

Кыргыз парламенти Орусия Мамдумасына кайрылып, Орусия тышкы иштер министрлигинин билдирүүсүнө капачылыгын билдирди. Орусия тышкы иштер мекемеси кыргыз парламентинин 1916-жылдагы кыргындын курмандыктарын эскерүү күнү катары жарыяланышы эки өлкөнүн алака-катышына доо кетирет деп айткан.

18-апрелде кыргыз парламентинде 1916-жылдагы окуяны кандай атоо керек деген маселе каралган. Адегенде ал жылды тукум курут кылуу саясаты деп атоо сунушу болуп, бирок Орусия менен Кыргызстан ортосундагы азыркы алакаларды эске алуу менен жумшартылган – Улуу үркүндүн курмандыктарын эскерүү күнү деген бүтүмгө токтолушкан эле.

## Илимий конференция: "Жаныбек казы жана басмачылар кыймылы"

Жогоркудай аталыштагы илимий жыйын Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде өтүп жатат. Анда кезинде реакциячыл кыймыл катары бааланып келген басмачылык кыймыл, Жаныбек Казынын тарыхтагы орду талкууланат. Улуу Октябрь революциясынан кийин Кыргызстандан чыгып кеткен Жаныбек Казы тууралуу ал жашап өткөн Кытайда, Пакистанда, Түркияда көп таржымалдар айтылып жүрөт. Жаныбек Казынын кыргыздын чыгаан инсандарынын катарына кошуп келаткан окумуштуулар анын таржымалын иликтөө зарыл деп санашууда. (http://www.azattyk.kg)

# Жадыраган жаздын келиши менен өлкөбүздө «ИЗГИ» аттуу жаңы фонд түзүлдү

ИЗГИ
коомдук фонду

«ИЗГИ»де кимдер бар?

Эртеңге кайдыгер карабаган ыймандуу, ак ниеттүү мекенчил жаштар бар. «ИЗГИ»нин курамы чет өлкөдөн жана өз өлкөбүздөн жогорку окуу жайларды бүтүргөн, түрдүү илимдерди жактаганга бел байлаган интелектуалдык деңгээли бийик, дүйнө таанымы кенен, акыл-көрөңгөсү терең, калыстыкты, чынчылдыкты сүйгөн, арнамыстуу жана адамгерчиликтүү инсандардан турат.

«ИЗГИ»нин негизги максаттары

Коомчулуктагы жардамга муктаж мекендештерибизге анын улутуна, тилине жана башка айырмачылыктарына карабастан материалдык жана рухий өнүттөн колдоо көрсөтүү;

Жаштарга өлкөбүздү, тилибизди жана рухий баалуулуктарыбызды, асыресе, динибизди сүйдүрүү үчүн зарыл иш-чараларды көрүү;

Диний окуу жайлардын сапаттык деңгээлин жогорулатуу үчүн мыкты программаларды иштеп чыгып, демөөрчүлөрдүн жардамы менен алардын материалдык базасын чыңдоо;

Диний окуу жайларды бүтүргөн жаштарга иш табууга көмөк көрсөтүү;

Мекендештерибиздин руханий ахлактык билимин, түшүнүгүн жогорулатуу үчүн маңыздуу лексияларды, конференцияларды жана курстарды өткөрүү;

Демөөрчүлөрдүн колдоосу астында оорукана, бала-бакча, мектеп, мечит жана медресе өңдүү элге керек болгон имараттарды куруу.

«ИЗГИ» коомдук фонду алгачкы саамалыгын Нарын шарында өткөрүп келди. 20-апрель күнү Нарын шарынын музыкалык драм театрында Азирети Пайгамбарыбыздын туулган күнүнө карата «Куттуу жумалык» салтанатын «ИЗГИ» коомдук фонду өткөрдү. Салтанатка облустун казысы баш болгон динаятчылар, облустук жетекчиликтин, шаардык мериянын жана аксакалдар кеңешинин бир катар өкүлдөрү катышып, куттуктоо сөздөрүн айтышты. «Куттуу жумалык» салтанаты ыйык Куран менен башталып, Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед Мустафа тууралуу кенен маалыматтар, ырлар менен коштолду. Келген конокторго Ардактуу Пайгамбардын нарктуу хадистеринен насааттар айтылды. Салтанаттын аягында келген конокторго сый тамак берилип, «ИЗГИ»чилер элдин батасын алышты.



"ИЗГИ" Коомдук фондунун президенти Абдусамат Орозов





экинчи басылышы





*Биздин китептер, сиздер үчүн!*



ЖЧК "БАШАК"
"BASHAK"
LIMITED LIABILITY COMPANY


Биздин дарек: Шабдан Баатыр (Алма Ата ) көчөсү 4-Б, 5-кабат
Тел: (0312) 533312, 531125




жаңы




жаңы




жаңы